60.5 (кнр)
А 92

Б. 60.5 (Кыр)
А 92

*Аттокуров Токтосун*

*Абдиева Жеңишгүл Камбаровна*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ОЙЛОР ЖАНА СОЦИОЛОГИЯ

**(Студенттер жана мугалимдер үчүн окуу куралы)**

**Ош-2012**

60.5 (Кыр)
А 92

Кыргыз Республикасынын билим берүү

жана илим министрлиги

Ош мамлекеттик университети

*Аттокуров Токтосун*
*Абдиева Жеңишгүл Камбаровна*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ОЙЛОР ЖАНА СОЦИОЛОГИЯ

**(Студенттер жана мугалимдер үчүн окуу куралы)**

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 967238
8030
12

Ош - 2012

УДК 158.7

ББК 92

А94

Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңешинин 2012-жылдын 4-апрелдеги №7 жыйынынын токтому менен басмага сунуш кылынган.

Рецензия жазгандар:

- Мурзакматов А., философия илимдеринин кандидаты, доцент

- Токоева Г.А., философия илимдеринин кандидаты, доцент

А 94 Аттокуров Т., Абдиева Ж.К.

Кыргызстандагы социалдык ойлор жана социология.

Студенттер жана мугалимдер үчүн окуу куралы. Ош-2012

104-бет.

Бул окуу куралында Кыргызстандагы социалдык ойлор жана алардын улуу «Манас» эпосунда чагылдырылышы, акыл түшүнүктөрү, андагы кыргыз коомунун өнүгүшүнүн баскычтары жөнүндө, социологиялык изилдөөлөрдүн өнүгүшүнүн этаптары жана социология илиминин калыптанышы, Жусуп Баласагындын, Калыгул Бай уулунун, Арстанбек Буйлаш уулунун, Молдо Кылычтын социалдык-саясий ой пикирлери камтылып, социологиянын бир топ проблемаларына көңүл бурулду.

ISBN 9976-24-036-8

А 0302010002-07

ISBN 9976-24-036-8

УДК 158.7

ББК 92

## Биринчи бөлүк

## Кыргызстандагы социалдык ойлор жөнүндө

Кыргыздардын социалдык-саясий көз караштары жөнүндө сөз болгондо, изилдөөчүлөр биринчи кезекте «Манас» эпосун назарда тутушат.

«Манасты» биринчи жазып алуу жана анын текстерин окуп үйрөнүү XIX кылымдын экинчи жарымынан башталган. Мындай демилге таланттуу казак окумуштуусу Чокан Валихановго таандык. Ал эпосту гректердин «Илиадасы» менен салыштырып, «бүтүндөй кыргыз чындыгынын энциклопедиясы»[1] деп атаган. XIX кылымдын 80-жылдарында орус окумуштуусу В.В. Радлов «Эпос - элдин бардык турмушунун жана бардык умтулууларынын көркөм чагылышы»,[2] деген аныктаманын «Манаска» да тиешелүү экендигин белгилеген.

Академик В. Жирмунский «Манас» эпосун элдин тиричиликке, дүйнөгө, айланага көз карашын коомдук идеяларын, эркин ойлоосун «Адамзаттын бактылуу балалыгы» (К. Маркс) эсептелген демократияны сактап келген патриархалдык коомдук мамилелердин жыйнагы дейт[3]

Азыркы учурда «Манас» боюнча ар түрдүү адистиктеги изилдөөчүлөр тарабынан жазылган эмгектердин саны үч миңден ашып[4] бул жараян улам оожалууда.

«Манас» эпосу эл турмушунун көп тармактарын камтыган фактыларга өзгөчө мол. Ал кыргыздардын каада-салттарынан тартып эл тагдырындагы маанилүү, орчундуу окуяларга чейин, ар кыл мезгилдеги тиричилик, жашоо, жаратылыш, коом, жакшылык-жамандык, пайда-зыян жөнүндөгү түшүнүктөр, түрдүү ишенимдер, жүрүш-туруш нормалары, эл аралык соода-сатык мамилелери жана башкалар жөнүндө бай, баалуу маалыматтарды берет. Ошондуктан кыргыз элинин тарыхый тагдырынын көркөм күзгүсү болгон «Манас» эпосу аны жараткан элдин тилин, көркөм өнөрүн, жалпы эле рухий жана социалдык турмушун ар кыл өңүттөн изилдеп үйрөнүүдө баа жеткис булак. Чыгарманын бул өзгөчөлүгү Ч. Валиханов, В.В. Радлов жана башка изилдөөчүлөргө эпосту кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы катары баалоого, жогоруда белгилегендей негиз болгон.

Ч. Айтматов Сагынбай Орозбак уулунун айтуусу боюнча басылган «Манас» эпосунун биринчи китебине жазган баш сөзүндө олуттуу ойлорун билдирет: «Манас» жомогу өзүнүн кайталангыс көркөмдүк кубаты боюнча нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна сиңирип, ыймандык, философиялык мазмундуу жыйынтыктоолор боюнча элдин тагдырына ар тараптан: жашоо-тиричилик, жоокерчилик, үй-бүлө шарттары, ар түрдүү салт-санаа, социалдык-коомдук турмуш тарабынан кеңири жана толук камтылышы жагынан дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен поэтика

---

[1] Энциклопедический феномен эпоса «Манас». - Бишкек, 1995, 6-б.
[2] Манас. Энциклопедия. II китеп. - Бишкек, 1995, 161-бет.
[3] Энциклопедический феномен эпоса «Манас». -Бишкек, 1995, 149-б.
[4] Ошонун өзүндө. 44-бет.

эстеликтеринин үлгүлөрүнө жатарын, эпос камтыган окуя турмуштун өтө кеңири жана ар түрдүүлүгү, анда кадимки турмуш-тиричилик, ырым-жырымдардан баштап, адамдардын эл, жер менен болгон татаал байланышына чейин, аш-той, каада-салт, адам турмушуна, тилегине, умтулуу максатына тиешелүү окуялардан сүрөттөлбөй калган эч нерсе жоктугун белгилейт.[5]

Чындыгында эле Ч. Айтматовдун «Манасты» таанып-билүүсү ар түрдүү. Жазуучу «Манастын» кайталангыс жана кынтыксыз көркөм туунду экендигин тастыктап, эпостогу бардык проблемалар, тематикалар жөнүндө ой жүгүртүп, анын бийик гуманизмди даңазалаган эркиндик, күнкорсуз идеясын, терең философиясын, ыймандык сабагын, укмуштуу фантазиясын, оптимисттик трагедиялуулугун, поэтикалык көркөмдүгүн, пафосун, структуралык табиятын, стилдик чен-өлчөмдөрүн, сөздөрдүн тактыгын, образдын ички дүйнөсүнүн кылдат ачылышын, жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарынын сүрөттөлүшүн талдайт.

Улуу жазуучу Ч. Айтматов: «Маселе бул жерде таамай, так айтылган салыштыруу, эпитетте гана эмес, кеп кылымдар бою өз ичине камтыган көп катмарлуу, эпостук мазмунга, адам турмушунун ар түрдүү жактарын, социалдык турмуш, сүйүү-лирикалык, моралдык-этикалык маселелерин, байыркы кыргыздардын географиялык, медициналык, астрономиялык, философиялык түшүнүктөрүн бүтүндөй камтыган эпостун мазмунга бир учу жомоктон, мифтен, фантастикадан, башталып, бир учу реализмге (фольклордук маанидеги) келип жеткен көркөм форманын бирдей жанаша өсүп, бир бүтүн гармония түзгөндүгүндө. «Манас» эпосу көркөм ойлуу аң-сезимине негизделгендиги талашсыз. Кыргыз элинин эпикалык көркөм ойлоо аң-сезиминин социологиялык-саясий, эстетикалык, психологиялык, философиялык-фольклордук жагынан терең жана комплекстүү изилдөө окумуштуулардын кезектеги милдети деп түшүнөм»,[6] – деп баса көрсөтөт. Ошондой эле Ч. Айтматовдун төмөнкүдөй кызыктуу ой-жүгүртүүсүнө көңүл бурууга болот: «Жер жүзүндө китеп аттуунун төл башы байыркы «Библияда» биздин коомдук көз карашыбызга шайкеш келбеген жерлери толуп жатат. Ошого карабай, бүткүл дүйнөлүк инсаниятка тиешеси бар «Библияны» адабий эстелик катарында тандайбыз. Биз аны кайсы доордо, кандай баскычта, коомдун кандай социалдык абалында, инсаниятын өнүгүү жолунда бул китеп кандайча түзүлүп, ошол заманда кандай идеяларды көздөгөндүгүн эске алып, оң-терс жактарын сын көз менен карап, аны менен катар бүткүл инсаният маданиятынын байыркы эстелиги катарында биз аны баалайбыз. Ошону сыңарындай байыркы кыргыздын оозеки «библиясы» болгон «Манас» - татаал жана улуу нерсе. Азыркы күндөгү билимге берилген окурмандар «Манаска» чыгармачыл мүнөздөгү мамиле этиши зарыл. «Ар

---

[5] «Манас». Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I китеп. Фрунзе, 1978, 8, 10-беттер.
[6] «Манас». Энциклопедия. I китеп. Бишкек, 1995. 46-бет.

бир нерсе өзүнүн тарыхый турмушунда каралса, анда вульгардык социологияга жол берилбейт»[7]

## «Манас» эпосундагы аалам түшүнүктөрү

Аалам - бизди курчап турган түбөлүктүү жана чексиз кең дүйнө. «Аалам» менен «космос» деген сөз маанилеш, синоним. Бул терминдер төмөнкүдөй маанилерде колдонулат: 1) Бүткүл материалдык дүйнө, 2) галактикаларды, планеталарды жана асмандагы башка обьектилерди камтыган мейкиндик, материалдык дүйнөнүн (биринчи маанидеги) бир бөлүгү. Аалам өнүгүүнүн татаал жолун басып өткөн, ал дайым өзгөрүүдө болот. Бирок ал кандай гана өзгөрүүлөргө дуушарланса да, эмнелерден түзүлсө да, жоголуп кетпейт. Аалам чексиз гана эмес, ошондой эле түбөлүктүү да.

«Манас» эпосунда аалам термини көп колдонулуп, төмөнкүдөй маанилерге ээ: 1) жер жүзү; дүйнөдөгү бардык элдер, жумурай журт; 2) бүткүл дүйнө, бизди курчап турган жаратылыш.

Манас баатыр «Чоң казатта» жүрүп, чоролорунан айрылып, жалгыз калганда мындайча арман кылат:

Он сегиз миң ааламды
Сындап турган кезимде,
Калдайган шаардын баарысын
Камап турган кезимде,
Мындай өлбөй не болдум?

Бул жерде Манастын «Он сегиз миң ааламды» же бүт жер жүзүндөгү элди сурап тургандыгы айтылып, байыркы кезде учу-кыйры жок жер бети аалам катары түшүнүлгөнү кабарланып турат.

«Манастагы» ааламдын «бардык эл», «жумурай журт» деген мааниде колдонулушуна төмөнкү мисалдарды да келтирсек болот: «Ааламга болдук тамаша» же «Ааламга жеткен даңкым бар». Демек, коом мейкиндигинде «аалам» космологиялык элес менен туташ каралат.

Аалам түшүнүгү эпосто көркөм каражаттар аркылуу апыртылып, мифтик-поэтикалык элесте да кезигет. Маселен, Чыйырды байбиче көргөн түшүн баян этип: «Ажыдаар болуптур, Ачууланып оп тартса, Ай ааламды соруптур – дейт»[8]

Ал эми адамзатты курчаган дүйнөнү жалпы турум-турпатын туюндурган Ааламдын тутумунда турган бөлүктөр Күн, Ай, Жер, Асман (Көк) жөнүндөгү түшүнүктөрдүн төркүн-теги кыргыз элинин илгертен келе жаткан салттык ой-түшүнүгүнө байланышкан. Ал «дүйнө элесине», менталитетке, маданият категорияларына киргендиктен ошол маданияттын, элдин өкүлдөрү ага атайылап маани бербейт, таасындап-дайындап көп

[7] Манас. Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I китеп. Фрунзе, 1978, 13-бет.
[8] Манас. Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I китеп. Фрунзе, 1978, 23-бет.

кылбайт, өзүнөн өзү түшүнүктүү, калайык-калкка маалым көрүнүш катары кабылдашат.

Кыргыздар мусулман динин кабыл алышы менен бирге анын догмаларына ылайыкташкан аалам жөнүндө түшүнүктөр да «Манаска» кире баштаган. Мисалы, Алмамбетти мусулман динине кирүүгө үндөгөн Көкчө аалам жөнүндө төмөндөгүдөй баяндайт:

Астындагы жер деди,
Жер көтөргөн жел деди,
Жел экен деп тим болбой
Жеткирип ойло сен деди.
Жеке кудай өзү деп,
Кудайдан биле бер деди.
Үстүндөгү көк деди.
Көк бирөө деп ойлобо,
Катар-катар көп деди.
Арша-күршү жайлар бар,
Күнүң менен айлар бар,
Асмандагы жылдызды
Адам болжоор неме эмес,
Жети кабат асмандан
Жетип туруп көр жарыгын
Жеке жалгыз Алладан
Аңдап билгин бардыгын.

«Манас» эпосунда адам баласы көрүп-билген дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн, ар кылдыгы айтылат («Алтымыш миң ааламдан», «Жети кабат кара жер»).

Ааламды түзүп турган кубулуш-көрүнүштөр (Күн, Ай, Жылдыз, Көк, Жер, табияттын башка кубулуштары) өз ара байланышта туруп, белгилүү тартипте жайгашкандыгы туюнтулат. Ар кандай космологияда дүйнөнүн төрт тарабы ажыратылат. Бул универсалийлер (жалпы түшүнүктөр) «Манаста» да кезигет:

Күн чыгышка бир карап,
Күн батышка бир карап,
Жолборсум турду ыңгырап.
Күн тарапка бир карап,
Түн тарапка бир карап,
Жолборсум турду күркүрөп.
Төрт тараптан айбанат
Төгүлүп кирди дүркүрөп[9]

Дүйнөнүн түзүлүшүндө, табият кубулушунда «оң» менен «сол» ажыратылат. Эпосто «Шымал жагын сол деген, Жануп жагын оң деген», -

---

[9] Манас. Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча. 2-китеп. Фрунзе, 1980. 279-280-беттер.

деп баяндалат. Парсыча «шымал» - «түндүк», «жануп» - «түштүк» маанилерин билдирет.

Ушул сыяктуу эле, Күн менен Ай, Жер менен Көк, тоо менен суу, түн менен күн өз ара карама-каршы коюлуп, бирине-бири салыштырылган мүнөздө сүрөттөлөт. Жер жөнүндө «Жеткен жан келер жөргөлөп, Жердин өзү дөңгөлөк»: «Толгонуп дүйнө жүзүнө, тогуз айда жетиптир» сыяктуу илимге жакын ойлор айтылган. Албетте, эпос түзүлө баштаган маалда кыргыздар жердин шар түрүндө экенин билишкен деш кыйын жана муну кескин жокко чыгаруу да натуура.

Ошентип, ааламды таанып-билүүгө, ал жөнүндө билимдерди топтоодо жана күндөлүк турмуш жараянынын жүрүшүндө кыргыздар тиричиликке байланыштуу толуп жаткан түшүнүктөрдү иштеп чыккандыгы көрүнүп турат.

«Манас» эпосунда **адам ишмердүүлүгү** дүйнөнү, өзү курчап турган чөйрөнү аң-сезимдүү, максатка ылайыктуу өзгөртүү жана кайра түзүү багыттарындагы көп түрдүү формадагы аракеттер катары берилет. Адам ишмердүүлүгү коомдун, элдин турмушунун бардык чөйрөлөрүнөн орун алуу менен, асыресе, материалдык жана рухий жактан даана байкалат. Өзүнүн көп кылымдык өнүгүү тарыхында башка элдердей деле кыргыз эли да эмгек ишмердиктери, социалдык чыгармачыл аракеттери менен улам алга умтулуп келген. Бул жагдай «Манас» эпосунда жалпысынан алганда, тарыхый, социалдык-экономикалык, турмуш-тиричилик жашоо ыңгайлары менен ажырагыс байланышкан ишмердиктин практикалык же предметтик ишкердик (К. Маркс) жана рухий ишмердик сыяктуу эки түрүндө ачык сезилет.

Эпостун мазмуну айгинелеп тургандай, кыргыз элинин көп кылымдар бою көчмөн турмушта жашап келген ишмердүүлүгүндө тигил же бул даражада дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, уздук-чеберчилик, аңчылык сыяктуу аракеттер орун алган.

## Эпостогу кыргыз коомунун өнүгүшүнүн баскычтары жөнүндө

«Манас» кыргыз элинин басып өткөн тарыхы, чоң мааниге ээ болгон доорлорду белгилүү окуялар менен байланышта караган алда канча олуттуу маалыматтарды берет. Эпостун текстерин дит коюп аңдасак, чыгарманын сюжеттик алгачкы өзөгү уруу түзүлүшүнүн алгачкы этаптарында эле токулган дешке толук негиз бар. Муну сюжеттеги негизги тема үй-бүлөнүн, уруунун кызыкчылыгы үчүн күрөштөн көрүүгө болот. Эгер чечмелей келсек, баласыздыгы үчүн кайгы жеген Жакыптын зары, балалуу болушу, жаш баатырдын өз уруусунун таламы үчүн жайыт талашып, баскынчы жат уруу

өкүлдөрүнүн мизин кайтарып, ата уулдарынын башын кошкон чоң бирикме уюштуруп, анын башында турушу, Кан шайланышы айтылгандарга далил[10]

«Манас» дастанында уруу түзүлүшүнүн баскычтарына таандык маалыматтар өзгөчө көп.

- элдин урууларга бөлүнүшү жана ошого жараша ымалалаш жашашы;
- уруулар согуштук союз аркылуу бир эл турпатына келтирилиши;
- тап жана алардын карама-каршылыгы, күрөшү жөнүндө али кеп-сөз болбошу;
- жогорку бийликтин куралданган элдин жалпы чогулушуна таандык экендиги; урууларды жайчылыкта уруу аксакалдары, согуш учурунда согуштук жетекчи - кол башчынын башкарышы;
- уруу мүчөлөрү тең ата укукташ болуп, тууган катары бири-бирине жардамдашууга милдеткерлиги;
- мамлекет жана башкаруунун атайын аппаратынын жоктугу;
- туруктуу армия болбой, жоого куралданган эр бүлө бүт каршы турушу;
- атайын бекитилген мыйзамдын жоктугу;
- эл башкаруу, адамдар, уруулар арасындагы мамилелер адат-салт эрежелерине ылайык жүргүзүлүшү;
- жерди уруу мүчөлөрүнүн чогуу пайдаланышы;
- элдин туруктуу алык-салыкты билбеши;
- негизги курал темир болуп, акча ордуна мал колдонуу

өңдүү көптөгөн белгилер чыгарманын мазмунундагы уруу түзүлүшүндөгү **аскердик демократия** мезгилинин издери арбын экендигин айгинелейт.

«Манас» изилдөөчүлөрүнүн пикири боюнча **аскер башчысы - баатырдын** алгачкы абалдан коомдун социалдык төбөсүнүн басымдуулук кылуучу күчү болуп калган учурга карай өткөөл этапты өзүнө камтыган. Бул этап **аскердик-демократия** деп аталган коомдук абалга бир кыйла жакын[11]

Эпосто Манастын атасы Жакыптын, Манастын өзүнөн тартып анын нөкөрү Бокмурунга чейинки башчылар коомдук түзүлүштүн бардык маанилүү окуяларына, өзгөчө согуш жортуулдарынын алдында аксакалдарды, акылман карыяларды, уруу башчыларын, атактуу баатырларды же кошуунчуларды, кээде бүткүл элди да кеңешке чакырышканы айтылат. Кеңеш чакыруу өзүнүн маанисин алигиче жогото элек. Кол башчы катары Манастын өзүн аксакалдар шайлаган. Бээжинге казатка чыгардын алдында Манас башка жол башчыны шайлоо сунушу менен шериктеш уруулардын кол башчыларына кайрылган. Алардын баары Манас көрсөткөн Бакайдын талапкерлигине макул болушкан.

---

[10] Манас. Энциклопедия. I китеп, Бишкек, 1995. 80-бет.

[11] С.М. Абрамзон. Кыргыз жана Кыргызстан боюнча тандалган эмгектер. – Бишкек, 1999. 117-бет.

Бирок күчтүү демократиялык башталыш бара-бара кийинки жаңы мамилелердин күчөшүнөн жоголуп кеткен. Бир катар карама-каршылыктар бышып жетилип, атап айтканда, Манаска каршы жети кандын чагымчылыгына айланганы буга далил.

«Манаста» башка тарыхый доорлордун издери да аз эмес. Бөтөнчө эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүндө феодалдык коом мезгилдерине мүнөздүү көрүнүштөр өтө арбын[12]

«Манас» эпосу кыргыздарда калыптанган феодалдык мамилелерге өзүнчө **бир аскердик-демократиялык түзүлүш** негиз болгон деп божомолдоого мүмкүндүк берет. Ал убакта коомдун уруулук структурасы өнүккөн аскердик уюм менен тыгыз айкалышкан. Мындай шарттарда коомдук-саясий турмуштагы маанилүү роль аскер башчылыгына - **баатырларга** таандык болгон. Балким, феодалдык төбөл катары бийчиликтин түзүлүшү ар түрдүү даражадагы жана ар түрдүү рангдагы **аскер башчылары – баатырлар** сыяктуу **аскердик-уруулук** төбөлдүн негизинде чыккандыр?[13]

Кыргыз коомунун өнүгүүнүн бир кыйла алгачкы этаптарында аскер башчысы уруунун же уруктун жеке башчысынын бийлигине ээ болгон эмес. Анын ролу согуштук кагылышууларлын жана жортуулдардын мезгилинде гана күчөгөн. Бейкут мезгилде болсо бийликти бүт бойдон уруу аксакалдары жүргүзүшүп, жер которуп көчүүнүн тартибин белгилешкен, күнөөлүүлөрдү соттошкон жана жазалашкан д.у.с.

Баатыр өзүнүн жеке сапаты, эрдиги, жоокердик каармандыгы менен айырмаланган, бирок анын **бийлиги** белгилүү даржада урук аксакалдары, карыялардын, ардактуу жана белгилүү адамдардын кеңеши тарабынан белгилеген. Улам барган сайын коомдук турмушта аскер башчылары алдыңкы абалды ээлей баштаган.

Белгилүү топтогу тууган-туушкандарынын арасынан өзүнүн сапаты менен бөлүнүп чыккан ар бир мындай баатырдын жанында анын жигиттери жүрүп, алардын шарапаты менен баатыр өзүнө даңк алып келген: жортуулга чыгып, тууган-туушкандары үчүн согушкан, аларды коргогон, туугандарынын саны анын даңкына жана өзүнүн карамагындагыларды башкара билишине түздөн–түз байланыштуу болуп, ал туугандарынын үстүнөн сот жүргүзүп, жер которуп көчтү башкарган жана бардык маанилүү иштерде жетекчи болгон. Мындай **баатыр-манап** эл арасында жеке баркын чыңдоо үчүн өзгөчө сот иштеринде өзүнүн алдындагы кеңешти түзгөн атайын кадырлуу адамдар менен кеңешкен. (А. Соколов. О Кара-киргизах. Семиреченские областные ведомости. 1912. №53-58.)

Ошентип, баатыр бара-бара уруу аксакалдардын укугун тартып алган. Бул жараяндын акыркы этабы кыргыз кошунунун үстөмдүк кылуу төбөлдөрү

---

[12] «Манас». Энциклопедия. 2-том. Бишкек, 1995. 80-81-беттер.
[13] С.М. Абрамзон. Кыргыз жана Кыргызстан боюнча тандалган эмгектер. – Бишкек, 1999. 111-бет.

катары **бийчиликти** жана манапчылыкты, аны менен бирге феодалдык мамилелерди түзүү болгон.

XIX кылымдагы кыргыз коомунун социалдык структурасында калктын негизги бөлүгүн майда мал ээлери - **букара** түзгөн. Калктын бул же тигил тобунун башында **бийлер** жана **манаптар** сыяктуу феодалдык–уруулук төбөлдөр турган. Алардын колуна **коомдук турмушка жетекчилик кылуу,** анын ичинде ошол убактагы **башкаруунун** эң маанилүү функциясы - соттоо топтолгон, ошондуктан андан ары **бий** деген ат судья деген наам менен окшоштурулуп келген. Бирок чындыгында **бийдин** абалы соттун функциялары менен эмес, кыргыз коомунун турмушундагы үстөмдүк менен аныкталган. Мунун XVIII кылым үчүн мүнөздүү экендигин жазма булактарда белгилеп кетишкен.

XIX кылымдын биринчи жарымында Түндүк Кыргызстанда «манап» деген социалдык жаңы түшүнүктү бара-бара сүрүп чыгарган. Түштүк Кыргызстанда феодалдарды мурункудай эле **бий** деп аташкан[14]

**«Манас» эпосундагы жаратылыш, адам, элдердин жаралышы жөнүндөгү мифология**

Миф (байыркы гректердин уламыш, болумуш деген сөзүнөн) - табиятта кездешпеген жана ойдон чыгарылган сырдуу, табышмактуу жандыктар, укмуштуу көрүнүштөр, кубулуштар, окуялар жөнүндөгү уламыштар, жомоктор. Айлана-чөйрөдөгү, дүйнө жөнүндөгү адамдардын эң жөнөкөй фантастикалык көз караштары чагылдырылган элдик оозеки чыгармачылыктын өзгөчө түрү болуп эсептелет. Мифтик окуялар бардык дүйнө элдеринин оозеки чыгармачылыгында кеңири кездешет.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында, анын ичинен «Манас» эпосунда да мифтик уламыштар, түшүнүктөр арбын. Эпостогу мифологиялык сюжеттер өтө ар түрдүү жана көп кырдуу. Кыргыз мифологиясы негизинен үч топко бөлүнөт:

- дүйнөнүн, адамдын жаралышы, анын абалынын ар түрдүүлүгү жана андагы ар кыл өзгөрүүлөр тууралуу мифтер;
- жаныбарлар дүйнөсүнүн келип чыгышы жөнүндөгү мифтер;
- жаратылыш обьектилери менен жаныбарлардын колдоосуна (ээсине) байланыштуу мифтер. «Манас» эпосунда жогоруда көрсөтүлгөн бардык топторго тиешелүү мифтик түшүнүктөр, окуялар бар[15]

Ошондой мифтерде негизги каармандардын бири Алманбет баатыр дуба окуу менен күндү жайлап, жамгыр, кар жаадырат. Ар түрдүү сыйкыр жолдор менен өсүмдүктөрдү, карагай-черди жана башкаларды жаныбарларга жана адамдарга айландырат. Ошондой эле эпостук мифтерде бир жаныбар экинчи жаныбардан кейпине же табият кубулушу экинчи бир табият

---

[14] С.М. Абрамзон. Кыргыз жана Кыргызстан боюнча тандалган эмгектер. – Бишкек, 1999. 111-бет.
[15] «Манас». Энциклопедия. 2-том. Бишкек, 1995. 107-бет

кубулушуна өтө турган касиеттерге ээ. Мис., ажыдаар, арстан, булут, караңгы түн, от ж.б. аярлар жөнүндө эпизоддор.

Эпостогу чыныгы турмушта болбогон мифтик элдердин бири - аялдар адам кейпинде, ал эми эркектери ит кейпинде же денелери адамдыкындай, баштары ит түспөл итаалылар. Булардан тышкары «көчүгү балык, башы адам» ж.б. түрүндөгү элдер жөнүндө да айтылат:

Желпиниш деген жер бар,
Жетимиш урук эл бар,
Арапатын журту чөлдө бар,
Аяттын журту көлдө бар.
Эргижээли, итаалы,
Катыны адам, эркеги ит,
Кабарын уктум мен аны[16]

Же:

Жетимурук журту бар
Желгомуздай ушулар:
Бир кулагы жамынчы,
Жоо дегенде камынчу,
Бир кулагы төшөнчү,
Айбаты бар ошончо.
Мандайда бар көздөрү
Басып жүргөн айбандай,
Макоодон жаман өздөрү.
Байкап адам түшүнгүс
Балдыраган сөздөрү.
Адам десең айбандай,
Ар бирөөнүн мүйүзү
Найзадан мурун сайгандай,
Алла таала кудурет
Жан жараткан ар кандай!
Күшөндү деген улугу,
Дөө менен перинин
Арасынан уругу,
Көйкаптын чети туругу.
Айтып кабар салбасын,
Калкы адам уулунун
Каргышына калбасын[17]

Андан ары:

Лоп дарыя, Шер дайра
Ар түрдүү журт бар ол жайда.
Көчүгү балык, башы адам,

---

[16] Манас. Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча. 3-китеп. Фрунзе, 1981. 14-бет

[17] Манас. Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча. 3-китеп. Фрунзе, 1981. 12-бет

Миң жылга бири жашаган,
Кутурдук деген жандар бар
Отуз кучак жаянды,
Тартып бир-бир ашаган.
Аягы адамдай бөлүнгөн,
Башы балык көрүнгөн
Баяндас деген бири бар,
Кыйла сонун ушу бар,
Биринин сексен башы бар,
Ар биринин жана да
Асты миң, беш миң жашы бар.
Андайга кабар салбасын
Атпай кара кыргыздын
Убалына калбасын[18]

Адамзаттын өзгөчөлөнгөн мифтик жандыктарга **жин, перилер** кирет. Мындай образдар Айчүрөктүн periден туулушу, анын **ак куу** кебин кийип учушу ж.у.с. эпизоддор аркылуу берилет.

Эпосто кеңири кездешүүчү мифтик сюжеттердин бири - **аян** берүү болуп саналат. Мында келечекте боло турган окуя адамдардын түшүндө же өңүндө кандайдыр бир белгисиз сыр, күч аркылуу белги берет же эскертилет. Алсак, Манас баатырдын төрөлүшү анын энеси Чыйырдынын, Бакдөөлөттүн, атасы Жакыптын түштөрүнө кирет. Ошондой эле Алманбет баатырдын келишин Манас алдын ала эле түш көрүп билет. Бул мифтик баян элестер азыркы кезде глобалдуу мүнөздөгү футурология илиминин прообразы болгон десек, акыйкатка кыянат кылбаса керек.

Эпосто диний мифтик окуялар да бар. Мисалы, Манас бала кезинде козу кайтарып жүрсө бир козусун карышкыр көтөрө качат. Карышкырды кууп отуруп, Манас бир жерге келсе ал жерде **кырк чилтен** отурат. Келечектеги баатыр алардан козу көтөргөн бөрү көрдүңөрбү десе, алар «бөрү болгон биз деди, болочок баатыр сиз деди»[19] - деп Манасты колдоп жүргөндүгүн айтышат. Манас согушка киргенде, жанында чолок куйрук **кабылан, арстан, алп кара куш** жана башка колдоочулары кошо жүрөт.

Мындан башка да коомдук турмуштун ар кыл маселелерине, адамдардын ишмердүүлүгүнө байланыштуу мифтик окуялардын кездешээрин айтууга болот. «Манас» эпосунда жаныбарлар дүйнөсү менен байланышкан мифтер да аз эмес. Ошентип, эпостогу мифологиялык эпизоддордо органикалык жана органикалык эмес көрүнүштөрдүн ортосундагы байланыштар, материалдык дүйнөнүн өсүүсүндөгү, өзгөрүүсүндөгү эволюциялык процесстер чагылдырылат. Аларды изилдөө иштери жаңыдан гана башталды десек болот.

---

[18] Манас. Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча. 3-китеп. Фрунзе, 1981. 15-бет

[19] Манас. Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I китеп. - Фрунзе, 1978. 96-бет

## «Манас» эпосундагы акыл түшүнүгүнүн мааниси жөнүндө

Илимий ой жүгүртүүдө, өткөндү учурда жана келечекте изилдөөдө кыргыздар «Манас» эпосуна кайрылышат. Себеби бул дастан кыргыз элинин кылымдар бою чогултулган тарыхы, маданияты, муундан-муунга оозеки улантылып келген элдик мурас. Мындай элдик акылдын ар кандай социалдык чөйрөнүн ортосундагы мамилелерде пайдаланышы, пайда болгон кырдаалдарга жараша колдонулушу, анын зор мааниге ээ экендиги көрсөтүлөт.

Эпосту акыл түшүнүгүнүн социалдык чөйрөнүн ар түрдүүлүгүнө жараша колдонулушун төмөндөгүдөй топторго бөлсөк болот[20]

**Эл үчүн, элдин биримдигин сактоо, сырткы кол салуулардан коргоого багышталган акылмандардын** (кыргыздарда, жалпы эле чыгыш элдеринде аксакалдардын даанышмандыгы улуттук байлык деп эсептелет) сөздөрүнөн. Мисалы, Алтайга сүрүлүп барган кыргыздардын ичинен, эпосто айтылгандай, «Алтайдагы кыргыздын Акылманы Балта экен».

Акылман Ак Балтанын айтканы:
«Балдар, капанын баарын чачалы,
Кайгырсак да, бышсак да,
Кайра кыргыз табылбайт.
Эми алтындын кенин казалы,
Кетмендеп жерди оелу,
Кайран жан өлүп кеткенче,
О, балдар кең кесир тоелу![21] - деп, элди эмгекке чакырат. Анда, Балта чоң **акылдуу**, олуя заада жан катары сүрөттөлөт. Эпосто Манас «Кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган» же кыргыздарды бириктирген деп мүнөздөлөт.

Ал эми баатырдан чочулашкан калмактар болсо Манас жөнүндө кабар угушуп, аны жок кылууга аракеттенишкендиги айтылат:

«Айбалтанын Акбалта,
**Акыл айтты канчага**».
Кабылан Манас баяны
Кабак жерге баралы
Аңдап калса калмактар,
Айласын мынтип табалы.[22]

Айласы кеткен Жакып кандын акылмандар менен кеңеши төмөнкүчө берилет:

**Акыл башы** Акбалта,
Акылдашы Бердике,

---

[20] Караңыз: Манас. Биринчи бөлүк. 1-китеп, 2-китеп. Кыргызмамбас. – Фрунзе, 1958.
[21] Манас. Биринчи бөлүк. 1-китеп. Кыргызмамбас. – Фрунзе, 1958. 15-бет
[22] ошонун өзүндө, 31-бет

Ар жердеги айылын,
Арбын алганы.
Бай абасын баш кылып,
Акыл салып турганы:
Кызыл чокту көп ойрот,
Кылабыз деп Жакыпка
Кекенишип калыптыр…[23]

- деп, Жакып Манастын ордуна элдин ичиндеги балдардан бирди берсек эмне болот деп кеңеш сураганда, абасы Байдын айтканы:

«О Чыйырды менен Жакыбым,
Айтсам муну эсиң жок
Бала сатып Манас деп,
Башканы берер кезиң жок»…[24]

Мында жалганчылыкка, адам (бала) сатууга кыргыздардын каршы экендиги белгиленет.

Ошентип, ар кандай маанилүү маселелерди чечүүдө акыл-эстүүлүк менен болушун элдик акылга топтоштурулуп, ошондой эле элдин бirimдиги, күнкорсуздукту сактоо үчүн башкаруу системасын бекемдөө зарылдыгы да көрсөтүлөт. Башкаруудагы биринчи роль канга тиешелүүлүгү анык. Ал эми кыргыздарда башкаруучуларды шайлоо да элдик акыл менен чечилген. Бул жөнүндө эпосто:

Акылдашып токтолуп,
Калың журт карап калганы.
Баян аң уулаган сексен төрт
Каяка көзүн салганы.
«Камалышы кандай?» - деп,
Бай аба элден сурап калганда,

Балдар биздин арабызда аксакалдар жок болсо да, биз Манасты кан шайлаганбыз дешкени келтирилет. Анда эл ичинде:

Кары жашы күңүрөп,
«Каныбыз Манас болсун» - деп,
Жапырт айта салганы,
Көпчүлүк топук кылганы.[25]

Манас өзү макулдугун бербегенине карабай «Кан болууга бул журтка, ылайыктуу өзүң деп», ак кийизге салып эл аны кан көтөрүп алышкан.

Элдин биримдигин сактоодо, душмандарга каршы туруудагы элдик акыл «Манас» эпосунда Көкөтөй өлгөндөгү кабарда жана анын ашын

---

[23] ошонун өзүндө, 65-бет
[24] ошонун өзүндө, 65-бет
[25] ошонун өзүндө, 70-бет

берүүдө да сүрөттөлөт: Мисалы, Көкөтөйдү көмгөндөгү элдин чогулушу жөнүндө:

Ак сакалын жайкаган,
Ойрот Кошой дагы бар,
Оройун көргөн чочуган,
Олуяттан окуган,
Акылдын түбүн байкаган.
Билбегенди билгизген
Билимдүүнүн баары бар - деп,

акылмандар, билимдүүлөр, аксакалдар жөнүндө айтылып, «билим», «акыл», «аксакал» деген түшүнүктөр бирдей мааниде каралгандыгын көрүүгө болот. Ошондо Кошой Көкөтөйдүн уулу Бокмурундун туура ойлой албагандыгы, Манаска кабар бербегендигинин кесепетинен элдин биримдиги бузулат, душманга жем болобуз деген идеяны айткан. Ал эпосто мындайча берилет:

«Ачуу шайтан, акыл дос,
Ой, Бокмурун, кулунум,
Акылыңа акыл кош.
Айыгышкан манжууну,
Аш берем деп жыйбагын,
Айтылуу Манас келбесе,
Бөлөк журтту кырбагын!
Кабылан Манас болбосо,
Калың кара журтуңду
Дене кул кылып кетпесин»[26]

Кийин тойду кантип өткөрүү жөнүндө Бокмурун Кошойго кеп салат: «Аба Кошой акылман, Акыл чыгат эмеспи, сен өңдөнгөн баатырдан»[27] , «Аба Кошой, акылман, акыл сурап турамын». «Кошой аба, акыл тап, - Ашын кандай беребиз? Дагы Бокмурун:

Акыл салдым калкыма,
Аба Кошой, Баймырза,
Ушу турган жалпыңа[28]

- деп, элден, аксакал-даанышмандардан, акылмандардан кеңеш сураган. Ошондо Баймырзанын айтканы:

Баатыр Манас Таласта,
Манасы жок баштайм деп,
Акылыңдан адашпа.[29]

Бокмурун болсо Баймырзаны какбаш өзүңдү бил, ишиң болбосун деп коет да өз билгенин жасайт. Бул элдин, аксакалдардын, даанышмандардын

---

[26] Манас. Биринчи бөлүк. 2-китеп. Кыргызмамбас. – Фрунзе, 1958. 11-бет
[27] ошонун өзүндө, 12-бет
[28] ошонун өзүндө. 15-бет
[29] ошонун өзүндө, 16-бет

акыл-эсине көңүл бурбагандар да эл арасында болгондугун көрсөтсө, даанышмандардын акылы, кеңеши кийинки практикалык иш-аракетте далилденээри да турмуштун чындыгы. Бул жерде ошол эле Көкөтөйдүн ашына келген калмактардын, Маңгул балбандарынын ээнбаштыгы, аталган маарекедеги кызматчылардын **акылынан** шашышы, казанды, оокаттарды таштап качышы, муну көргөн кыргыздардын дендароо болушу сүрөттөлөт. Ошондо Бокмурундун жүрөгүнөн кан кетип, асмандагы алланын күнү бүркөлүп, башына алтымыш санаа бир келип, **акылынан адашып,** арман кылып, абакеси Кошойдон дагы акыл сурайт.

Анда Кошойдун айтканы:

«Калмак азап саларын,
Эчак эле билгенмин, балам,
Кабылан Манас баатырдын
Тилимди алсаң көн, балам,
Кеңеш кылып, Манаска
Мааникер берсең анан бер, балам!
Кыжырына сен тийдиң, балам.
Өзүңө өзүң кас болуп,
Мынчалык неге эсирдиң, балам?
Калмактар кылган зордукка, балам
Көкала калкан ойногон
Байдын уулу эр Бакай,
Башың барк алтынга жөлөгөн,
Кабылан Манас баатырың
Телегейи тең ошол, балам.
Тепсеп келген калмакка
Теңтайлашар эр ошол, балам…
Ай тапкыч акылман,
Берең Бакай карыгай айт!
Берендердин баарын айт!...[30]

- деп, арачы жөнөтөт. Мурда Көкөтөйдүн кара ашына да кабар барбаганда, Манас Бокмурунду чаап сала турган болгондо: «Айкырып атка мингенде, акылман Бакай көк жалаң арага түшүп калып», Манасты тындырса, ашка келген арачыга да Манас ошондой мамиле кылат. Мында абасы Бакай, аялы Каныкей жаш чабарманды сактап калышат. Ошондо Каныкей төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

«Ар түрдүү акыл ойлонуп,
Кайраң жеңең толгонуп»…
Арачы союп койсоңуз,
Акылсыз деп билбейби?

[30] ошонун өзүндө 38-39-беттер

Баатыр сени минтти деп,
Уккан билген күлбөйбү?[31]

Анда:

«Албан түрдүү сөз айтып,
Абасы Бакай карыя.
Арага түшө калганы.
Арстан Бакай, Каныкей,
Аман айрып Айдарды,
Ажалдан сактап турганы» - деп айтылат.

Ашка камынуудагы Алманбеттин аттаналы, Каныкей менен коштошолу:

«Акылга дыйкан Каныштын
Алда кандай сөзү бар,
Кабарын угуп алыңыз!»[32]

деген кеңешин макул тутуп, «андай болсо баатыр, айткан сөзүң акыл» - деп,

«Каныкей үйүн бет алып,
Кабылан жолго салыптыр» - делинет.

Мында «карыянын сөзү», «аялдын акылы», «баатырдын акылы» деген түшүнүктөр кан Манасты ойлонтуп, элди сактоодо, күнкорсуздукту камсыз кылуудагы элдик акылдын мааниси жөнүндө жүрөт.

Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого келишинде акыл түшүнүгү чоң роль ойногон. Алтайдагы кыргыздын акылманы Балта, Жакыптын агасы Бай Манаска кеңеш айтышат да, Ала-Тоодогу кыргыздарга баруусу керектиги, ал жерде тектештер жөнүндө маалымат беришет: «Ала-Тоону жер кылып жүргөн кыргыз бар дешет» - деп Акбалта айтса, Бай кыргызга көчүп кирели, Ала-Тоо бойлоп баралык, баш аман-эсенде, журттун жайын табалык» - дейт да, Ала-Тоодогу кыргыздар жөнүндө айтып, кан Кошойго жолугуп сүйлөшүүнү, ал андагы кыргыздарды башкарып турганды жөнүндө:

Азган-тозгон кыргызды,
Эптеп жүрүп, эл кылып,
Тентиген жыйнап журт кылып,
Коргонду таштап салды дейт.
Азган-тозгон кыргызга,
Абам Кошой карыя,
Башчы болуп калды, дейт- деп айтышат.

Ала-Тоодогу кыргыздар жөнүндө маалымат алган соң Манас Кошойго келип турганы: «Абам Кошой карыям, айла тапкыч олуям, өйдө турсам өбөгүм, ылдый турсам жөлөгүм, Астыга салсам ак жолум, аркамда жүрсө сан колум, абакебиз эр Кошой - сиз окшойсуз, болжолум».

Анда Кошой кыргыздарды издеп Алтайга барууга камынгандыгын айтат:

«Ыраң-сазга сойлошуп,
Ырас акыл ойлошуп,

---

[31] ошонун өзүндө, 44-бет
[32] ошонун өзүндө, 46-бет

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 967238

Алтайга жетип кармашып,
Ажал жетсе өлсөк деп,
Же азганактай кыргызды,
Ажыратып келсек деп,
Атка чабар ыктуудан,
**Акылга** дыйкан мыктуудан,
Кыргыздан тандап алгамын,
Туйгун Манас сен үчүн,
Ушунчаны камдадым.[33]

Ошентип, Кошой Манаска кыргыздардын абалы жөнүндө маалымат берет:

«Билбегенди билгизген,
«Оомийин!» - деп кол жайып,
Манасты жолго киргизип,
**Акылын** абдан бек айтып,
Айдоодо жүргөн кыргыздар,
«Балам аманат сага!» - деп айтып,

Манасты кайра Алтайга жөнөтөт да, көчүп кел деген акылын айтат. Манас Алтайга келип элин чогултуп, Ала-Тоого кетерин билгизип өз кебин айтат:

«Азыр турган жериңер,
Алтай тоонун арасы.
Ала-Тоого жетпесек,
Элиңдин кетер чамасы».

Ал жыйнаган көп элде «кой дээр киши жок болду, Акылмандын баары бар, Аксакал Жакып дагы бар. «Манастын сөзү макул» - деп, баш ийкеген чагы бар». Эпосто Манас Ала-Тоого келип, өз жериндеги баскынчыларды кетирүү жөнүндө калкына кабар салып, калың кыргыз жалпыга кайрылганы баяндалат. Чогулгандардын арасында: «Атасы Жакып кары бар, Акылмандын баары бар». Акбалта, Ошпур, Көкчө, Жайсаң, Бакай жана башка аксакалдар, уруу башчылары, баатырлар Манастын «Астына келип жыйылды, Акылмандын далайы» - деп айтылат. Ошондо Манастын айтканы:

«Кеңешмеге келгениң
Кенен уккун, - деп айтат,
Атамдан калган жер үчүн,
Аттанганы турамын.
Акылмандын баарынан
Бабаңардын жоругун,
Баштан-аяк сурадым.
Калмакка каар салбасам,
Кара жаным тынчыбас,

[33] Манас. Биринчи бөлүк. 1-китеп. Кыргызмамбас. – Фрунзе, 1958. 79-бет

Анжыянда Алооке,
Калаасын бузуп салбасам?»...[34]

Мында эл башчысын ар кандай маселени, анын ичинде күнкорсуздукту чечүүдө эл, аксакалдар, акылмандар менен бирге болууга үндөгөн элдик идея көрсөтүлгөн.

Дастанда дыйканчылык, **дыйкандын акылы** тилге алынат. Манас атасы Жакыпка таарынып бара жатса Анжыян талаасында бир дыйкан абышка жолугуп, Манасты сөзгө тартат:

Балам Манас, тилимди ал,
**Акылга** артык баралы.
Анжыяндан боз талаа,
Күн мезгили алты айга,
Кош курашып жаталы...
Ай талаа бетин жайлайлы,
Аштык мыктап айдайлы...
Абышка айткан ал кепке,
Кубанды Манас баатырың.
Колдон келер оокат деп,
Куп көрдү чалдын акылын.[35]

Дыйкан абышканын Манаска насаат катары айткан кеби:

«Абышка айтат бир сөздү,
Акылга салат бул сөздү:
«О, балам, Манас, кебимди ук! - деп,

Алтайдан келгенин, шер экендигин, эгин айдап, бирге жолдош болдук, мындан кийин жолуң ачылсын, касташкан жооң кем болсун - деп, көп жашарын каалап:

«Орток аштык айдаган
Дыйканчынын көзүмүн,
Абышка болуп кубулган.
Мен баба дыйкан өзүмүн» - деп,

таанышып, анан Нойгуттун каны Карачада Аккула деген ат бар, аны буудайга алмаштырууга болот. Ошондо «Баарын берип буудайдын, Аккуланы алыңыз» - деп, Манаска Баба дыйкан батасын берип, андай-мындай дегиче, ачып көздү жумгуча, көздөн кайым болот. Баба дыйкан айткан Карачанын келе жаткандагы көрүнүшү төмөндөгүдөй берилет:

Ничке жолду төтөлөп,
Токсон нарын жетелеп,
Түсү качып, түн катып,
Эли карып, эң ачка,
**Акылынан** бек шашып,
Атбороюн сыдырып,

---

[34] ошонун өзүндө, 136-бет
[35] ошонун өзүндө, 177-бет

Ай ааламдын баарысын,
Аштык издеп кыдырып».

Ошентип, Баба дыйкандын айтканы туура келип, Карача кырмандагы данды көрүп, Аккуланы тартуу кылууну ойлойт: «Бекер карап турбастан, Бек акылды кылалы». Муну адамдардын баары макул көрүп, «Аккуланы жетелеп, көк жалды көздөй басып учурашканда, Манас Алтайдан келип, Талас деген жер таптым, азган-тозгон эл таптым, дыйкан баба чал таптым, буудай айдадык, опол тоодой буудайды, бакыр менен мискенге баарын бөлүп беремин» дегенде Карача сүйүнүп, «өчкөнү кайра жангандай», «кеткени келип калгандай болуп», Манаска ыраазычылыгын билдирип, кыргыздын Нойгут уруусунанмын, ушу журт менен сени көрөйүн деп тилек кылып жүрөмүн дейт:

«Байкап жүзүн көрөйүн,
Айбандан артык Аккула,
Тартуу кылып берейин.
Тартып турган Аккула,
Туура тулпар мал эле,
Айкөл Манас өзүнө,
Ылайыктуу жан эле.[36]
...Аккуланы алыңыз,
Үймөлөнгөн буудайды,
Бизге кыйып салыңыз» - дегенде,

Муну угуп Манас:

«Аккула тартсаң, абаке,
Дегениңе көнөйүн,
Кырман толгон ак буудай,
Калтырбастан берейин»[37]

дегенде, Карача кыбыланы карап «оомийин» деп кол жайып батасын берип, «амандыгын, эрдигин кербендерден сурармын!» деп тилек кылат. Мында Манастын дыйкан баба, эл башкаруучу менен болгон мамилеси жөнүндө идеялар камтылган.

«Манас» эпосунда эл достугуна байланышкан идея да бар. Мисалы, Кытай баатыры Алманбеттин казак-кыргыз колуна келиши кеңири баяндалат. Кытай кандыктары менен мамилеси бузулган Алманбет Азиз кандын сөзүн уккандан кийин кыргыздарга кетүүгө ниеттенип, төмөндөгүдөй ойго келет:

Алманбет акыл ойлонуп,
Суу чыбыктай толгонуп,
«Эми туруп нетейин,
Көрөрмүн буркан жазганын,

---

[36] ошонун өзүндө, 185-бет
[37] ошонун өзүндө, 186-бет

Эми бурутка кирип кетейин»[38]

- деп, талаалап жол жүрүп, казактын каны Көкчөгө жолугат да, салам айтып кол берип учурашат. Көкчө: «Жолуң болсун баатырым, кайдан келдиң?» - деп сурайт. Анда Алманбет: «Уругум Кытай элинен, кыйындар менен салыштым, кагыштым... Асмандан булут тутулуп, артыман жеткен куугундан, аман калдым кутулуп», - деп абалын түшүндүрөт. Муну уккан Көкчө Алманбеттин келгенине той берет. Күндөр өтөт. Бир күнү Көкчөнүн атасы Айдаркан уулу менен кеңешип, **акылдарын** теңешип, Алманбетти өз үйүнө алып кетет, барганда сүйүнүп, көргөнү сый-урматта болгондугу төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

«Казактардын карысы,
Калк ичинде бир катар,
**Акылмандын** баарысы,
«Элинен азган баатыр - деп,
Айдаркандын үйүндө,
Эригип акыр жатыр» - деп,
Чакырып конок кылышты».[39]

Ал эми Алманбеттин Манаска келиши дастанда төмөндөгүдөй берилет: Манас түш көрөт, аны Ажыбай жоорул, «Асмандап мунар жолугат, арыстаным, сенин өзүнө, Эми Алманбет келип кошулат. Түшүң жакшы түш экен, ордунан келген иш экен» - дейт. Ошондо Манас аттаналы, алдынан тосуп алалы» - деп камданат. Манас Алманбетти көргөндө, ал жөнүндө:

«Кызыл түктүү тил экен,
Кыраанды эрдин бири экен,
Алыскы ишти ойлогон,
**Акылмандын** бири экен»
«Кетирбей алып калайын,
Кебин кылгын, көй баатыр,
Аздырбай алып калыштын,
**Акылын** тапкын, көй баатыр»[40] - деп, дагы көп сөздөрдү айтып, Алманбетти көндүрүп, өзүнө алып калуунун амалын ойлойт. Менин алдыма:

Жүткүндүрүп келиңер,
Жүрөгүн сынап бериңер,
Алкындырып келиңер,
**Акылын** сынап бериңер, - дейт.

Алманбетти тосуп чыккандарга Ажыбай, Алманбеттин чылбырынан алып, Манаска атчан эмес, аттан түшүп салам бер дейт. Алманбет акырын басып салам айтып киргенде, Бакай, Манас алик алышат. Бакай, андан кийин Манас менен учурашат. Ошондогу көрүнүш:

Төрө Манас баатыры,

[38] ошонун өзүндө, 201-202-беттер
[39] ошонун өзүндө, 209-бет
[40] ошонун өзүндө, 231-232-беттер

Колун сунуп акыры,
Айбатына Алмандын,
Козголду Манас акылы - деп сүрөттөлөт.

Алманбеттин каларын же кетерин сураганда, анын ойлонуп, жооп бергени:

«Тууган болсо кырк баатыр,
Тутууга келдим мен акыр.
Жибектен алган өөнүм бар,
Жигиттен калган көөнүм бар.
Ырас мени тур десең,
Мени коң салыңар.
Ынтымактуу жүрмөккө,
Бата кылгын баарыңар».

Бул жоопту жактыргандык мындайча баяндалат:

Алиги турган кырк баатыр
«Акылыңа бали!» - деп,.
Ыраазы болуп калганы.
Кол көтөрүп дубага,
Бата кылып алганы».[41]

Ошентип, Алманбет Манаска кошулат. Аны угуп, Жакып, байбичеси Чыйырды келишет. Алманбетти көргөндө Чыйырдынын эмчегинен сүт чыгып, аны эмизет. Ошентип, Манас менен Алманбет эмчектеш тууган болуп калышат. Бул мааракеге Манастын туугандары Абыке, Көбөш, энеси Бакдөөлөт жана башкалар да келишет. Ал эпосто мындайча сүрөттөлөт:

Айры өркөчтөп, төө алып,
Ак саргылдап бээ алып,
Семизин айдап келгени.
Акылга дыйкан Абыке,
Алманбетке садага,
Бүт таратып бергени».[42]

Элдердин ортосундагы карым-катнаштык мамилелеринде пайдаланылган «акыл» түшүнүгүндө элдик кеңеш, аксакалдардын даанышмандыгы, эл башкаруучулардын, баатырлардын орду, башкача айтканда, учурдагы маселени чечүүдөгү элдик акылдын ролу көрсөтүлөт.

Эпостогу үй-бүлөлүк мамилелердеги «акыл» түшүнүгүнүн пайдаланылышы да кеңири мазмунга ээ. Эпос балалуу болуу, кыялдануу, түш көрүү, аны жоруу жөнүндөгү жомоктордон башталат. Жакыптын эки аялы тең төрөбөй, капа болуп, Чыйырды байбичеден балалуу болбогондугуна ыйлап жатып, «Айтар сөзү жок болуп, акыл ойлоп токтолуп» Чыйырды чырм этип көзү илинди, ошондо балалуу болуу жөнүндө түш кирет деп айтылат эпосто. Үй-бүлөлүү, балалуу болуу - адамдардын жашоо

[41] ошонун өзүндө, 239-бет
[42] ошонун өзүндө, 240-бет

тиричилигиндеги негизги маселе, элдин келечектеги мурасы катарында каралат.

Кыргыздарда үйлөнүүдө, айрыкча эркек балдардын ата-энеси келин алуу үчүн кыздарды издөө, тандоо проблемасы, алардын сулуу, акылдуу болушун эңсеген кыялдануулары бардык адамдарга (айрыкча эркектерге) мүнөздүү көрүнүш экендиги белгилүү. Манастын үйлөнүшүндөгү атасына таарынычы төмөндөгүдөй берилет:

Атам элең, бай Жакып,
Алдыңа басып келбедим.
Же өзүң билип балам - деп,
Ак никелеп өзүмө,
Катын алып бербедиң.
Экөө тең кабат төрөбөй,
Уруш менен талашта,
Өзүм алдым экини,
Ушу турган калайык,
Же менин бул айтканым чекиби?
Калмактан алдым Карабөрк,
Калчадан алдым Акылай,
Туяксыз өтүп кетем - деп,
Муну үчүн көөнүм болбойт жай»,[43] деп сөз баштап:
«Кары-жашка эп болсо,
Мен биле турган кеп болсо,
Оймоктуудан узду алам,
Оюмда жүргөн кызды алам.
Акыл-эси ошонун,
Мени менен тенди алам.
Алты жылдык зыянды,
Биле турган кызды алам.
Акыл кошуп жаныма
Жүрө турган кызды алам...»
Караанын көрүп жай уктум,
Чыны мен Каныкей алсам деп турам!
Тетиги чоң Букардын Темиркан,
Анын ылакап аты Каракан.
Каракандын кызы ошол,
Манасыңа жараган!»[44] – деп жыйынтыктайт.

Анда, Жакып Алманбет менен Бакайды чакырып, «Айланы кандай кылабыз? Эми акылын таап берчи?» - деп кеңеш сурайт. Бакай Каныкейди алып бер уулуңа деген кеңешин берет. Жакып Букарага Темирканга куда түшүүгө барып айтып турганы:

---

[43] ошонун өзүндө, 253-бет

[44] ошонун өзүндө, 253-254-беттер

«Сизде бир жакшы кыз бар, - дейт,
Кудалашып калсам - деп,
Кулдук уруп мал берип,
Балаңа сөйкө салсам - деп,
Кайрылып келдим элиңе,
Кандай дейсиң, Каракан,
Жооп берчи кебиме».[45]

«Чай кайнатым тил чыкпай, Акыл ойлоп Каракан, «Кыз бала болсо жаш эле, ойноо кези маал эле. Жакып, кандай кылайын? Күйөө болчу кишиң ким? - Атын айтчы угайын» - дегенде, Жакыптын жообу:

«Акылымдын тунугу,
Ак калпактын улугу,
Кудайдан сурап алганым,
Кубаттуу Манас балбаным!».[46]

Караканга карылары, кеңешчилери, акылмандары биригишип, кызыңды Манаска бер деп айтканы:

«Бербейм деген эп эмес,
Бербей коер сен эмес...
Жуучуга Жакып келген соң,
Бул кызың ишке жараган.
Арыстан тууган Манастын,
Атасы келсе акылга,
Бербей кызды койчу эмес,
Ал өңдөгөн баатырга».[47]

Ошентип, көп пикир алмашуудан кийин Каракан Жакыпка кыздын калыңын кымбат айтат. Анын акылмандары «Ушуну кайдан табат,- деп, - укканда эси ооп калат, акылынан шашат,- деп,... тапса кызды алар, - деп, таппаса куру калар» - деген пикирде болушат:

«Жакшы-жаман баарысы,
Улуу кичүү карысы,
Акылдашып алышты.
Бай Жакыптын алдына
Туура тартып барышты».

Акырында Каракан кызын берүүгө макул болот. Бул арада Жакып Алманбетке да Каракандын экинчи кызына да жуучу түшөт. Каракандын ачуусу келгенде, кадырлуу Калматайы кеп баштайт:

«Э, Каракан, каныбыз,
Айткан кебиң акыл» - де,
Кытай! кызды алабы,
Берсең да кызың барабы,

---

[45] ошонун өзүндө, 255-бет
[46] ошонун өзүндө, 255-бет
[47] ошонун өзүндө, 257-бет

Салган малды табалбайт,
Эмне десек макул де.
Айтканыңыз **акыл** -деп,
Ура бергин кулдукту...»[48]

Каракан бармагын тиштеп «Макул, куда бол» - деди. Отуз күн ойнотуп, молдонун баарын жыйдырып, Каныкейди Манаска нике кыйдырып Каракан кызынын себин жүктөтүп жөнөткөн экен. Ошондой эле Манастын:

«Кыргыздын кызын көрсөм - деп,
Айтылуу сулуу кыз болсо,
**Акылга** дыйкан уз болсо,
Алманбетке алып берсем» - деп

жүргөн ою да ишке ашып:

Той баштаган эрендер,
Жүгүрүшүп энтелеп,
Аруукени кыз-келин,
Алманбеттин үстүнө,

жетелеп алып келгенде,- Алманбет Аруукени жандап, саамайынан сылап, акыреттик курбум деп кармалады деп сүрөттөлөт.

Дастанда «акыл» түшүнүгү ичкилик маселесине да байланыштырылганына күбө болобуз. «Манас» эпосунда «ичкилик» менен «акыл» түшүнүктөрү бири-бирине карама-каршы, антипод болорун, ичкилик акылга тескери экенин Алманбеттин, Акеркечтин айткандарынан байкоого болот. Акеркеч төмөндөгүдөй ойду айтат:

«Азытка кирсең азарсың,
Аныктап кара басарсың,
**Акылыңдан** шашарсың».[49]
«Көкчө, баатыр, не болдун,
**Акылың** кайда, жоголдуң?
Алманбет сага не кылды?
Азган менен тозгонду
Алындырып эл кылды...»[50]

- деп, кеңешин айтып, күйөөсүнүн кылыгына таң калып, Алманбеттин жакшылыгын, элге келтирген пайдасын эсине салат. Ал эми Алманбет мындай дейт:

«Адам айтпас сөз айтып,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
**Акылдан** кандай шашкансың?!»...
«Ары баатыр, ары мас,
Айдаркан уулу эр Көкчө,

---

[48] ошонун өзүндө, 259-бет
[49] ошонун өзүндө, 211-бет
[50] ошонун өзүндө, 220-бет

Абыдан Көкчө болгон мас»...
**Акылдан тайып** эр Көкчө,
Айтар кептин баарысын,
Асили кирбейт эсине»...
«Арак деген ачкыл аш,
Азыркысын **акыл** аз,
Алманбетке ичи кас»...
Ала деңгил, **акылы** аз,
**Акылдан танбай,** аздан ич.
**Акылдан тана** ичкен соң,
Абийирден азыр кеч».[51]

Акеркеч менен Алманбеттин ичкиликтин зыяны жөнүндөгү пикирлерине комментарий берүү ашыкбаштык деп ойлойбуз. «Манас» эпосундагы ичкиликтин зыяны жөнүндөгү идеянын, дастанда көтөрүлгөн антиалкоголдук теманын актуалдуулугун XX кылымдын аягы, XXI кылымдын башында түзүлгөн «Наркотикасыз акыл-эс» Бүткүл дүйнөлүк лигасынын иш-аракети баса көрсөтүп турат.

Биздин изилдөөдө «Манас» эпосундагы чагылдырылган ар түрдүү социалдык мамилелердеги «акыл» проблемасына бурулгандыктан төмөндөгүдөй ойго келүүгө аргасыз болосуң. **Биринчиси,** « Манас» эпосу ар кандай илим изилдөөдө кыргыздар үчүн тарыхый булак экендигине күмөн саноого болбогондугу;

**Экинчиси,** «акыл» түшүнүгүнүн коомдук мамилелерде универсалдуу мааниде пайдаланылгандыгы;

**Үчүнчүсү,** коомдук турмуштун өзүнүн татаалдыгы, анда жашаган адамдардын мамилесинин жыйындысы экенин эске алсак, «жакшы-жаманы» болору да турмуш чындыгы экендигине, ишенимдүү ой менен жакшылыктын адамдардын мамилелеринде жогору турары;

**Төртүнчүсү,** эпосту окуп-үйрөнүү анын **адам акылынын** казынасы экендигине шек саноого болбогондугу;

**Бешинчиси,** «Манас» эпосу - кыргыздардын тарыхы, маданияты, салты, үрп-адаты, ойлоосу, элдик акыл болгондугуна байланыштуу ар кандай жалпы проблемадан конкреттүү проблеманы издөөдө да мурас экендигин белгилөө; Эгемендүү кыргыз турмушунун талабы - мурастарды окуп-үйрөнүүнүн, таанып-билүүнүн зарылдыгы, актуалдуулугу. Ошентип, «акыл» түшүнүгүнүн «Манас» эпосундагы пайдаланылышынан көрүнгөндөй, аталган проблема коомдук турмуштун ар кандай чөйрөсүндө колдонулгандыгына же анын универсалдык түшүнүк экендигине күбө болдук.

---

[51] ошонун өзүндө, 217-бет

## «Куттуу билимдеги» социалдык-саясый ойлор жөнүндө

Дүйнөлүк илимдин жана маданияттын өнүгүшүндө Баласагындык Жусуптун «Куттуу билим» дастанынын өз орду бар чыгарма. Чыгарманын тили боюнча ар түрдүү көз караштар бар. Ошентсе да көпчүлүк изилдөөчүлөр чыгарма байыркы түрк тилинде жазылгандыгын далилдеп келишет. Дастандын өзүндө автор ачык эле кайсы тилде жазганын так айткан:

Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө түрк сөзүнө нак тунарсын. (30)
Чыгыш жакта, жамы түрктүн элинде.
Буга тете китеп жок дейт эч кимде. (15)

Жыйырма жылдай убактысын «Куттуу билимди» изилдөөгө арнаган академик В. Радлов мындай жыйынтыкка келген: «Баласагын шаарынын перзенти катарында дастандын автору өз дастанын араб арибы менен жазып, уйгурлардын жазма тили эч кандай таасир көрсөтө албаган» [52]

Ал эми белгилүү окумуштуу Е. Бертельстин оюу боюнча: «Куттуу билимдин»... тили түрк тилдеринин чыгыш тобуна жатат, азыркы жаңы өзбек, казак, кыргыз тилдерине жакындыгы бар, бирок түркмөн менен азербайжан тилдерине жакын эмес»[53]

А.Н. Кононов «Куттуу билим» поэтикалык тилдин назик, көркөм табылгасы» десе, Стеблева «Куттуу билим» менен түрк тилиндеги классикалык поэзиянын тарыхы «башталат» деп белгилеген, А. Алтымышбаев «... Славян элдери үчүн «Игордун жортуулу тууралуу сөз» кандай мааниге ээ болсо, биз үчүн мына ушундай ролду «Куттуу билим» ээлейт»[54] - деп баса көрсөткөн.

Автор өзү белгилегендей, Баласагын чыгарманы элүү жаштан өтүп калгандан кийин баштап, 18 ай бою күнү-түнү иштеп, 1069-жылы Кашкарда аяктайт.

Карып калдым, элүүдө менин жашым,
Капкара кундуз эле, ак куу башым ... (365)
Он сегиз ай ичинде жазып бүттүм,
Терип сөздүн асылын келсе жөнү. (6620)
Багыштап бардык дитин жазып накта.
Эмгегин аяктады Кашкар жакта. (55)

Түрк изилдөөчүсү Р.Р. Араттын (1900-1964) эсебинде «Куттуу билим» дастанын аяктаганда анын автору элүү төрт жашта болгон. Чүй дайрасынын боюна жайгашкан байыркы Токмок калаасынын түштүк-батышыраак тарабындагы азыркы Бурана аталган Баласагын калаасынын перзенти.

---

[52] В.В. Радлов. «Куттуу билимге акыркы сөз». «Кыргызстан маданияты». №14. 1969.
[53] Кутбилим. №37. 26-октябрь. 2001-ж.
[54] А А. Алтымышбаев. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. - Фрунзе. 1985. 67-бет

Баласагын шаары орто кылым доорундагы Самаркан, Өзгөн, Кашкар шаарларындай эле түрк каганатынын ири борбор шаарларынын бири болгон. Каракандар мезгилинде түрк калкы азыркыдай жиктелип, казак, уйгур, өзбек, кыргыз деп жиктелген эмес. Ошол себептүү Баласагынды географиялык жагынан өз чөлкөмүнө таандык кылып көрсөтүп (казактарда), же Жусуптун табытынын Кашкарга коюлгандыгына таянып (уйгурларда), өз улутунун энчисине ыйгара салуу эч кандай негизсиз. Каракандар мезгилинде казак, өзбек деген эл аттары тарыхый, илимий адабияттарда кездешпейт. Каракандыктын эли түрктөр экендиги тарыхтан белгилүү.

Караханиддер империясы IX кылымдын биринчи жарымында Чыгыш жана Батыш Түркстанда пайда болуп XIII кылымдын башталышына чейин (840-1212) болгон. Ал бир нече уруулардын тобунан уйгурлар, карлуктар, аргу менен түргөштөр, ягма жана башкалардан турган. Алар баары биригип, «түрктөр» деген ат менен жашашкан. Булардан тышкары огуздар менен кыпчактар батышты карай сүрүлүп, Сыр-Дарыянын жээктерине чейин кирип келип, чоң мейкиндикти ээлешет, ошондон тарыхта белгилүү «Дашти кыпчак» (кыпчак талаасы) түзүлгөн. Каракандар мамлекетине баш ийген уруулар өз бетинче акимдиктерге бөлүнүп жашашкан. Ушул жерди басып алуу менен Каракандар мамлекети Батыш жана Чыгыш кандыктарга бөлүнүп кетет, эки кандык пайда болот. Жети-Суу өрөөнү менен Чыгыш Түркстан чыгыш кандыгын түзүп, анын борбору Баласагын шаары болуп калат. Кийинчерээк борбор Кашкар шаарына ооп кетет. Мавераннахр батыш кандыгын түзүп, анын борбору Өзгөн, кийин Самаркан болгон[55]

Чыгыш жылнаамачыларында «жалпак беттүү, бүтүк көздүү, кичине баскак мурундуу, чокчо сакалдуу, кара кийимдүү, темир кылычтуу түрктөр» деп сүрөттөлгөн караханиддер X кылымда бийлигин кеңейтип, бирок Персия, Индияны жеңе албагандан кийин, Аму-Дарыянын берки тарабында калышат да, XI кылымда Батыш жана Чыгыш деген эки каганатка бөлүнүп кетишет. Бир булакта Батыш каганаттын борбору Өзгөн, кийинчерээк Самарканд, ал эми Чыгыш каганаттыккы Чүйдөгү Баласагын шаары болгон деген маалымат айтылат. Бирок каганаттардын борборлору жөнүндө тарыхчылар эмгиче бирдиктүү, так пикирге келе албай жүрүшөт[56]

«Куттуу билимдин» жаралышында ошол доордогу социалдык-саясый жагдай да өз таасирин тийгизген десе болот. Өз доорунун өзгөчөлүгүн аңдай билген ойчул катары Жусуп Баласагын чыгармасында санат-насият түрүндө көчмөн Караханиддер династиясын өлкөнү башкарууга үйрөтүү максатын да көздөгөн деп божомолдосо да болот. Мавераннахр, Чыгыш Түркия өңдүү өнүккөн чөлкөмдөрдү башкаруу үчүн билимдердин атайын системасы талап кылынган. Ал эми мындай билим түрк төбөлдөрүнө жеткиликтүү

[55] Ж. Шериев. Байыркы адабият тарыхы. Бишкек-Ош. 2000. 125-126-беттер.
[56] Кыргыз Туусу. №92, 7-10-декабрь. 2001-ж.

болуш үчүн түрк тилинде жазылган энциклопедиялык эмгек зарыл эле. Андай функцияны «Куттуу билим» дастаны толук аткарды десе болот.

Жусуп Баласагындын баш сөзүндө да бул китептин башкаруучуларга арналгандыгы белгиленет: «Бул китептин атагы артык. Чин (Түндүк Кытай) акылмандарынын санат сөздөрү менен Мачин (Түштүк Кытай) даанышмандарынын ырларына сугарылып жаратылган бул китепти окуган жана урматтаган адамдын өзү урмат-сыйга ээ болуп, зоболосу көтөрүлсүн. Мачиндин акылман жана окумуштуу билермандары Чыгыш тараптагы Түркстандын элдеринде, бограхан тилинде жана түрк сөзү менен мындан жакшыраак ыр жыйнагын эч ким түзбөгөндүгүн ырастап жатышат.

Бул китеп кайсы падышага же кай тарапка жетпесин өзүнүн өзгөчө жатыктыгы жана чексиз көркөмдүгү аркылуу, андагы акылмандар менен окумуштуулардын купулдарына толуп, алардын ар кимисинин ар түрдүүчө наам берүүсүнө татыктуу болду. Чиндин төрөлөрү бул китепти «Такывалык жыйнак» деп аташты, Мачиндин өкүмдарларынын мурасчылары «Мамлекет түркүгү» дешти, Чыгыш өлкөлөрүнүн акимдери «Өкүмдарлар зыйнаты» деген ат беришти, ирандыктар түрктөрдүн «Шах китеби» деп коюшту, айрымдар болсо "Өкүмдарларга осуят китеп" дешип, турандыктар муну «Куттуу билим» деп аташты»[57]

Ал эми Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанын изилдөөчүлөрдүн маалыматтарын изилдөөчү А.Н. Кононов төмөндөгүлөрдү баяндайт: «Поэма Юсуфа Баласагунского в оригинале носит название «Кутадгу билиг», которое все исследователи этого шедевра тюркоязычной поэзии (Г. Вамбери. В.В. Радлов, Р.Р. Арат, К. Каримов, В. Томсен и др.) переводили примерно одинаково: «Знание, приносящее счастье», «Знание, дарующее счастье», «Знание, делающее человека счастливым», «Наука быть счастливым», «Искусство <знание> сделаться счастливым». А.Е. Крымский перевел по-украински «Блаженне знания».[58] Академик С.Е. Малов (1880-1957) предложил два варианта перевода заглавия этой поэмы: «Книга счастья», или «Осчастливливающее управление», так как известно, что глагол *бил* имеет два значения ' знать и управлять': следовательно форма *билиг* с равным основанием могла иметь два значения - 'знание' и "управление". (С.Е. Малов. Кутадгу билиг факсимиле. – Советское востоковедение. М.-Л., 1948. с.327.)

«Переводы заглавия поэмы Юсуфа Баласагунского, предложенные В.В. Бартольдом («Знание, образующее царей»), С.Е. Маловым («Осчастливливающее управление») и А.А. Валитовой («Наука об управлении»), близки друг другу по своему внутренному содержанию и как нельзя лучше и точно отвечают этико-дидактическому содержанию поэмы,

---

[57] Ж.Баласагын. Куттуу билим. М.: «НИК». 1993. 28-бет

[58] А.Н. Кононов. Поэма Юсуфа Баласагунского «Благодатное знание». В кн., Юсуф Баласагунский «Благодатное знание». М,, «НАУКА». 1983. Стр. 496

основная идея которой направлена на воспитание и обучение идеального правителя».[59]

Изилдөөчүлөрдүн маалыматына караганда, Баласагындык Жусупгун чыгармасын универсалдуу десе да болчудай. Чыгарманы: «Бактылуулук», «Бактылуулукка жетишүүнүн билими, искусствосу», «Бактылуу башкаруучу», «Падышанын акылы», «Башкаруучу жөнүндө илим», «Шах китеби», «Мамлекет түркүгү», «Өкүмдарларга осуят», «Өкүмдарлар зыйнаты» деген аталыштар менен изилденгенине таянып, ошондой эле автордун өзүнүн оюу боюнча бул китеп коомду, мамлекетти **башкаруучуларга** арналгандыгына күмөн саноого болбойт.

«Кут алчу билим» 1056-1103-жылдарда Кашкарды бийлеп турган Тавгач Буура Карахани Абу Али Хасанга ызаат-урмат менен тапшырылгандыгы маалым. Каган бул чыгарманы өтө жогору баалап, Жусупка «Хас-Хажиб» деген жогорку даражалуу наам берген. «Хас-Хажиб» кан сарайындагы кызматтардын эң чебери жана назиги эле.

Жусуп Баласагын өзү белгилегендей, чыгарманын өзөгү айрым өзгөрбөс, түбөлүктүү түшүнүктөрдөн турат:

- биринчиси, **адилет;**
- экинчиси, **дөөлөт;**
- үчүнчүсү, **акыл;**
- төртүнчүсү, **каниет** делип, алардын ар бирине түркчө энчилүү аттары берилген.

Адилетти - Күн чыкты Элик атаган, бул өкүмдар, акыйкаттык, бийликти ак өтөө милдети, башкаруунун акыйкаттуулугу; Дөөлөттүн аты - Айтолду, ал - увазир, өкүмдардын дөөлөтүн артырар увазирдин жакшылыгы; Акылга Акдилмиш деген ат берилген, ал - увазирдин уулу, ак-караны ажыраткан, ак дилдүү адам; Каниет болсо Өткүрмүш аталып, анын иниси байлык, мансапка кызыкпас, каниеттүүлүк делинип жазылат чыгармадын кириш сөзүндө.

Булардын ичинен эң негизгиси улуу менен кичүү, алыс менен жакын, аял менен эркек да бирдей урматтоого милдеттүү болгон - акыйкаттык. Акыйкаттыкты салтанат кылуунун бир жолу – **билимдүүлүктө:** «шыктанып акылды даңктайм, жактырат жаным, билимди мактайм» деген акындын саптары айтканыбызга далил. Ошондуктан элдин келечеги билимдүү, акылдуу адамдарга байланыштуу экендигине ишенгендигин билдирген.

Адилеттик – Күнчыкты Элик аталган өкүмдар өлкөнү адилеттүү башкарууну өзүнүн жашоо принциби деп эсептейт. Анын аты жана заты жаратылыштын Күнү менен барабар: бийлик ээси да Күн сыяктуу дайым бөксөрбөй, азайбай турушу керек. Күн ааламга жарык чачат, адамга нурун төгүп турат, ошол сымал Элик элге ак иши, адал сөзү, мээрман, боорукерлиги менен кызмат өтөйт. Адилет касиетине жетүүнүн өзү оор жоопкерчилик, ал

---

[59] Ф.Н. Кононов. аталган чыгарма, 497-бет

үчүн жогорку сапаттар менен бирге акылдуулук, илимдүүлүк, билимдүүлүк, сабырдуулук ж.б. касиеттер керек. Күнчыкты бардык жакшы сапаттарга эгедер болсо да бүткүл мамлекетти башкарууда кыйынчылыктарга туш болбой койбойт, буга убактысы да, чамасы да жетпейт. Ошондуктан бийлик ээсине калыс жардамчы керектигин жарыя салат. Ал увазир - Хас Хажиб. Кан сарайынын акылманы эле. Увазирди өкүмдар көп сыноодон кийин гана кызматка алып, ишенүү менен өлкөнү башкарууга кийлигиштирет. Айтолду өмүрүнүн аягына чейин бийлик ээсине адал кызмат өтөп, урмат-сыйга бөлөнөт.

**Увазир** Айтолдунун образы – дөөлөттүн символу. Дөөлөт туруксуз өзгөрүлмө, аны адам баласынын кармап калышы өтө эле кыйын, оор, ошентсе да адам башына конгон бак-дөөлөттү акылдуулук, билимдүүлүк менен сактап калса болот.

Жусуп Баласагындын оюу боюнча, дөөлөттү кармай турган касиеттер төмөнкүлөр: мүнөзү иши менен дал келүүсү, ынсаптуу болуу, улууну урматтоо. Кичүүнү сыйлоо, кишини кордобоо, бой көтөрүп мактанбоо, текеберчилик кылбоо, ичимдик ичпөө, байлыкты максатсыз чачпоо. Антпесе, дөөлөт тоодогу жапайы кийик сыяктуу жалт этип качып КЕТЕТ.

Жусуп Баласагын өзүнүн улуу дастанын айрыкча **бектерге,** анын түшүнүгү боюнча «окурмандарга» арнагандыгы маалым. Мында сарасеп сала келгенде, каймана түрдө **ач көз бек** менен **абийирдүү бек** салыштырылып, мүнөздөлүп жаткандыгын баамдоого болот:

Ач көздүк - кесел болот айыкпаган,
Дүйнөдө эмчи күчү жетпейт аган.
Ач калганга аш берсең - карды тоет,
Ач көздөрдү тойгузаар өлүм болот!
Ач көздөрдүн ичинде байы болбойт,
Дүйнөнү бүт жесе да карды тойбойт! (2000)
**А бектер абийир менен болот бийик,**
Абийирдүү иш ар дайым турат жүрүп! (2005)

Келтирилген ыр саптардагы «А бектер абийир менен болот бийик» дегендин мааниси алардын кадыр-баркынын өсүшү, зоболосунун көтөрүлүшү, элдин социалдык турмушунун туура уюштурулуусу, көпчүлүк, жамаат үчүн жоопкерчиликти сезип, туюп, ошол жоопкерчиликти көтөрүп, сабыр-канаттуу болуп, элдин оокаттуу, тың жана маданияттуу жашоосу үчүн бараалдуу аракет жасаган, салым кошкон эл жакшысы жөнүндө кеп жүрүп жатат десек жаңылыштык кетирбесек керек. Албетте, бул сыпаттамага элдин эсебинен, чөнтөгүнөн кайрымдуулук, соопчулук иштерди өткөрүүгө ашкере машыккан, көнгөн, ошого ыктаган эпчил атка минерлер, билермандар таптакыр татыксыз.

Элдин бардар турмушка жетишүү, мамлекеттин стабилдүү өнүгүшүн Жусуп Баласагын эл башчыларынын, «бектердин» эл үчүн акылдуулук жана абийирдүүлүк менен кызмат өтөөсүнөн көргөн. «Куттуу билимдин» автору Богра ханга кайрылып, анын адилеттүүлүгүн, калыстыгын, жакшылыгын

улуктайт. Кандын иш билги башкаруусунда мамлекетте тынчтык орноп, душмандар сүрдөп, элдин курсагы тоюп, ар бир адам эмгегинен баар таап келгендигин ашыра мактайт. «Түрк куту» деп даңазаланган ханга ар бир адам ак кызматын жасап, өмүр өткөрүш керек.

Динге таянып, сен өлкөгө тирексин.
Элге таажы, динге - устундай керексиң!
Түрк кутунун көлөкөлөп даңкы өссүн,
Көралбастын көздөрүн октор тешсин!

Кудайдан, пайгамбардан кийин эле **бийлик** ээси арноо сөзгө арзыйт, ошол себептүү хандын орду жана ролу баса көрсөтүлөт.

Айтолдунун Күнчыктыга калтырган катында: бийликтин адилеттүү болушун, калпычыларга алданбашын, убакытты бошко кетирбешин, дүйнөнүн артынан түшүп кетпешин, бирөөнүн канын төкпөшүн эскертет. Бул эсептелген сапаттар мамлекетти гүлдөтүп башкаруу таланты менен кошо хандын саясый программасынын негизи болуп эсептелет.

«Куттуу билимде» сөз саясый башкаруучулар жөнүндө болуп жаткандыктан Айтолдунун Акдилмишке, Күнчыктыга калтырган керээзинин түпкү мааниси мамлекетти таратып жибербей, бекем чыңдоого багышталат. Стеблева туура баамдагандай, **Мавереннахрды** бийлөөчү түрк династиясы үчүн өтө пайдалуу идеялар чогултулган мындай чыгарманы Караханиддер абдан жактырышкан.

Жусуп Баласагындын ою боюнча бийликти башкаруунун кынтыксыз системасын түзүү, мамлекетти борбордоштуруу идеясы, кызматчыларды ишке туура тандоо ж.б. маселелерди күн тартибине коюу зарыл. Демек, Айтолдунун керээзи жөн гана турмуш-тиричиликке, жүрүм-турумга гана байланыштуу эмес, саясый идеологиянын функциясын аткарат. Чыгарма боюнча, эгер аким адилеттик, акыл-эс, дөөлөт жана каниет деген төрт касистти айкалыштыра алса, анда көксөгөн максатына жетиши мүмкүн.

Өкүмдар! Адилеттүү болсун жазаң,
Саясатың жаманбы - ишиң жаман.
Жыл сайын бийлигим бек болсун десең,
Элди башкар, күч эмес, мыйзам менен.

Улуу акылман башкаруучуларга (увазир, аскер башы, хаджип, ордо башы, элчи, катчы, казыначы, башкы ашпозчу ж.б.) кандай адамдарды тандап алууну жана алардын кол алдындагы кызматкерлерине кандай мамиледе болушу жөнүндө кеңеш берет. Мисал катары төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот:

**а) Увазир кандай болуш керек?**

Бекке керек увазир, ишке башчы,

Увазир жакшы, бекте - уйку жакшы («увазир жакшы - кан жакшы» макалын эске салат).

Болсун акыл, билими терең деңиз,
Аткарган мөөнөтүндө ишти тегиз.
Абийир менен адилет анда болсун,

Ар бир күнү күрдөөлдүү ишке толсун. (2185)
Болгонго топук кылып, токтоо болгун,
Ач көз, сараң билишпейт тойгондорун. (2100)
Абийир, актык керек увазирге,
Уятсыздык баарынан эң чоң күнөө. (2195)
Эл ичинде барктуу уяттуулар,

Уяты бар кишилер эл башкарар (2100) – деп, увазирликтин милдетин көтөрүү үчүн бардык акыл-кеңештерди тизмектеп берет.

**б) Аскер башчы кандай болуу керек?** деген суроого төмөнкүчө жооп берилген:

Бекке керек кол башчы жолборс жүрөк
Тургандай тынчы кетип жоо титиреп.
Бул ишке адам керек күчтүү, алдуу,
Башынан көп өткөргөн чабыштарды,
Кол башкаруу - эң кыйын, улуу жумуш,
Чабуулга баштап кирип, жоону жыгыш. (2270)

Автор андан ары андагы зарыл касиеттерди, жолборс жүрөк болушун санайт да, тескерисинче, коркоктукту, мактанчаактыкты, текебердикти жоо башчыга жат көрүнүш деп сүрөттөйт.

**в) Элчи кандай болуу керек?**

Элчиге өзгөчө сапат керек.
Билими, илими артык болгону эп.
Элчи деген баарынан эстүү болсун,
Сөзгө чечен, билимдүү, эптүү болсун. (2600)
Элчи болсун ак жүрөк ишенимдүү
Иш билги, адилет да, көтөрүмдүү. (2605)
Жана да эң көп тилде сүйлөй билсин,
Түрлүү жазуу бүт окуп өздөштүрсүн. (2635)

Улуу акын элдин, өлкөнүн тынчтыгы, ийгилиги, молчулук менен токчулуктун бүт тизгини ошол башкаруучулардын колунда экендигин кайра-кайра эскертүүдөн чарчабайт. «Капчыгыңыз - бардык чырды ката билсин, аз, көптү жик чыгарбай сактап жүрсүн», «Бектерге иш жүзүндө пайда берер, өлкөдө болуу керек үч түрдүү эр: **биринчиси илимдүүлөр, акылмандар, экинчи** – сөздү жазчу **- ал катчылар, үчүнчүсү** - ал коргоочу баатыр эрлер, жоо-душманды жакшы жеңип келер» - деп, Жусуп Баласагын ар бир башкаруучуга мүнөздүү башкы белгилерди бөлүп көрсөтөт. Элчинин сөзүнөн бал тамсын, катчы жазганды жакшы билиши, сырды бекем сакташы, ашпозчу дили таза, адилет, ишеничтүү болушу, тазалык, сулуулукту тутушу зарыл деп эскертет.

«Куттуу билимде» **коомдун социалдык түзүлүшү** жөнүндө кенен сөз болот. Жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн башка дагы: адамдардагы оң, терс сапаттар, дарыгерлер, дыйкандар, кол өнөрчүлөр, малчылар, соодагерлер, кедей-кембагалдар, конокко баруу, конокко чакыруу, аял тандоо, уул-кызды

тарбиялоо, сөздүн наркы, тилдин зыяны, түш жоруу ж.б. - адамдын бала чагынан карыганына чейин басып өткөн жолун, турмуштун кодексин аныктайт. Ошондой эле төмөндөгү суроо-жооп баарлашуу менен адамдардагы оң, терс сапаттар да аныкталат.

Суроо: «жакшы киши ким болот, кандай өзү, өзгөчөбү адамдан кулк-мүнөзү?» (855);

Жооп: Жакшы адам эки түрлүү,
Адилет жолду тандайт анын бири.
Да бири төрөлгөндөн адилет жан,
Чындыкты эмгек менен кошо оозанган.
Ээрчиме жан келишет үчүнчүлөр,
Жаманга жолдош болсо зыяны тиер. (870)

Суроо: «Мага айтчы: адилеттик кандай өзү? Адамзат аны менен мыкты дечи» (860); «Жакшы адамда болор бекен кемчилик, жамандар оңолобу өзү жүрүп?»:

Жооп: Адилеттик, урмат-сый, даңкты берет,
Адамдык да чынында буга кирет.
Пенде көп, бирок азыр адамдар аз,
Адилет адам азыр көп табылбас. (865)
Жамандар жакшы менен дос болгондо,
Асманга теңелгени жакшы ошондо. (880)
Жакшылык – өзү жакшы, баасы кымбат,
Андан да аны жашоо кымбатыраак.
Бузук-жаман - жаман да ага барган,
Эң жаман - жамандыкты кылган адам. (900)

Суроо: «Сен айттың азыр эле тил зыянын, айтчы эми, а пайдасы барбы анын?»:

Жооп:

Сөздөрдүн пайдасы чоң,
Орду менен жигердүү айтылган соң.
Жаман сөз билими жок тилден чыгат,
Билимдүү журт нааданды - мал деп турат.
Негизсиз сөз - акылсыздын айгагы,
Ойсуз башка түшөт кангып кайдагы.
Көп сүйлөсөң ойлонбой - кырсык келет,
Акылдуу сөз ар дайым пайда берет. (985)

Суроо: «Баары эле байлыгым көп болсо дешет, байлыкка эмне алпарат, кантип жетет?»

Жооп:

Асылды жакшы адамдар жаратышат,
Жакшы иштин жолу татаал, тайгалак.
Дилгир жетет, а жалкоолор кур калат. (905)

Ошентип, жооптор социалдык ой жүгүртүүлөр мүнөзүндө берилет.

Жусуп Баласагын адамдарды мүнөздөөдөн кийин адамдарды азыктандырып, тоюндуруп, өмүр менен камсыздап жаткан социалдык катмарлардагы негизги күчтү мындай мүнөздөйт:

Дыйкандарды автор ак дилинен сыпаттап айтып келип, төмөнкү ойду айтат:

Дыйканда колу ачыктык, жоомарт сапат,
Теңир берген кенендик бүткөн адат.
Элге - тамак, кушка - дан, баары анда.
Булар менен баарлаш, кошула жүр,
Ачык сүйлөп, ак дилден мамиле кыл. (4415)

Өзгөчө малчыларды сыпаттоого келгенде, Жусуп «жалган айтуу дегенди билбейт алар», - деп мүнөздөмө берет да, ошол эле учурда алардын өтө эле түркөй, караңгы экендигин баса белгилеп, ошого жараша кылдат мамиле кылууну сунуштайт. Ал эми кедей, кембагал адамдарга акын түз эле «тамак-аш, кийим берип, көңүл бөл, сен», - деп кеңеш берет:

Даты бар соодагерлер, күнү-түнү,
Максаты өз пайдасын көздөп жүрүү.
Киреше үчүн тынбастан дүйнө кезет,
Бир кудайга ишенип өмүрү өтөт.
Мамиле түз аларга, келиш-барыш,
Сураса бер, болгунуң алыш-бериш. (4420)

Акындар жөнүндө айтканда, Жусуп аларга мүнөздүү чынчылдыкты, бетке чабарлыкты өзгөчө баса көрсөтөт жана акындар мактаган адамдын даңазасы, зоболосу жогорулай тургандыгын, а эгер жамандаса, эл алдында уят болорун эскертет:

Мактоого татыйм десен, акылманым,
Алар менен сыйлуу бол, өзүң дайым (4395) -

деп тыянак чыгарат.

Ошентип, академик, жазуучу Т. Сыдыкбековдун сөзү менен айтканда: «Акылман хан менен бектин, аларды тоюндурган ашпозчунун, баатыр жол башчы менен катардагы жоокердин, дегеле дыйкан менен малчынын, өнөрман менен соодагерлердин, сугатчы менен суу, багбан менен жемиш дарагына чейин, эрди-катын, ата-баланын мамилелерине чейин, адеп-ахлактын ар бир тамырын, үлгүсүн, таалимин, таасирин; коомдук түзүлүштүн мыйзамын, тартип эрежесинин калк аралык мамилелерин, ал тургай кайсы чөйрөдө тамак-ашты ичишти, адам өз боюн кандай алып жүрүштү - бакылдап сүйлөбөй, какырынып-түкүрүнбөскө чейин насаат айтып, адептүүлүктүн жибек учугун ынандырганга чейин баяндаган соң Жусуп Баласагын «Куттуу билимин» бийликтин бийлигине тартуулады»[60]

60 Т.Сыдыкбеков. Кут белгиси билик. Ж.Баласагын. Куттуу билим. Дастан. - М., НИК. 1993. 5-бет

Баласагындык Жусуп «Куттуу билимде» адамзатка таандык түбөлүктүү проблемаларды - адамдын жакшылыгы менен жамандыгы, өмүрү менен өлүмү, оң мүнөзү менен терс кыял жоругу, адамдыгы менен айбандыгы, боорукерлиги менен таш боорлугу ж.б. жөнүндө кеңири сөз болот. Өткөн доордо Кыргызстанда ар түрдүү себептер менен улуу даанышмандын чыгармачылыгы ар түрдүү көз караштардан улам изилденбей келсе, эгемендүүлүк учурунда анын ар түрдүү илимдин, маданияттын тармактары боюнча изилдене баштагандыгы Кыргызстандагы, ошондой эле дүйнөлүк илимдин өнүгүшүнө зор салым кошооруна шек саноого болбойт.

## Кыргызстандагы коомдук ойдун изилденишинен

Коомдук ой тарыхын изилдөөнүн проблемалары СССР Илимдер Академиясынын экономика, философия, укук таануу илимдери бөлүмдөрүнүн комиссиясынын бюросунун докладында (1957 -жыл, 7-май), коомдук ой тарыхы боюнча илимий сессиясында, Ригада (1974, февраль) жана Львовдо (1977, январь) өткөн Бүткүл Союздук илимий конференциянын материалдарында кеңири талкуулангандыгы белгилүү. Ошондой эле бул маселе боюнча жазылган советтик адабияттарда төмөнкүдөй көз караштар болгон:

- биринчисинде коомдук ой тарыхынын предмети философиялык, социалдык, саясый, укук таануу идеяларына бириктирилип, алардын жыйындысы катарында каралса;
- коомдук ой философиянын тарыхы менен бирдей таанылат. Жогорку көз караштардын жетиштүү эмес экендиги, терең иштелүү зарылдыгы тууралуу учурунда советтик окумуштуулар тарабынан негизделген жана жыйынтыктоочу эмгектер жарыяланган[61] Ал эми 1974–жылы болсо Ленинградда өткөрүлгөн философиянын жана коомдук ой тарыхын изилдөөнүн методологиялык проблемалары жөнүндөгү симпозиумда коомдук ойдун тарыхын изилдөөнүн өзүнүн структурасы, мыйзамдары бар деген көз караштар аныкталып, аны башка илимдердин предметтери менен аралаштырбай, өзүнчө изилдөөнүн методологиясы иштелип чыккан[62]

Коомдук-саясий-философиялык адабияттарда коомдук ойдун булагын, негизин жана объектисин белгилүү коомдук-тарыхый түзүлүш жана коомдук мамилелер түзө тургандыгы белгиленет. Коомдук ойдун түзүлүшүндөгү алгачкы **социалдык-саясый, маданий, психологиялык өбөлгө,** окумуштуулардын оюу боюнча «коомчулук» деген түшүнүктүн түзүлүшү

---

61 «Очерки истории философской и общественно-политической мысли народов СССР». М., 1955-1956; Истории философии, в шести томах. М., 1968-1971; Караңыз: Иовчук М.Т. История философии как наука: Ее предмет, метод и значение. – М., 1960; Чагин Б.А. Очерк истории социологической мысли в СССР. Л., 1971; Малинин В.А. Теория истории философии. Наука и ее проблемы. - М., 1975; История общественной мысли: Современные проблемы,, - М., 1972

62 Методологические проблемы истории философии и общественной жизни. - М., 1977

жана калыптанышы менен байланыштуу. Ал түшүнүк коомдук мамилелерди жөнгө салып туруучу институт катарында ошол коомдун маңызын көрсөтөт.

Ошентип. коомчулук деген түшүнүктүн маңызында коомдогу түзүлгөн топтордун, таптардын, жеке адамдардын социалдык-саясый активдүүлүгү жатат.

Д.Н. Ушаковдун «Толковый словарь русского языка» деген сөздүгүндө **«коомчулук», «коомдук ой пикир»** деген сөздөрдүн маанилик жакындыгы, бирдейлиги көрсөтүлөт.

Орустун улуу сынчысы, орус революциячыл демократы, ойчулу В.Г. Белинский (1811-1848) коомчулукту күчтүү кыймыл катарында караган. Ал элге жарыяланган, элдин алдында сүйлөнгөн сөздөр коомдук пикирди түзөрүн белгилеген.

Орус революционер демократы А.И. Герцен (1812-1870) да ошондой эле көз караште болгон. Булардан *коомдук ойдун түзүлүшү дегенде, андагы коомдук саясий күчтөрдүн (таптардын, катмарлардын, партиялардын, коомдук кыймылдардын, лидерлердин) белгилүү бир коомдук-тарыхый чектеги өзүнчө жүзүн, өзүнүн үнүн, тарыхый субъекттин иш-аракетин түшүнөбүз.*

Ал эми марксизмдин теоретиги жана пропагандисти, россиялык эл аралык жумушчу кыймылынын ишмери Г.В. Плеханов (1856-1918) коомдук ойдун функциясын **«коомдук турмуштан»** көргөн жана коомдук ойдун коомдук турмуш менен шартталганын, андан жараларын белгилеген. Чындыгында да коомдук турмуш коомдук ой менен бирге активдүү күч катарында аракеттенет. Коомдук ойдун аткарган милдети аны менен коомдук кыймылдын биримдигинен көрүнөт.

Ошентип, коомдун өнүгүшү бүтүндөй алганда, обьективдүү, табигый, тарыхый жараян болуп, коомдук ойдун өнүгүшүнүн негизин түзөт. Коомдук ой менен коомдук кыймыл бирдиктүү аракеттенет.

Кыргыздардагы коомдук ойдун тарыхын изилдөө XX кылымдын 50-жылдарында башталган. Андагы эмгектердин бири - Москвадан чыккан «СССР элдеринин философиялык жана **коомдук саясий** ойлорунун тарыхынын очерки» деген эки томдукта (1956) СССРдин башка элдеринин катарында кыргыздардын коомдук оюнан да маалымат бар.[63]
Алты томдук «Философиянын тарыхынын» 4-5-томдорунун (1959-1961-жж.) «СССР элдеринин философиялык жана социологиялык ойлору» деген бөлүмүндө кыргыз ойчулдарынын XIX кылымдын 60-90-жылдарынан XX кылымдын 17-жылына чейинки социологиялык-саясый ойлору, көз караштары орун алган. Анда Молдо Кылыч Шамырканов, Токтогул Сатылганов жана Тоголок Молдо жөнүндө сөз болот[64]

---

[63] Очерки по истории философской и общественно-политической мысли народов СССР. В двух томах. Том. II. М., 1956. 818-825-беттер

[64] История философии. В шести томах. Том 4. – М., 1959. 266-268-беттер.; Том 5. – М., 1961. 384-бет

Ошондой эле Москвадан жарык көргөн «СССРдеги философиянын тарыхы» деген беш томдуктун экинчи томунда (1968-ж.) Кыргызстандагы философиялык жана социологиялык-саясий ойдун өнүгүшү тууралуу сөз болуп, XVIII кылымдын экинчи жарымы, XIX кылымдын биринчи жарымындагы ойчулдардын катарына Асан-Кайгы, Санчы-сынчы киргизилген[65]

Ал эми ошол эмгектин 4-томунда болсо XIX кылымдын аягы, XX кылымдан башталышындагы кыргыз коомундагы социалдык дифференциялануу процесси жана коомдук ойдогу карама-каршы демократиялык жана консервативдик агымдар берилген.[66]

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн илимий маалыматтарда коомдук ойдун тарыхы коомдук-саясий, философиялык, кийинчерээк социологиялык деген аталыштар менен талданат. Бирок, СССРдин мезгилинде «социология» деген терминди пайдалануу өзүнчө татаал маселе болгондугу да чындык. XX кылымдын 50-жылдардын аягы, 60-жылдардын башталышындагы коомдук турмуштун, идеологиялык кырдаалдын аз да болсо өзгөрүшү социологияны жандандырган.

Мындай жараян СССРдин идеологиясына ылайыкташкан Кыргызстандагы коомдук ойдун изилденишинен да байкалган. Алсак, XX кылымдын 50-60-жылдарында Союздук жана республикалык басма сөздөрдө кыргыз окумуштууларынын социологиялык багыттагы илимий макалалары жарыяланган.[67]

Кыргызстандагы коомдук ойлорду изилдөөчүлөрдүн көч башында философия илимдеринин докторлору, профессорлор А. Алтмышбаев, Б. Аманалиевдер туруп, элдик ойчулдардын коом жана коомдук мамилелер жөнүндөгү көз караштарын окуп-үйрөнүп, кыргыз социологиясынын теориялык негиздерин биринчилерден болуп түзүшкөн десек жаңылышпайбыз.

Коомдук ойду изилдөөдө конкреттүү тарыхый кырдаалдарды туура баалоо, андагы тенденцияларды көрө билүү зарыл шарттардан экендиги жана оң натыйжаларды берери анык. Ар кандай элдин ой пикири жөнүндөгү маселеде анын өнүгүшү, тандаган жолу, коомдук прогресси, таасир эткен коңшу эли негизги маселе экендигин изилдөөчүлөр белгилеп жүрүшөт.

Ал эми XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун өнүгүшүнүн жолдору деген маселенин айланасында ар түрдүү

---

[65] История философии в СССР. В Пяти томах. Том 2. – М., 1968. 529-530-бетттер

[66] История философии в СССР. В пяти томах. Том 4. - М., 1971. 718-722-беттер

[67] Караңыз: Очерки по истории философской и общественно-политической мысли народов СССР. В двух томах, том. II, М., 1956, 818 -825-беттер; История философии. В шести томах. Т. IV, М., 1959. 266-268-беттер; том. V, М., 1961, 384-бет; А. Алтмышбаев. Из истории развития общественно-политической мысли киргизского народа в конце XIX и начале XX веков. «Известия Академии наук Киргизской ССР», вып., IV. изд., АН Кирг. ССР. Фрунзе, 1957.; История философии в СССР. В пяти томах, Т. 2. М., 1968. 529-530-беттер; Т. 4. М., 1971. 718-722-беттер; Аманалиев Б. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо (дооктябрский период). - Фрунзе. 1963.)

ойлор, карама-каршы көз караштар байкалган. Бул доордогу кыргыз коомунун өнүгүшүндөгү башкы багыт кыргыздардын Россияга каратылышынан кийинки коомдук өзгөрүүлөргө байланыштуу. Мындагы негизги маселелердин бири - идеологияга таптык күрөштүн айланасында болуп, Октябрь революциясына чейинки кыргыз коомунун өнүгүш жолун тандоодо.

Кайсы жол менен кетиш керек? Эскиче жашоо керекпи же жаңыча өнүгүү керекпи? Ушул маселелердин тегерегинде түрдүү агымдар пайда болгон. Окумуштуулардын байкоосунда кыргыздардагы коомдук ой ар түрдүү багыттардын негизин - коомдук прогресске умтулуу, орустарга жакындашуу, алардын маданиятын өздөштүрүү аракети түзгөндүгү ачык көрүнгөн.[68] XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз коомундагы көз караштардын негизги багыттарын белгилеген жана обзордук таризде мүнөздөп, кийинки изилдөөчүлөргө проблемаларды койгон алгачкы изилдөөчүлөргө А.Алтмышбаев, А. Давлеткельдиев, М. Жунусовдордун макалалары[69] кирет.

Сөз болуп жаткан проблеманын өнүгүү тарыхы же этаптары жөнүндө да ар түрдүү көз караштар бар. Мисалы, А. Алтмышбаев Кыргызстандагы коомдук ойдун тарыхынын үч мезгилин көрсөтөт:

- феодалдык мезгил (Калыгул, Арстанбек ж.б.);
- алгачкы буржуазиянын пайда болуу мезгили (Молдо Кылыч ж.б.);
- элдик демократиялык мезгил (Токтогул, Тоголок Молдо ж.б.)

Мындай мезгилдерге бөлүштүрүү, профессор Б. Аманалиевдин оюу боюнча, тактоого муктаж, анын мүчүлүштүгү кыргыздардын XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башталышындагы гана коомдук-саясий оюнун тарыхы менен чектелгендигинде.

Көрсөтүлгөн мезгилге чейинки кыргыз ой-пикирлеринин байлыгы унутта калып отурат, ал байлыктарды же XVI-XVIII кылымдардагы элдик жана жеке ойчулдардын коомдук көз караштарын изилдөө эми гана башталган мезгилде илимий мүчүлүштөргө алып келет. Андан ары белгилүү философ буларга токтолот: этаптар же мезгилдер деген түшүнүктөрдө бирине экинчисинин өтүп, бири-биринен кийин башталып, хронологиялык улануучулук болот. Ошондо гана кыргыздардын коомдук оюнун өнүгүшүнүн багыттарын изилдөө туурараак болор. Себеби жашоосун бүткөн феодалдык

---

[68] Б. Аманалиев. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо (дооктябрский период). - Фрунзе. 1963,17-бет

[69] Алтмышбаев А.А.. Давлеткельдиев А.Д., Жунусов М.С. Общественно-политическая и философская мысль в Киргизии// Очерки по истории философии и общественно-политической мысли народов СССР. Т. 2. - М., 1956. 818-825–беттер жана А. Алтмышбаевдин эмгеги: Из истории развития общественно-политической и философской мысли киргизского народа конце 19 и начале 20 веков. //Известия Академии наук Киргизской ССР. Вып. 4. - Фрунзе, 1957.

коомдук-экономикалык баскычка каршы жана аны жактаган агымдар болгондугу - кыргыз тарыхынын чындыгы[70]

Кыргыз элинин Октябрь революциясына чейинки коомдук түзүлүшүнүн, социалдык-экономикалык мамилелеринин, рухий маданиятынын ар кайсы жактары изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде бир далай талдоолордон өткөнү маалым. Бирок улуттук коом таануубузда байкалып келеткан бир чоң өксүк Кыргызстандын коомдук-саясий жана философиялык ой-пикиринин тарыхын атайын изилдөөгө алган монографиялык эмгектердин жокко эселиги болчу.

Ушул бөксөлүктү Кыргыз илимдер академиясынын анык мүчөсү А. Алтмышбаевдин «Ленин жана Кыргызстанда марксизмдин пропагандаланышы. 1905-1923-жылдар» (Фрунзе, 1967); «Октябрь жана Кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин өнүгүшү» (Фрунзе, 1980); «Революцияга чейинки Кыргызстандагы коомдук-саясый-философиялык ой пикирлердин тарыхынын очерки» (Фрунзе, 1985) (орус тилинде) деген фундаменталдуу эмгектери белгилүү өлчөмдө толуктады.

Чындыгында Кыргызстандагы коомдук-саясый жана философиялык ой-пикирлердин тарыхын изилдөөнүн бөтөнчө кыйын жагдайлары бар экени түшүнүктүү. Ал баарынан мурда көп кылымдык тарыхтагы көз караштарды каттап калган үзгүлтүксүз улуттук жазма же басма эмгектердин аздыгына байланыштуу. Ошон үчүн өткөндүн тарыхына кайрылышмакчы болгон ар бир илимпоздун алдында «Кандай эмгектерге, булактарга таянуу керек»? деген принципиалдуу суроо турат. Ч. Айтматов буга мындай деп жооп берет: «Кол жазмалары сейрек казына катары Вена менен Каирде сакталып турган Жусуп Баласагындын поэзиясы, «Манас» менен бирге биздин ата-бабаларыбыздын руханий турмушунда кылымдардан келаткан бирдиктүү лингвистикалык негиздеги өз ара байланыштуу эки маданияттын - отурукташкан жазма жана оозеки - көчмөн түрүндөгү маданиятыбыздын түпкү башатын ырастаган накта улуттук кенчибиз».

Демек, элдик оозеки чыгармачылык жана аз санда болсо да кездешүүчү жазма булактар - руханий маданиятыбыздын башаты.

Ал эми А. Алтмышбаев бул маселелерди дагы такташтырат. «Биздин колубузда азырынча кыргыздардын аң-сезиминин эң байыркы формалары тууралуу материалдар жок. Биз байыркы доордун кийинчерээк учурларына жана орто кылымдарга тийиштүү маалыматтарга гана ээбиз. Алар:

- Кытайдын тарыхый хроникасынан белгилүү орус синологу Н.Я. Бичурин тарабынан чогултулган көчүрмөлөр;
- байыркы түрк жазуусунун Орхон-Енисей эстеликтери;

---

[70] Аманалиев Б. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо (дооктябрьский период). - Фрунзе, 1963,17-бет.

- соңку мезгилде табылган археологиялык материалдар, орто кылымдагы (Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгарынын) эстеликтер;

- кыргыз фольклору»[71].

Кыргыз фольклору өзүнүн тарыхый өнүгүш жолунда аз-аздап коллективдүү чыгармачылыктан индивидуалдуу чыгармачылыкка өтө баштаганын көңүлгө түйүү керек. «Манастагы» Ырамандын ырчы уулунун, Жайсаң ырчынын эскерилиши, Жээренче чечен жөнүндө жомок, «Токтогулдай (сөз Токтогул Сатылганов жөнүндө эмес, легендарлуу акын туурасында) ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» деген кеп ошол жараяндын башталышы. Ал эми болжол менен XVI-XVIII кылымдарда жашашкан Асан-Кайгы[72] Санчы-сынчы сыяктуу фигуралар анын улантылышын күбөлөйт. Булардын чыгармаларындагы көз караштарды изилдөө, кыргыз оюнун тарыхына киришүү, албетте, келечектин иши.

Кыргыз коомдук оюнун тарыхын изилдөөдөгү дагы бир олуттуу маселе - мезгилдештирүү. Бул проблемада А. Алтмышбаев туура методологияны карманып, коомдук ойдун тарыхын төмөндөгүдөй формациялык баскычтарга бөлөт:

Байыркы жааматтык түзүлүштүн ордуна келген уруу-урукчулдук түзүлүш, бул V кылымдын акырына дейре созулат;

- VI кылымда башталган феодалдык мамилелер, XIX кылымдын аягына чейин үстөмдүк кылат;

- Кыргызстандын Россиянын тутумуна кошулушу менен капиталисттик өнүгүүнүн алгачкы белгилери көрүнөт. Жалпысынан А. Алтмышбаевдин сунуш кылган жогорку мезгилдештирүүсүндө тарыхый (историзм) принцип бекем сакталган[73]

Коомдук ойдун тарыхын иликтөөдө XIX кылымдагы жана XX кылымдын башталышындагы коомдук-саясий түзүлүштүн аталышын тактап алуу да башкы маселе. Бул мезгилге карата илимий адабияттарда «патриалхалдык-феодалдык түзүлүш» жана **«феодалдык-патриархалдык түзүлүш»** деген терминдер колдонулат. Аталган мезгилде кыргыз элинин коомдук турмушунда феодалдык мамилелердин басымдуулук кылгандыгына байланыштуу **«феодалдык-патриархалдык түзүлүш»** деп атаган жөндүү.[74]

Ошентип, кыргыз элинин коомдук оюн, анын өнүгүш тарыхын изилдөөдө али проблемалар көп. Аларды иликтөөгө ар түрдүү илимдердин өкүлдөрү тартылууга тийиш.

---

[71] А.Эркебаев. Элдик эпостон адабий эпоско.. Фрунзе, 1990, 17-бет

[72] Ч. Валихановдун айтуусу боюнча. Асан Кайгы «көчмөн элдин философу». (История философии в СССР. Т.2. М., 1968. 529-бет

[73] А.Эркебаев. Элдик эпостон адабий эпоско… - Фрунзе, 1990, 12-бет.; 22-бет

[74] Аманалиев Б. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо (дооктябрьский период). - Фрунзе, 1963,12-бет.

Аталган мезгилдеги кыргыз коомдук турмушун изилдөөдөгү дагы бир проблема - бул «Заман» агымы. Ал XIX кылымдын биринчи чейрегинде пайда болуп, чыгармачылык иши, негизинен, Октябрь революциясына чейинки мезгилге тушташ айрым кыргыз ойчулдары «Замана» деген ат менен көлөмдүү чыгармаларды жаратышкандыгына байланыштуу. Мисалы Калыгул Бай уулунун (болжол менен 1785-1855) «Акыр заман», Арстанбек Буйлаш уулунун (болжол менен 1824-1878) «Тар заман», Молдо Кылычтын (1866-1917) «Зар заман», Алдаш Молдо Жээнике уулунун (1874 - 1930) «Хал заман», Жеңижоктун (1860-1920), Сагынбай Орозбак уулунун, Тоголок Молдонун «Замана» деген чыгармалары ж.б. Ушул ат менен жаралган чыгармалар Кыргызстанда «замана агымы» деген шарттуу термин менен аталган тарыхый жана философиялык, социалдык-саясый жана адабий изилдөөлөрдүн пайда болушуна негиз түзгөн[75].

«Замана» темасына байланыштуу чыгармаларында ойчулдар өздөрү жашаган доордун жалпы мүнөзүн жана негизги өнүгүү багыттарын, карама-каршылыктарын, орчундуу саясий, этикалык, философиялык, социологиялык маселелерин феодалдык-патриархалдык идеологиянын негизинде андап билүүгө, түшүндүрүүгө аракет жасашкан. Алардын көз караштары ар түрдүү позициядан бааланган: кээ бир коомдук ой-пикирди изилдөөчүлөр прогрессчил көрүнүш дешсе, башкалары алардын идеялык багытынан реакциячыл мүнөздү көрүшөт[76].

«Замана» агымы жөнүндөгү алгачкы изилдөөлөрдө ал агым кыргыздардын XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы коомдук ой-пикиринин ички өнүгүш жараянынан келип чыккан жергиликтүү көрүнүш катары бааланган. Чындыгында, кийинки изилдөөчүлөр көрсөткөндөй, ал бир жерге, бир элге тиешелүү көрүнүш эмес, эл аралык, дүйнөгө кеңири таралган идеялык багыт. Анын идеялык уюткусу «Библия» менен мусулмандардын ыйык китеби эсептелген «Куранда» айтылган.

«Замана» идеясы Борбордук Азияга арабдардын жеңип алууларынын натыйжасында келип, ислам дини менен кошо тараган. Аталган окуунун өнүгүп–өрчүшү борбордук азиялык мистик ойчул Акмад Ясавинин (XII кылым) жана анын шакирти Сулайман Бакырганинин (XII кылым) ысымдарына көбүрөөк байланыштуу. А. Ясавинин «Дивани хикматында» («Санаттар жыйнагында»), айрыкча С. Бакырганинин ыр китебинде жана дастандарында («Ахыр заман китаби») исламдын негизги жоболору менен катар «Замана» мотивдери да бир кыйла көп орун алган.[77]

---

[75] Кыргыз совет энциклопедиясы. 2-том. – Фрунзе, 1977. 559-бет

[76] Б. Аманалиев. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо (дооктябрский период). - Фрунзе, 1963. 17-18-беттер.

[77] Кыргыз совет энциклопедиясы. 2-том. - Фрунзе, 1977, 559-бет; А. Эркебаев. Элдик эпостон адабий эпоско ... - Фрунзе, 1990. 14-бет; Б. Аманалиев. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо (дооктябрский период).- Фрунзе, 1963. 19-бет

Ошентип, бул агым түрк урууларынын жандуу тилдери жана оозеки чыгармалары аркылуу эл арасында кеңири тамыр жайган. Кийинчерээк доорлордо ылайыкташтырылып, өзгөртүлүп, кошумчаланып отурган.

«Элдик эпостон адабий эпоско...» деген эмгегинде А. Эркебаев заманчылардын чыгармачылыгындагы чектелгендик менен карама-каршылык ишенимдүү ачылбай, туура түшүндүрүлбөй келаткандыгына өкүнүп, бул агымдын кыргыз коомундагы ойчулдардын чыгармачылыгындагы жаңылык эместигин белгилейт. Ошондой эле мусулман дининин улам терендөө мезгилиндеги көз караштары социалдык башка чөйрөдө, тарыхый бөлөкчө шарттарда жашашкан XIX кылымдагы кыргыз ойчулдарынын көчүрүп келүү (илимий тил менен туюнтканда, экстрополяция жасоо) анча туура болбой тургандыгын эскертет[78]

«Замана» агымы XVII-XVIII кылымдардагы Бухар-жырау, Нысанбай, Досходжа, Кудери, Байтек ж.б казак акындарынын чыгармаларында да орун алган[79]

«Замана» идеясы Россия империясы Борбордук Азия элдерин каратуу саясатын күчөткөн мезгилде түрк тилдериндеги адабияттарда кайрадан жандана баштаган. Мисалы, С. Бакырганинин «Ахыр заман китабин» кайра бастырышып, түрк тилдеринде сүйлөгөн мусулмандар арасында таратылат. Ошону менен катар XIX кылымдын экинчи жарымында диний мистикалык чыгармалар («китаби елендер») казактын оозеки чыгармачылыгынын репертуарына кире баштаганын өз убагында Ч.Ч. Валиханов жана В.В. Радлов да белгилеген. Мындай чыгармалардын үлгүлөрүнө 1883-жылы Ташкенден «Кыргыз хрестоматиясы» деген ат менен басылып чыккан жыйнактагы «Зар заман» сыяктуу көлөмдүү чыгармаларды көрсөтүүгө болот.

Кыргыз ойчулдарынын чыгармаларындагы «замана» агымынын пайда болушун жана өнүгүшүн жалаң гана тышкы таасир менен түшүнүрүүгө болбойт. Россияга кошулгандан кийин кыргыздардын социалдык-экономикалык, саясый турмушундагы өзгөрүүлөр, тактап айтканда, колонизатордук административдик реформадан улам мурдагы тектүү уруу башчыларынын бийликтен тайышы, феодалдык-патриархалдык мамилелердин ыдырай башташы, падыша өкмөтүнүн алгач көчмөн элдер арасында исламдын таралышына атайын камкордук көрсөтүшү сыяктуу факторлор да кыргыз ойчулдарынын чыгармачылыгындагы «замана» мотивдеринич тамыр жайышына зарыл шарттарды түзгөн.

«Замана» агымынын негиздөөчүсү Калыгул кыргыз жеринде падыша өкмөтү өз бийлигин жаңыдан орното баштаган мезгилде, ал эми Калыгулдун идеялаш мурасчысы Арстанбек ошол бийлик кадыресе бекемделген доордо жашаган. Ошондуктан алар« Акыр заман» жана «Тар заман»

---

[78] А. Эркебаев. Элдик эпостон адабий эпоско ... - Фрунзе, 1990, 15-бет

[79] Б. Аманалиев. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголок Молдо (дооктябрский период) - Фрунзе, 1963. 19-бет; А. Эркебаев. Элдик эпостон адабий эпоско... - Фрунзе, 1990. 14-бет

чыгармаларында өз учурундагы көчмөн кыргыз коомунда эски феодалдык-патриархалдык салттар ыдырап, социалдык мамилелерде жаңыча көрүнүштөр пайда боло баштаганын белгилүү даражада байкашкан. Мисалы, Арстанбек Буйлаш уулунда:

«Ушул орус чыкканда
Бир, эки деп санаган,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы,
Кыйын чыгат дечү эле.
Этеги жок, жеңи жок,
Кийим чыгат дечү эле.
Алтын, күмүш түгөнүп,
Кагаз акча пул болуп,
Тыйын чыгат дечү эле».
«Ошол орус чыкканда,
Кала коргон көбөйүп,
Кент (Кент - иран сөзү. Калк отурукташкан жай.)
түгөнөт дечү эле.
Төгөрөктөн удурган,
Коргон чыгат дечү эле».
« Карагайдын башында
Чыны болот дечү эле,
Чыны менен жүргүзгөн,
Зымы болот дечү эле.
Алты айчылык жолдордон
Алты күндө сүйлөшкөн
Бул капырдын сыры
болот дечү эле.
Бул Заманың кай заман,
ой журтум».
«Ушул Заман тар заман
Азуулуга бар Заман
Бечарага зар Заман».
«Ой журтум, аман
болсоң көрөсүн,
Араба менен чананы».

Эски каада-салттардын жана адеп-ахлак нормаларынын бузулганына, мурдагы эл башкарган тектүү «жакшылардын» бийликтен четтеп калганына, замандын баштагыдан «тарып», акыркы чегине жеткенине кайгырышкан: "Тар Заманда»:

«Эки агайың бир тууган
Акы алышат дечү эле,
Айтканына ишенбей,
Бата алышат дечү эле».

«Эми орус зор болду,
Кайран кыргыз кор болду.
Былтыркыдан барк кетти
Каада-нуска нарк кетти».
« Жайлоо тургай жер кайда
Жайылып жаткан эл кайда» ж.б.
«Азаматтан күлкү өлдү
Айдап жүрүп жылкы өлдү.
Жорго жолдон суурулуу
Кайран Заман кууруду».

Алдыга багытталган коомдук идеясы жок болгондуктан алар артка кылчайып, мурдагы патриархалдык мамилелерди жана салт-санааларды идеализациялашкан, «кой үстүндө торгой жумурткалаган» иллюзиялык заманды, «алтын кылымды» көксөп зарланышкан. Демек, Калыгул менен Арстанбек өз чыгармаларында тектүү кыргыз феодалдарынын таптык көз караштарын, алардын коомдук идеалын чагылдырышкан. Олуя акындардын чыгармаларында диний-мистикалык мотивдерге караганда көчмөн коомго мүнөздүү феодалдык-патриархалдык идеологиянын элементтери көбүрөөк орун алган. Калыгул менен Арстанбекти мындай идеялык позицияга өздөрүнүн тарыхый жактан чектелгендиги, ислам дининен үстүрт кабардардыгы жана социалдык абалы боюнча бай-манаптарга жакын тургандыгы алып келген.

XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башы ченде «замана» агымы аздыр көптүр идеялык эволюцияга дуушар болгону байкалат. Бул мезгилде Кыргызстанда диний окуу жана адабияттар көбүрөөк таралып, эски феодалдык-патриархалдык идеология ислам дини менен эриш-аркак айкалышып кеткен. Мусулмандык басма сөзгө жана оозеки үгүт насаатка кирген **пантуркизм**[80] идеялары менен сабаттуу кыргыздар да белгилүү даражада тааныша башташкан. Мына ушундай себептерден улам анча-мынча диний билими бар ырчылардын санаттарында, асыресе, Молдо Кылычтын «Зар заманында», Алдаш Молдонун «Хал заманында», Жеңижоктун «Заманында» мурдагы заманчылардан кабыл алынган салттуу мотивдерге караганда диний китептерден өздөштүрүлгөн мистикалык идеялар басымдуу.

Мисалы, Молдо Кылыч «Зар Заманда» өзүнүн билими, диндин таасири, адамдардын элдердин жаралышына теологиялык көз караштa болгонуна мисал катары төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот:

---

[80] Пантуркизм – түрк тилдеринде сүйлөгөн элдерди, баарынан мурда мусулман түрктөрдү бириктирип, Түркия мамлекетинин карамагына кошуу максатын көздөгөн улутчул-шовинисттик буржуазиялык идеология жана **панисламизм** Панисламизм - улутуна жана табына карабастан ислам бардык мусулмандардын жалпылыгын камсыз кылат: Халифтин бийлигине бүт мусулмандарды бириктирүү башка мамлекеттик жана саясий бирикмелердин баарынан маанилүү маселе деген түшүнүктөргө таянган саясий идеология

«Зар Замандын казалы
Калем алып жазалы.
Жөнү жокту жаздың деп,
Кудайым кылба жазаны.
Молдо Кылыч менин атым
Болжолу жок санатым
Чаар китептен аз окуп.
Чала чыккан сабатым», - десе, адамдардын

жаралышы, дүйнөгө таралышы жөнүндө төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот:

«Адам ата, Обо эне
бир канчалык көп бала
-экөөнөн туулду.
Дин мусулман, каапырлар
Шол адамдын уругу».
«Алла таала кудурет
Ар түрдүү жан жаратты
Насип салып баарысын,
Жер жүзүнө таратты».

Мындан башка дагы кыргыздардын динге ишенимине орустардын таасири тийбегендигине төмөнкү ыр саптар күбө боло алат.

«Орустун жоктур залалы
Көрүнөт көзгө карааны,
Көрө албай куруп жатабыз
Жүрдү деп анын арааны.
А болбосо кургурдун,
Адамга жоктур залалы.
Каапырлыгы тийбесе
Кайдан муну жаманы.
Каапырлык кылып адамга
Каршылык кылбайт динине.
Колумдан келип турат деп.
Өкүмдүк кылбайт элиңе.
Эмне десе, кыргыздын
*Ишенип калат кебине»*[81] *- деген ыр саптардын* маанисине караганда эмгекчил элдин өкүлдөрүнүн мамилелеринин бири-бирине тийгизген таасири чоң деп ойлоо керек.

«Замана» агымынын өкүлдөрүнүн чыгармаларын талдоо менен төмөндөгүдөй ой-пикирлерди белгилөөгө болот Алар:

- кыргыз эмгекчилеринин жакырланышын, кыргыз коомундагы

---

[81] Молдо Кылыч. Зар Заман. Караңыз: Кыргыз поэзиясынын антологиясы. Том 1. – Бишкек., 1999. 692-694-беттер

таптык карама-каршылыктардын жана жиктелүүнүн күчөшүн. Ар кандай «куулук-шумдуктардын» көбөйүшүн кош эзүүнүн натыйжасы катары караганы биринчи жагынан болсо;

**экинчи жагынан,** ата-баба салтын унуткандыктан, дин жолунан чыккандыктан;

**үчүнчү жагынан,** орустардын алгачкы келе башташындагы «каапырлардын» кыянатчылыгынан деп түшүндүрүшүп, карапайым эмгекчилердин сезимдериндеги өзгөрүүлөргө жаңы багыт беришкен деген тыянакты XX кылымдагы кыргыз изилдөөчүлөрүнүн бир тобу айтышкан;

**Төртүнчүдөн,** Кыргызстандагы коомдук ойдун тарыхынын «Замана» агымынын көрүнүктүү өкүлүнүн чыгармачылыгына арналган илимий адабияттардагы (XX кылымдагы) кээ бир көз караштарды көрсөтүү менен аларды толук изилдөө, оң, терс жактарын салыштыруу, дагы да тактоо - Кыргызстандын изилдөөчүлөрү тарабынан жаңыча көз караште изилдене баштагандыгын белгилөөгө болот.

## Замана агымындагы социалдык-саясый ой-пикирлер жөнүндө.

«Заман» агымындагы кыргыз ойчулдары коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү жөнүндөгү ой-пикирлерин орустардын Кыргызстанга келиши менен байланыштырышкан. Бул идея Калыгул Бай уулунун, Арстанбек Буйлаш уулунун, Молдо Кылычтын чыгармаларына бүтүндөй таандык экендигин көрүүгө болот. Мисалы, «Акыр заманда»:

«Өзү сары, көзү көк.  
Орус деген эл келээр.  
Арканга алган жер болор.  
Өстүрүп ийбес,  
Этеги жерге тийбес,  
Калк кысылар  
Заманың бузулар».

Замандын бузулушун, акылдуу адамдардын алдын ала айтышын, акыр замандын жакындыгын жарыялап, эл массасынын кыйынчылыкта болорун төмөнкүдөй сүрөттөйт:

«Азиздер (Азиздер – урматтуу, кымбаттуу адам.) айтып кетиптир  
Акыр заман болжолун».  
«Акыр заман айлы жакын  
Азаарсың да тозоорсун».

Ал эми: «Капыр менен аралаш айыл конор, ошол заман жакын болор» дегени эки элдин биримдиги, жанаша жашашына да үмүткөр болгонун билгизгендей көрүнөт.

Калыгул Бай уулу коомдун өзгөрүшү зарылчылыктан деп билип, ал дайыма тегеренип жүрүшүн айткан. Бул болсо коомдун өнүгүшүндөгү «айлануу мыйзамын» эске салат десе да болчудай:

«Түрдүү заман ушинтип,
Өтүп кеткен,
Тегеренин шум дүйнө
Бизге жеткен»

Замандын өзгөрүшү менен кыргыз коомундагы феодалдык уруучулуктун бузулушуна төмөндөгүдөй баа беришип, арман кылышкан:

«Карыдан каада кетер,
Катындан уят кетер.
Келинден келбет кетер,
Уулдан урмат кетер.
Кыздан кылык кетер,
Атанын тилин уул албас,
Аганын тилин ини албас» - деп «Акыр заманда»

айтылса, «Тар заманда»:

«Эки агайын бир тууган
Акы алышат дечү эле,
Айтканына ишенбей
Бата алышат дечү эле» – дейт Арстанбек

Буйлаш уулу.

Ал эми Молдо Кылычтын «Зар заманында»:

«Эмдигини карачы
Азыргысы ченеде,
Унутту нокто желени.
Бээ байлап кымызды,
Кана кимиң бересиң?
Байыркыдай үлүштү
Канакей элиң жегени?»
«Илгеркидей балдарга
Көчө минзэр жылкы жок,
Жүгөн салып кармаарга
Бала тургай ат жетпейт
Алтымышта чалдарга.
Илгеркинин байлары
Даты билди пайданы.
Эмдигини карасаң
Көчүн жоо айдады.
Катын бала бир-бирден
Атка минбек кайдагы.
Учкашады экиден
Унаа жетпей калганы».

Пейилдин бузулушу жөнүндө:

«Нуска журук жоголду
Жакшы менен жамандан
Заманынын шумдугу –
Байлар кылды ууруну.
Байкап туруп сөз айткан
Жаш балдардын куулугу.
Ынтымагы келишпей
Бир атанын уругу».[82]

«Акыр Замандагы» адам жана эл маселелеринин берлиши:

«Акыр заман адамы
Бакыл болот деп айткан».
«Акыр заман адамы
Алым болот деп айткан.
Аяттын сөзүн бек тутпай
Залым болот деп айткан».
«Кайгысыз киши карыбайт,
Калп айткан киши (адам)жарыбайт».
«Пейли тар киши бай болбойт
Көөнү тар адам бай болбойт».
«Атын баккан азамат
Катын багар.
Итин баккан аялдар
Элге жагар.
Элге жаккан ал аял
Эрге жагар.
Жакшы чыккан азамат
Элин билээр.
Элин билген ал адам
Билим билээр.
Эчен түрдүү адамдын
Тилин билээр.
Чыгып турган ал адам
Чынар болоор.

Андан ары Калыгул чынар чоңойоорун, тамырдуу болуп өсөөрүн, анда булбулдар, чымчыктар конуп сайраарын, адамдарга көлөкө болорун, керектигин баса көрсөтөт да пайдалуу, демек, жакшы адам тууралуу жазат:

Андай адам табылбайт,
Кайда болоор.
Ошол чыкса дүйнөгө
Пайда болоор.

---

[82] Арстанбек Буйлаш уулу. Тар Заман. Караңыз: Кыргыз поэзиясынын антологиясы. I том. – Бишкек, 1999. 575-576-беттер

Ошентип, дүйнөгө келе турган адамды асмандагы күндүн жарыгына, салыштырат да ал адамдардын бардыгына бирдей экенин белгилеп, оюн төмөнкүчө улап:

Ошол адам ойлосон,
Кимден чыгаар.
Ушул турган калайык
Элден чыгаар[83] - деп келечекке үмүттөгөндүгүн билгизген.

Калыгул кыргыз **коомунун социалдык түзүлүшү** жөнүндө:

«Бир адамдан
Алтымыш уул тараса.
Ар кимиси
Ар бир ишке жараса.
Он беши дилде кылыч байланса.
Он беши хан алдында сайраса.
Он беши аштык эгин айдаса.
Он беши төргө көчүн жайласа»

Мындан башка:

«Карысы болбойт эл болбойт»
«Шайыры болбой эл болбойт», -
деген да ойлор айтылган.

Замана агымындагы кыргыз ойчулдарынын бийлик мамилелеринин өзгөрүшү жөнүндө ойлору да кызыгууну жаратат. «**Акыр заманда»**:

«Кул бий болоор»
«Тексиз жерден бий чыгар»
«Бий болбогон бий болсо,
Айтылбаган сөз калбайт» - деген

ойлордун мааниси, бийликке кокустан келгендердин арты жакшы болбогондугун эскертүү менен, бийликте даярдыгы, тажрыйбасы, билими барлар турса максатка ылайыктуу болоорун эскерткен. Ошондой эле Калыгул Бай уулу бийликтин башына зордукчул адам келсе, анын кор болорун да эскертет. Бийликтин жакшысы элдин ынтымагын бекемдей турганын да белгиленген:

«Ырыс алды ынтымак,
Ынтымагы жок болсо
Алдыңдан таяр алтын так»,[84] - деп Калыгул айтса, ошол эле маанини башка формада Арстанбек: «Ынтымак болсо элинде, кут конордун белгиси», - деп кайталайт.

---

[83] Калыгул Бай уулу. Акыр Заман. Караңыз: Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 1-том. – Бишкек, 1999. 523-524-беттер; 528-бет

[84] Калыгул Бай уулу. Акыр Заман. Караңыз Кыргыз поэзиясынын антологиясы. I том. – Бишкек, 1999. 585-бет

Кыргыз ойчулдарынын бул айткандары XXI кылымдагы кыргыз коомдук түзүлүшүндө да маанисин жоготкон жок десе туура болор. Арстанбек Буйлаш уулундагы дагы бир көңүл буруучу маселе, коомдун өзгөрүшү менен аялдардын бийлик системасына аралашуусу күчөйт, азыркы тил менен айтканда, бийлик феминизацияланат.

«Эмки азамат баарысын
Катын бийлейт дечү эле
Зайып чыгып жыйынга
Чечен болот дечү эле».
«Кыз сыйлабайт энесин,
Ыстарчы кылып коюптур
Бир чыйрак сынган эмесин».[85]

Арстанбек Буйлаш уулунда жана Молдо Кылычта орустар келгенден кийинки башкаруу системасындагы өзгөрүүлөргө көбүрөөк басым жасалган. Алардын чыгармаларында төмөндөгүдөй саясый түшүнүктөр учурайт: **Болуш, бий, он башы, элүү башы, ыстарчын, манап, кан (хан), аким.** Бул мансапкорлордун кыргыз коомундагы ролун, ордун көрсөтүшкөн. Мисалы, «Тар Заманда»:

«Ошол орус чыкканда
Миң үйлүүгө баш болуп
**Болуш** чыгат дечү эле.
Суу башында үйү бар,
Үй башында **бийи** бар.
Буйрук менен кондурган
Конуш чыгат дечү эле
Он бөлөктөн үй чыкты
**Он башы** деген бир чыкты.
Эки бөлөк үй чыкты,
Тебетейин кырдантып,
**Элүү башы бий** чыкты.

---

[85] Арстанбек Буйлаш уулу. Тар Заман. Караңыз: Кыргыз поэзиясынын антологиясы. I том. Бишкек. 1999. 575-578-беттер.

Бирди болуш жеп койду
Бир ыстарчын деп койду.
Жасоолдор минди жакшы атты
Жардынын баарын какшатты.
Жасоолдор минди күлүктү.
Атан төө менен чүлүктү,
Элге салды бүлүктү.
Ушул заман тар заман
Азуулуга бар заман.
Бечарага зар заман»[86]

Арстанбек Буйлаш уулунун санат ырларында кандар, акимдер төмөндөгүдөй сүрөттөлгөн:

«Катарлаш элге кан чачса,
Канкорлорго жан тартса,
Кандын жайы - кара жер.
Кара өзгөй болсо калкына,
Калктын жетпей баркына
Жакырдык жанды кыйнаса
Өйдө-төмөн чарпыла
Акимдин жайы кара жер.
Калкы турса каржалып.
Калктын камын ойлобой,
Келечегин болжобой,
Казына чачса калактап,
Эки көзү алактап,
Бул - кара өзгөй аким белгиси»[87]

Молдо Кылычтын «Тар Заманында» орустардын келиши менен бийликтеги өзгөрүүлөргө болгон мамилелердин өзгөрүшү жөнүндө сөз болот:

---

[86] Арстанбек Буйлаш уулу. Тар Заман. Караңыз: Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 1 том. - Бишкек. 1999, 575-578-беттер
[87] Ошонун өзүндө. 582-бет

«Болуштукту талашуу

Элдин эки тарабы.

Жаңжал болуп чыр чыкса

Журтка тиер залалы».

Мында элдин уруу бирикмелерин ынтымакка чакыруу байкалып, ал ураандын азыркы кыргыз коомуна да тиешеси бардай сезилет. Бул маселени Калыгул «өсөөр элге кириш кирет, өспөс элге уруш кирет» деген накыл сөз менен туюнткан.

Молдо Кылычтын азыркы кыргыз саясый аң-сезимине туура келе турган төмөндөгүдөй ыр саптарын келтирүү да кыргыз коомунун мүчөлөрүн ойлонтууга түрткү берээр:

«Орустун пейли кең экен,

Ынсап салган неме экен»

«Өзүндүн бий болушун,

Кетирип жатат шайынды».•

Келтирилген пикир өткөн кылымдарда айтылса да XXI кылымдагы кыргыздардын саясый аң-сезимине таасирин тийгизүүгө тийиш.

Кыргыз коомдук оюндагы XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башталышындагы экинчи бир агым - бул прогрессивдүү демократиялык агым. Анын көрүнүктүү өкүлдөрү Токтогул, Тоголок Молдо жана Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгын, ошондой эле XX кылымдагы башка ойчулдардын, илимпоздордун мурастарын изилдөө - келечектир вазийпаси.

---

• Молдо Кылыч. Зар Заман. Караңыз: Кыргыз поэзиясынын антологиясы. Том 1. – Бишкек., 1999. 692-694-беттер

**ЭКИНЧИ БӨЛҮК**

# СОЦИОЛОГИЯ

**Социологиянын предмети, структурасы жана функциясы**

Байыркы мезгилден тартып эле адамды башка адамдардын арасында жашагандыгы кызыктырып келген. Адамдар эмне үчүн жалгыз жашабастан ар түрдүү типтеги социалдык группаларга биригишет? Адамдын коомдо биргелешип жашоосунун негизин эмне түзөт? Адамдардын коомдогу орду эмне менен аныкталат? Коом жөнүндөгү мындай жана башка соболдор байыркы мезгилден тарта бүгүнкү күнгө чейинки ойчулдардын изилдөө обьектиси болуп келген.

**Социологиянын предмети, методу жана структурасы.**

Социология деген терминди биринчи жолу француз окумуштуусу Огюст Конт (1798-1857) колдонгон. Ал бул түшүнүктү латын тилинин soci (etas) - коом жана гректин logos – окуу деген сөздөрүнөн алып, ал коом жөнүндөгү окуу дегенди билдирген. Бирок социологиянын коом жөнүндөгү илим деп айтуу жетишсиз. Себеби коом ар түрдүү аспектиде көптөгөн гуманитардык илимдер : социалдык философия, саясий экономика, тарых, социалдык психология, демография ж.б. тарабынан изилденет. Коомду социологиялык жактан кароодон мурун анын предметин жана анын обьектисин аныктоо зарыл.

Бул же тигил илимдин обьектиси болуп бизди курчап турган көз карандысыз реалдуу түрдө жашаган обьективдүү жана субьективдүү дүйнө эсептелет.

Ар бир илим бизге көз карандысыз болгон бул же тигил реалдуулукту баяндоодо өзүнүн түшүнүк аппараттарын иштеп чыгат. Мисалы, физика физикалык реалдуулукту гравитация, инерция, электрдик өз ара аракеттешүү, заттардын атомдук түзүлүшү ж.б. түшүнүктөрү аркылуу баяндайт.

Илимдин предмети болуп обьектини логикалык түрдө баяндоо жана изилдөөчүлөрдүн белгилүү аспектини же бөлүктү тандоодогу байкоо жүргүзүлүп жаткан реалдуулуктун элементин башкалардан өзгөчө көрсөтүүсү эсептелет.

Ошентип, илимдин предмети - бул белгилүү илимдин изилдөө максатына жараша обьективдүү реалдуулуктун фрагменттик бөлүгүн баяндаган түпкү түшүнүктөрдүн өз ара логикалык түрдө байланышкан системасы.

Социологиянын предмети жөнүндөгү пикирлер бул илимдин жашоосунда көп жолу өзгөрдү. Ар бир социолог социологиянын предметин түрдүү түшүнүктөрдүн жардамы менен берүүгө аракеттенди. Социологиянын негиздөөчүсү, француз окумуштуусу О. Конт аны *коомдун өнүгүүсүндөгү фундаменталдуу (түпкү) закондор жөнүндөгү илим* деп эсептейт. Себеби

жогорку реалдуулук табигый закондорго гана баш ийет. Тарыхты улуу личносттор жаратпастан, обьективдүү закондор жаратат.

О. Конттун социологияга берген аныктамасы социологиянын коом жөнүндөгү глобалдуу илим катары көрсөтүп, социологиялык ой пикирлердин өнүгүүсүндө, анын предметин тактоодо таасирин тийгизген.

Социологиядагы көрүнүктүү теоретиктердин бири Г. Спенцер социологияны социалдык группаларды окуп-үйрөтүүчү илим деп айтат. Анын пикиринче, социологиянын предмети болуп адамдардын өз ара аракеттенүүсүнүн продуктысы болгон социалдык группалардын пайда болуусу, өнүгүүсү жана алардын структурасы эсептелет. Себеби бул бардык адамзаттын ошондой эле белгилүү расанын табиятына таандык, өзгөчөлүк.

Дагы бир көрүнүктүү француялык социолог, француздук агымдын негиздөөчүсү *Э. Дюркгейм* бул илимдин изилдөө предмети *«социалдык фактылар»* болуш керек деп айткан. Анын аныктамасы боюнча социалдык факты - бул индивидге сырттан таасир эткен жана ошол эле учурда ага көз карандысыз жашаган ар кандай аракеттенүү образы. Бул сезүүнүн, аракеттенүүнүн, ой жүгүртүүнүн образы индивидке обьективдүү жана зордоо түрүндө таасир этет. Башкача айтканда, социология - бул социалдык институттардын келип чыгышы жана калыптанышы жөнүндөгү илим.

Немец социологу *М. Вебердин* көз карашы боюнча *социология социалдык жүрүш-туруш жөнүндөгү илим*. Вебер индивиддин коомдогу жүрүш-турушунун баштапкы бөлүгү - бул адамдардын өз ара татаал мамилелер системасынын себеби жана натыйжасы болгон социалдык аракет деп эсептейт. Мында коом Вебердин окуусуна ылайык ар бири өзүнүн максаттарына жетүүгө умтулган индивиддердин аракеттеринин жыйындысы.

Кыргызстандагы социологиянын өнүгүүсүнө чоӊ салым кошкон профессор *Т. Аттокуров: «Социологиянын предмети дегенибиз коомдун өнүгүшүнүн жалпы закон ченемдүүлүгүнүн жана коомдук мамилелердин атайын же өзгөчө закондорун, алардын коомдук турмуштагы функциясын диалектикалык байланышта караган социалдык изилдөөлөр аркылуу таанып билүүчү илим»*, деп көрсөтөт.

Жогорудан социологиянын предметине карата социологиядагы ар түрдүү мектептердин жана агымдын өкүлдөрүнүн ар түрдүү көз караштарын көрүүгө болот. Социологиянын предмети жөнүндөгү талкуулар бүгүнкү күндө да улантылып келет. Буга азыркы учурда жарык көрүп жаткан социология боюнча илимий жна окуу-методикалык адабияттарды анализдеп көрүп ынанууга болот.

Социологиянын таанып-билүү обьектиси болгон «социалдыкты» ар түрдүү кароодо өз алдынча социологиянын предметин аныкташат.

Мисалы, профессор *Ж. Т. Тощенко «Социология - бул граждандык коомдун мүчөлөрү болгон адамдардын жүрүш-турушу жана алардын аӊ-сезиминин кыймылдаткыч күчтөрү жөнүндөгү илим»*[88] - деп эсептейт.

---

[88] *Тощенко Ж.Д. Социология. Общий курс. – М., 1994. с. 21.*

Профессор *В. А. Ядовдун пикиринче, социологиянын предмети болуп социалдык жалпылыктар, социалдык группалар, социалдык класстар ж.б. эсептелет. Окумуштуу Г. В. Осипов социологиянын предмети социалдык мамилелер болуш керек* деп айтат. Мында ал «социалдыкты» адамдардын мамилесинин жана аракеттенүүсүнүн биргелешкен ишмердүүлүгүнүн натыйжасында пайда болот деп карайт. Социология боюнча окуу китептеринин автору Фролов С. С., социологияны социологиянын структурасын, анын элементтерин жана жашоо шарттарын, ошондой эле берилген структуралардагы социалдык процесстердеги окуп үйрөнүүчү илим деп көрсөткөн.[89]

Акырында, 1998-жылы жарык көргөн *российлык социологиялык энциклопедияда социология тарыхый белгилүү социалдык системалардын калыптануу жана өнүгүүсүндөгү атайын жана жалпы закондор жана ал закондордун личносттордун социалдык группалардын, класстардын, элдердин ишмердүүлүгүнө таасир этүү формалары жана аракеттенүү механизмдери жөнүндөгү илим деп белгиленет.*[90] Илимдер бири-биринен өзүнүн предмети гана эмес, ал предметти таанып-билүүдөгү методдор менен да айырмаланышат. Мында социологиядагы методдордун кандай өзгөчөлүктөрү бар? деген суроо келип чыгат.

Социологиянын методу анын калыптануу процессинен келип чыккан. Мында социологиянын тарыхын коомдук жашоонун кубулуштарын анализдөөдөгү колдонулган социологиялык методдун калыптануу жана өнүгүү тарыхы катары карасак болот. Социологиялык метод позитивизмден жана коомду анализдөөдөгү материализмден тартып түшүндүүчү жана формалдык социология методуна, андан ары коомду структуралык-функциялык анализдөө методунун чегинде белгилүү синтезге чейин өсүп турат. Социологиялык методду мындай чечмелөө социологиялык билимдин өнүгүү логикасын жана анын структурасын байкоого мүмкүнчүлүк берет.

Социологиянын методун *позитивдик жактан түшүнүүдө* коомду изилдөөдө табигый илимдерге принциптерди жана методдорду колдонуу жана ушундай жол менен *социологиялык илимдин обьективдүүлүгүн жогорулатып, аны табигый илимдер менен теңдештирүүдөн турат.* Мындай көз караш позитивизмдин жактоочуларын коомдун түзүлүшү илимий принциптерге негизделиш керек деген ишенимдерине таандык. Социологияда позитивдик методдун өнүгүүсүнө О. Конт жана Э. Дюргейм белгилүү деңгээлде өз салымдарын кошушкан. Социологияда *марксисттик методдун* негизин адам коомун материалисттик диалектиканын жана тарыхты материалисттик түшүнүү позициясынан кароо түзөт. *Маркстын зор салымы анын материализм менен диалектиканы бириктирип, бул методду адам коомун таанып-билүүдө пайдалангандыгында.* Анткени,

---

[89] Фролов С.С. Социология. Учебник для вузов. 2-е изд. М., 1997. С.23

[90] Российская социологическая энциклопедия. Под общей ред. Г.В. Осипова. - М., 1998. С. 486.

социологиядагы марксисттик түшүнүү методунун негизинде экономикалык детерминизм жатат. Маркстын пикиринче, адамдардын ишмердүүлүгү коомдун экономикалык өнүгүүсүндөгү обьективдүү закондорго баш ийет.

М. Вебердин «*түшүндүрүүчү социология*» методуна ылайык коомдук кубулуштарды изилдөөнүн максаты аларды түшүнүүдө турат. Эгерде табигый илимдер кубулуштардын ортосундагы байланыштын себептерин ачып көрсөтүп, окуяларды өз ара чечмелей алса, анда социология индивиддердин жүрүш-турушун, алардын аракеттеринин маанисин түшүндүрүүсү зарыл. Ошондуктан социологиядагы негизги метод табигый илимдердеги түшүндүрүүдөн турбастан, *социалдык аракеттенүүнүн маанисин талкуулоо жана аларды интерпретациялоодон туруш керек.*

Социологиядагы *структуралык-функционалдык метод* функционализмдин жоболоруна негизделип, коомду бүтүндөй камтып, анын структурасындагы жеке элементтердин ролун ачып көрсөтөт. Функционалисттик көз караште *коомдун ар бир бөлүгү өзүнчө функция аткарып, бардык бөлүктөрү интеграцияланган стабилдүү система катары көрсөтүлөт.*

Функционализмдеги жетишпестик коомдук кубулуштардын келип чыгуу себептерин түшүндүрө албастыгында. Себеби функция кубулуштардын системасынын ичиндеги байланыштарды гана көрсөтүп, анын келип чыгуу себептерин чечмелей албайт. Социологиялык билимдин структурасы жөнүндө сөз кылууда КМШдагы жана чет өлкөлүк окумуштуулардын социологиялык билимдин үч баскычын белгилегендигин көрсөтүүгө болот.

Биринчи баскыч - түпкү *жалпы социологиялык теориялар (теориялык социология).* Булар социалдык философияда пайда болуп, коомдун түзүлүшүндөгү жана калыптануусундагы жалпы соболдорду, коомдогу интеграция жана дезинтеграция процесстерин, личностту изилдөөнүн проблемаларын камтыйт. Социологиянын фундаменталдык баскычындагы концепциялар өзүнүн абстрактуулугу менен айырмаланышат. Бул багытта социалдык философия, политология, тарых, культурология, психология ж.б. илимдер менен өз ара байланышы каралат. Теориялык социологиянын чегинде негизги түшүнүктөр, категориялар, закондор анализденет.

Экинчи *баскыч - прикладдык социологиялык изилдөөлөр (прикладдык социология).* Социалдык процесстердин маңызын түшүнүү үчүн алар жөнүндө ишенимдүү маалыматтарга ээ болуу зарыл. Социологияда мындай маалыматтын булагы катары социологиялык изилдөөлөр эсептелет. Прикладдык социологиялык изилдөөдөгү социологиялык маалыматтар ар түрдүү методдордун (суроо-жооп, байкоо, документтерди анализдөө, эксперимент) жардамы менен чогултулат. Прикладдык социология жалпысынан алганда теориялык жана эмпирикалык изилдөөлөрдүн татаал тутумунан турат. Ар кандай социологиялык изилдөөнүн программасы төмөнкү теориялык элементтерден турат: изилдөөнүн максатын жана милдетин аныктоо, изилдөөнүн обьектиси жана предмети, түшүнүктөрдү

теориялык жактан интерпретациялоо, гипотезаны иштеп чыгуу жана текшерүү. Чындыгында прикладдык изилдөөдө изилдөөнүн инструментарийи (анкеталар же интервью алуу үчүн түзүлгөн суроолор) жана изилдөөнүн методдорунун бардыгы камтылат.

Бүгүнкү күндөгү коомдогу проблемаларды чечүүдө адамзат коомунун ар түрдүү областтарындагы социалдык кубулуштарды, социалдык жалпылыктарды жана социалдык институттарды окуп-үйрөнүү зарылчылыгы келип чыкты. Бул кыйынчылыктан чыгуунун бир жолу катары социологиялык билимдин дагы бир баскычын түзгөн *атайын социологиялык теорияларды* көрсөтүүгө болот. Бул терминди илимге америкалык социолог Р. Мертон киргизген. Атайын социологиялык теориялар үч группага бөлүнөт:

*Социалдык институттардын теориясы (үй-бүлө социологиясы,* билим берүү социологиясы, илим социологиясы, дин социологиясы, искусство социологиясы, саясий социология, эмгек социологиясы ж.б.);

*Социалдык жалпылыктардын теориясы* (майда группалардын социологиясы, уюмдардын социологиясы, таптардын, класстардын, территориялык жалпылыктардын социологиясы ж.б.); *Социалдык процесстердин теориясы ж.б.*

Атайын социологиялык теориялар салыштырмалуу түрдө өз алдынча болуп, ошол эле учурда эмпирикалык изилдөөлөр менен тыгыз байланышып, алардын пайда болуусуна зарыл материалдык шарттарды камсыз кылып, ошондой эле жалпы социологиялык теориялар менен катар изилдөөнүн жалпы теориясын, моделин жана методун иштеп чыгат. Атайын социологиялык теориялардын ээлеген орду алардын конкреттүү кубулуштарды жана процесстерди изилдөөнүн жыйынтыгынан алынган эмпирикалык маалыматтар менен «жогорку» теориялардын ортосундагы байланышты камсыз кылуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Ошентип, социологиянын предмети жана структурасы жөнүндө маалымат алгандан кийин, социологиянын социалдык-гуманитардык илимдердин системасындагы ордуна көңүл бурууга болот.

## Социологиянын коомдук илимдердин ситемасындагы орду жана анын функциясы

Адам коому көптөгөн илимдердин: социалдык философиянын, тарыхтын, политологиянын, экономикалык теориянын, психологиянын ж.б. изилдөө обьектиси болуп саналат. Ар бир илим өзүнүн предмети катары коомдук турмуштун айрым чөйрөлөрүн же жеке социалдык кубулуштарды окуп-үйрөнүүгө аракет кылат. Социология коомду бүтүн система катары карап, андагы жалпы закондорду изилдейт. Ал башка коомдук илимдер тарабынан калыптанган айрым закондордон келип чыккан коомдун пайда болуусундагы жана өнүгүүсүндөгү жалпы закондорду окуп-үйрөтөт. Башка

бир жагынан алганда *социология башка коомдук илимдерге коомдук турмуштун айрым чөйрөлөрүн же социалдык кубулуштарды изилдөөдө зарыл болгон негизги түшүнүктөрдү жана категорияларды берет.*

Ошондуктан социология менен коомдук илимдердин ортосунда өз ара шартташкан байланыш, кызматташтык жана өз ара бири-бирин түшүнүүчүлүк мамилелери орун алат. Социологиянын башка илимдер менен болгон катышын белгилөөдө эң татаал нерсе социология менен социалдык философия менен катышы жөнүндөгү суроого токтолууга болот. Советтик мезгилде социология тарыхый материализмди окшоштуруп бирдей деп карашкан. Көптөгөн окумуштуулар социология философия илиминин бир тармагы, ал эми тарыхый материализм коом жөнүндөгү жалпы илим маркстык социология деп эсептешкен.

Анда социология жана социалдык философиянын кандай жалпылыгы жана айырмачылыгы бар? *Социалдык философияда* жана социологияда обьектини изилдөө, коомду таанып–билүүдөгү методологиялык проблемаларды иштеп чыгуу сыяктуу көптөгөн жалпылыктар бар. Социология жана социалдык философия эки илим тең коомдун өнүгүүсүндөгү багыттарды жана перспективаларды, кыймылдаткыч күчтөрдү, жалпы закон ченемдүүлүктөрдү анализдейт. Ошондуктан социалдык философия жана социологиянын методологиялык функциялары көп жагынан туура келет.

Ошол эле учурда социалдык–философиялык теория жана андагы принциптер, закондор башка коомдук илимдерге, анын ичинде социологияга дагы методологиялык кызмат аткарат. Социалдык философия социологиянын теориялык негизин түзгөн анын өнүгүүсүндөгү жана калыптануусундагы закондорду, социалдык бытиенин жалпы принциптерин иштеп чыгат. Мындан сырткары, социология философия аркылуу да таанып-билүүнүн жалпы принциптери (гносеология, логика, методология) өтөт. Ошондуктан философия социологияга карата жалпы теориялык система катары кызмат кылат. Ал социологиянын структурасына терендеп кирип, анын теориялык негизинин бир бөлүгүн түзөт. Ошондуктан социалдык философия менен социологияны карама-каршы коюунун зарылдыгы жок, тескерисинче, теориялык социологиядагы социалдык философиянын элементтерин байкабай коюуга мүмкүн эмес.

Социалдык философиядагы жана социологиядагы айырмачылыкты баарынан мурда изилдөө предметинен көрүүгө болот. Социалдык философия коомдун жаратылыштан айырмачылыгын жана анын сапаттык өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Ал адамдын жашоо максатын жана анын маанисин, коомдун келип чыгуусун, андагы багыттардын өнүгүүсүндөгү кыймылдаткыч күчтөрдү анализдейт. Ал эми социологиянын предмети биз жогоруда белгилегендей социалдык системалардын, социалдык структуралардын жана уюмдардын калыптанып жана өнүгүүсүндөгү закондор жана алардын личносттордун, социалдык группалардын, класстардын жана элдердин ишмердүүлүгүндө чагылышын изилдейт.

Социалдык философия жана социология коомду изилдөө методунан да бир топ айырмаланат. Эгерде философия белгилүү субъективдүү установкаларды жетектеп, коомдун проблемаларын абстрактуу түрдө чечсе, социология социалдык проблемаларды чындыкты таанып-билүүнүн илимий методдорунун негизинде иликтейт.

Социология менен *тарыхтын* байланышы тыгыз. Социология жана тарыхтын изилдөө обьектиси коом болгондуктан булар тектеш дисциплиналар. Тарых коомду конкреттүү жана хронологиялык түрдө изилдейт. Алар социалдык окуяларды өткөн мезгилде карап, ар түрдүү тарыхый доорлор жөнүндө маалыматтарды топтоп, коомдун пайда болуусундагы жана өнүгүүсүндөгү жалпы закондор үчүн мааниге ээ болгон түрдүү социалдык кубулуштар жөнүндө конкреттүү материалдарды берет. Тарых илиминин өзү бул закондорду ачпайт. Бул социологиялык билимдин компетенциясына кирет.

Ошентип, тырыхка караганда социология абстрактуулуктун жогорку деңгээлинде турат. Социология түшүнүктөрдү иштеп чыкса, тарых социологиядагы теориялык жалпылыктардын өнүгүүсү үчүн фактыларды жана окуяларды баяндайт.

Өндүрүш, андагы бөлүштүрүү, товар алмаштыруу жана аны пайдалануу ж.б. байланышкан проблемаларды чечүүдө социология экономикалык теория менен тыгыз байланышта болот.

*Экономикалык теория* чарбалык турмуштун кубулуштарынын өнүгүүсүндөгү закондорду изилдеп, өндүрүштүк мамилелерди окуп-үйрөтөт. Мында экономикалык теориянын предмети болуп коомдун экономикалык чөйрөсү жана коомдогу өндүрүштүк мамилелер эсептелет. Аларды үйрөнүүдө ал адам коомунун калыптануусундагы жана өнүгүүсүндөгү жалпы закон ченемдүүлүктөр жөнүндө билимге ээ болуусу зарыл, андай билимди социология гана берет. Социология өз кезегинде түрдүү социалдык кубулуштарды изилдөөдө, чарбалык турмуштун чөйрөсүндө экономикалык теория иштеп чыккан закондорду колдонот.

Социология жана экономикалык теориянын өз ара байланышы социологиялык методдордун экономикалык жашоонун кубулуштарын пайдалануудан да көрүнөт. Ошондуктан бүгүнкү күндө социологиянын системасынын жеке менчик социологиясы, керектөө социологиясы, эмгек социологиясы бөлүнүп чыккан.

Акыркы мезгилде социология менен политологиянын байланышы жөнүндөгү маселе актуалдуу боло баштады. Политология коомдогу саясаттын жана анын саясий чөйрөсүн изилдейт. Бул ишмердүүлүк социология тарабынан ачылган коомдун өнүгүүсүндөгү закондор жөнүндөгү билимдерге негизделет.

Социология өз кезегинде саясий кубулуштардын социалдык маңызын изилдейт. Ал саясий кубулуштардын келип чыгуусундагы жана калыптануусундагы социалдык өбөлгөлөрдү, алардан башка социалдык кубулуштар менен байланышын, ошондой эле коомдогу социалдык ролун

көрсөтүүгө аракеттенет. Ошондуктан социологиялык билимдердин системасынан саясий социология, бийлик социологиясы, саясий мамилелердин социологиясы ж.б. дисциплиналардын бөлүнүп чыгышы кокустан эмес.

Социология психология менен да тыгыз байланышта. Психология психикалык кубулуштарды, б.а. жүрүш-туруштун белгилүү түрүн көрсөткөн ички субөективдүү баштан өткөрүлгөн окуяларды изилдейт.

Психологиялык элемент дайыма адамдардын мамилелеринде катышкандыктан, социология коомдук мамилелерди изилдөө адамдардын көңүлүн жана сезимин, себептерин, психикалык элементтерин эсепке алуусу зарыл.

Социолог адамдын социалдык чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүн изилдөөдө психология иштеп чыккан «личность», «жүйөө, себеп», «установка» ж.б. категорияларды пайдаланат.

Укук таануу илимдери тарабынан топтолгон тажрыйбалар укук нормаларын, укук коргоо процесстериндеги социалдык аспектилер, укукту пайдалануу практикасында социалдык эффективдүүлүк изилдөөдөгү социологиялык маалыматтарда пайдаланылат. Социология ар түрдүү факторлордун укук нормаларын түзүү процессине тийгизген таасирин көрсөтүп, укук социалдык аракетин укуктун негизги социалдык функцияларын коргоо аркылуу, личносттун социалдык жүрүш-турушундагы юридикалык нормаларды трансформациялоо процессин ачып көрсөтүп, социалдык мамилелерди укук нормаларынын тилине өткөрүп, алардын коомдук мамилелерге туура келүүсүн изилдейт.

Жогорудагы проблемалардын изилдениши социологиядагы укук социологиясы, юридикалык социология, закон чыгаруучу ж.б теориялардын келип чыгуусуна шарт түзөт.

Социологиянын башка коомдук илимдер менен байланышын тактагандан кийин, эми социологиянын функциясы жана анын коомдогу ролуна токтолуу максатка ылайыктуу. Демек, социология эмне үчүн керек?

Биринчиден, социология коомдун бүтүн социалдык организм катары карай тургандыгын белгилөөгө болот. Ошондуктан социология коом жөнүндөгү илим катары барыдан мурда теориялык, таанып–билүүчүлүк функциясын аткарат. Социологиянын теориялык таанып-билүүчүлүк функциясы коомдун азыркы шарттагы өнүгүү тенденцияларын жана анын маанисин ачып көрсөтүүгө байланышкан. Ал азыркы жана келечектеги коомдун өнүгүүсүндөгү конкреттүү-тарыхый жана социалдык–маданий көп түрдүү шарттарды эсепке алуу менен таанып-билүүгө негизделет.

Социологиянын теориялык таанып-билүүчүлүк функциясы коомдук түрдүү чөйрөлөр жөнүндөгү жаңы билимдин өсүүсүн камсыз кылат. Мында й кызматты социологиялык илимдеги социалдык процесстерди таанып билүүдөгү методологиялык принциптерди, социологиядагы негизги түшүнүктөрдү жана категорияларды иштеп чыккан фундаменталдык теориялык изилдөөлөрдү, ошондой эле социологияга коомдун бул же тигил

чөйрөсү же айрым социалдык кубулуштар жөнүндө бай фактылык материалдарды жана конкреттүү маалыматтарды берген эмпирикалык социологиялык изилдөөлөр аткарат. Социологиялык изилдөө жүргүзүү процессиндеги алынган маалыматтар кийинки теориялык көз караштардын өнүгүүсүнө негиз болуп калат. Социологдун изилдөө проектисинде пайдаланган методологиялык идеялары, жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары жаңы билимди алууга мүмкүнчүлүк берет.

Жаңы билимдин өсүүсү коомдук өнүгүүнүн талаптары менен адамдардын субъективдүү ишмердүүлүгүнүн ортосундагы карама-каршылыктарды көрсөткөн социалдык проблемаларды так аныктай алганда гана өз максатына жетет.

Көптөгөн социологдор социологиянын дагы бир негизги функциясы болгон анын башкаруучулук функциясын белгилешет.

Социологиянын башкаруучулук функциясы коомдун актуалдуу проблемаларын чечүүдөгү социологиянын катышуусун чагылдырат. Мында негизги орунда кыргыз коомунун рыноктук мамилелер системасына өтүү проблемалары турат. Бул процесстин социалдык аспектисин изилдеп, адамдардын жаңы экономикалык реалийлерге өтүүсүндөгү социалдык корутундуларын көрсөтүү зарыл.

Бүгүнкү күндөгү Кыргызстандагы жалпы улуттук проблемага айланган кылмыштуулук, коррупция проблемаларын чечүүгө социологиянын катышуусу өзгөчө мааниге ээ. Коом социология илиминен кылмыштуулуктун жана коррупциянын себептери, анын социалдык-экономикалык реформалардын жүрүшүндөгү эволюциясы жөнүндө социологиялык изилдөөлөрдү, алардын алдын алуу боюнча практикалык сунуштарды жана укук коргоо органдарынын кылмыштуулук, коррупция менен күрөшүүдөгү ишмердүүлүгүн өркүндөөсү жөнүндөгү маалыматтарды алып жатат.

Социология практикалык багытта келечектеги социалдык процесстердин өнүгүү тенденциялары жөнүндө илимий негиздеги прогноздорду иштеп чыгат. Бул социологиянын прогноздук функциясы болуп эсептелет. Айрыкча мындай прогноз Кыргызстан башынан кечирип жаткан өткөөл мезгил үчүн өтө зарыл.

Социологиянын прогноздук функциясы социалдык системанын жакынкы мезгилдеги жана келечектеги мүмкүн болгон абалын, бүтүндөй коомдун же айрым бөлүктөрүнүн социалдык өнүгүүсүн илимий жактан алдын-ала көрө билүү аркылуу иш жүзүнө ашырат.

Ошентип, төмөндөгүдөй корутундуларды чыгарууга болот;

- социологиянын изилдөө обьектиси болуп биз коом деп атаган объективдүү реалдуулуктун бир бөлүгү эсептелет.
- социологиянын изилдөө предмети катары социалдык системалардын тарыхый өнүгүүсүндөгү жана калыптануусундагы жалпы жана атайын закондор жана алардын личносттордун, социалдык группалардын,

класстардын жана элдердин ишмердүүлүгүндөгү механикалык аракетинин жана формаларынын чагылышы эсептелет;

- социология билимдин төмөнкү деңгээлдерин белгилөөгө болот:

а) түпкү жалпы социологиялык теориялар;

б) прикладдык социологиялык изилдөөлөр;

в) атайын социологиялык теориялар;

- социологиянын негизги функциялары: теориялык таанып-билүүчүлүк, методологиялык, башкаруучулук, прогноздук ж.б.

Өзүн-өзү текшерүүчү суроолор:

1. Социология кандай илим жана ал эмнени изилдейт?
2. Социология түшүнүгүн илим жана окуу дисциплинасы катары ачып көрсөткүлө?
3. Социологиянын предмети саясий, экономикалык, юридикалык илимдердин предметинен кантип айырмаланат?
4. Социология кандай структурага ээ?
5. Социологиянын негизги функцияларын атагыла?
6. Азыркы учурдагы социологиянын ролу кандай?
7. Социологиянын методун кандай түшүнөсүңөр?

Адабияттар:


Аттокуров Т. Социология. Учебное пособие. Ош. 1998.

Аттокуров Т. Социология. Предмет. Структура. Студенттер жана мугалимдер үчүн окуу куралы. Ош – 2001.

Бауман З. Мыслить социологически. Учебное пособие. М., Аспект Пресс, 1996.

Волков Ю. Т., Мостовая И.В. Социология: учебник для вузов. Под.ред. Проф. В.И. Добренькова. М., Гардарика, 1998. С.54-82.

Ельмеев В.Я. Социологический метод: онтология, логика, теория. СПб..Из-во С-Петербургского университета, 1996.

Заславская Т.И. Роль социологии в преобразовании России. //Социологическое исследования. 1996. №3.

Илле М.Е. К вопросу о предмете социологии. //Социологическое исследования. 1996. №11-12.

Ильин В.В Социология как фундаментальная наука //Социологическое исследования.1997г. С.21-39.

Маркович Д.Ж. Общая социология: Учебник. Изд. 3-е, /Пер с сербского. М.: Владос, 1998. С 41-69.

Осипов Г.В. Что происходит в социологией? //Социологическое исследования. 1997. №5.

Радугин А.А Радугин К.А. Социология. Курс лекций. М.: Из-во «Центр», 1996. С. 10-20.

Смелзер Н. Социология: пер. с англ. М.: Феникс, 1994. С 16-44.

Социология. Основы общей теории: Учебное пособие. Г.В. Осипов, Л.Н.Москвичев, А.А. Кабысца. Ростов-на-Дону,: Издательский Центр «Март», 1998. С. 5-16.
Социология, Под ред. А.Н. Елсукова. Минск.:«Тетра система», 1998. С58-74.
Тернер Д. Структура социологической теории. М., 1995.
Фролов. С. С. Социология: Учебник для высших учебных заведений. 2-е издание. М.; Логос, 1997. С.19-24.
Щепанский. Я. Элементарные понятия социологии. М.: Прогресс, 1969.

## Кыргызстандагы социологиялык изилдөөлөрдүн өнүгүшүнүн этаптары жана социология илиминин калыптанышы

Кыргызстанда конкреттүү-социологиялык изилдөө лабораториясы 1966-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасынын алдында Кыргызстан Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, таланттуу окумуштуу жана публицист, маркум Асанбек Табалдиевдин жетекчилиги менен түзүлгөн. Бул лаборатория республикабыздагы социологиялык илимдин башаты болуп, ондогон жогорку квалификациялуу окумуштуулардын өсүп чыгышына өбөлгө түзгөн. Алсак, учурунда анда эмгектенгендердин бир тобу бүгүнкү күндө өлкөбүздөгү социология илимине салым кошкон көрүнүктүү окумуштуулар жана мамлекеттик ишмерлер. Алардын арасынан убагында ошол лабораторияны жетектеген, бүгүн философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын эл депутаты болгон Р. Ачылованы, А. Табалдиевдин тунгуч аспиранты, КРдин Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, философия илимдеринин доктору А.К. Карыпкуловду, Кыргызстандагы социология илими боюнча биринчи доктор С.С. Нурованы, профессорлор М.Т. Артыкбаев, А.И. Исмаилов, А.И. Тишиндерди, доценттер К. Бектурганов, А. Иванов, К. Иманканов, Ш. Шакитов, М. Эркебаев жана башкаларды атоого болот.

Бул лабораторияда ошол кезде эле улуттук, улуттар аралык мамилелерди жана өндүрүштү өнүктүрүүнүн мамилелерин конкреттүү изилдөөнүн усулдарын (методдорун), обьектилерин тандоону туура уюштуруу сыяктуу методологиялык проблемалар изилденген[91]

Лабораториянын илимий жетекчиси А. Табалдиевдин докторлук диссертациясы да улуттук мамилелердин социологиялык жана философиялык маселелерин иликтөөгө арналган. Мындан тышкары, А. Табалдиевдин редакциясы астында лабораториянын бир нече жылдык

91 О некоторых понятиях теории нации. - Фрунзе, 1968.; А.Табалдиев. Актуальные вопросы социологического исследования национальных отношений в СССР // Философские науки, №2, 1971.

социологиялык изилдөөлөрүн жалпылаган «Социализм жана улут» деген коллективдүү монография (отуз алты басма табак)[92] бир катар жыйнактар жарык көргөн.[93]

XX кылымдын 60-жылдарында аталган конкреттүү-социологиялык лабораториядан башка да айрым изилдөөчүлөр улуттук мамилелердин өнүгүшү, көп улуттуулук проблемалары менен тыгыз байланышкан ар түрдүү улуттан турган үй–бүлө маселелерин изилдөөгө көңүл бура тургандыгын белгилөө керек. М. Жунусовдун, Р. Ачылованын, А.Н. Нарынбаевдин, А.И. Исмаиловдун бул багыттагы изилдөөлөрүн[94] о.э. XXк. 60-жылдарындагы корголгон эки кандидаттык диссертацияны кошууга болот.

Жогоруда аталган социологиялык эмгектерде документтерди анализдөө, анкеталардын натыйжаларын, диспуттардын жыйынтыгын талдоо, жекече байкоо, интервью методдору пайдаланылган.

Социологиялык изилдөөлөрдүн материалдары менен А. Табалдиев жана анын көптөгөн шакирттери Бүткүл союздук жана Эл аралык илимий конференцияларда (Москва, Ленинград, Новосибирск, Волгоград, Свердловск ж.б. шаарларда) чыгып сүйлөшкөн жана эмгектерин жарыкка чыгарышкан.

Конкреттүү-социологиялык изилдөө лабораториясы жөнүндө сөз болгондо, дагы бир тарыхый фактыга кайрылуу абзел. Кыргыз мамлекеттик университетинде Бүткүл союздук жогорку окуу жайларынын маселелери деген илим–изилдөө институтунун профессору А.И. Исмаилов жетектеген социологиялык лаборатория да иштеп келген. Ал эми 1983-жылы Кыргыз илимдер академиясында коомдук пикирди иликтөөчү республикалык борбор түзүлөт.

Ошентип, жогоруда сөз болгон 60-жылдардагы алгачкы социологиялык изилдөөлөрдү, түзүлгөн илим-изилдөө мекемелерин Кыргызстанда социология илиминин калыптанышындагы өбөлгөлөр катарында баалап, аларды республикадагы социологиянын өнүгүшүнүн алгачкы этабы десек да болот. Бул этапта Кыргызстанда социология дисциплина катары окутулган эмес. Социологиянын предмети, анын түзүлүшү (структурасы) жөнүндөгү жалпы союздук маанидеги талкууга кыргыз окумуштууларынын катышпагандыгын, республикалык чекте да ага байланыштуу сөз болбогондугун белгилөө калыстык болот. Демек, социологиянын Кыргызстандагы өнүгүшүнүн алгачкы этабы XX кылымдын 60-жылдарынан

---

[92] КТР-ОБО № 3/71,27-марта 1998

[93] Проблемы сближения социалистических наций в период строительства коммунизма. – Фрунзе, 1966.; О некоторых понятиях теории нации. - Фрунзе, 1968.

[94] М.Д. Джунусов. Коммунизмди кеңири куруу мезгилиндеги совет улуттарынын бардык жактан өнүгүшү жана тыгыз жакындыгы. - Фрунзе. 1962. 33-37-беттер.; Р. Ачылова. Улуттардын өз ара никелешүүсүнүн өнүгүшүнүн тарыхынан. Коммунизмди куруу мезгилиндеги социалисттик улуттардын жакындашынын проблемалары. - Фрунзе, 1966.

80-жылдардын экинчи жарымына чейинки (кайра куруу башталганга чейинки) мезгилди кучагына алат.

Экинчи этап СССРдеги кайра куруу жараянынан, т.а. Кыргызстандын эгемендикке ээ болушунан башталат. Жүз элүү жылдан ашык дүйнөлүк өнүгүү салты бар социология Кыргызстандын шартында да илим, кесиптик жана жогорку окуу жайларда окутулган курс (сабак) катары ар тараптан өнүгүүгө мүмкүнчүлүк алды. 1990-жылы Фрунзе политехникалык институтунда азыркы философтордун, тарыхчылардын, юристтердин, экономисттердин, илимий коммунизм боюнча адистердин катышуусу менен социология боюнча республикалык илимий конференция өткөрүлүп, Кыргызстандын социологдорунун коому уюштурулган жана президенттигине профессор К. Исаев шайланган[95]

Социологияны илим, кесип катары бирдиктүү, өз ара айкалышта өнүктүрүү аракети республикада колго алынууда. Баарынан мурун социология теориялык илим катары коомдун адам менен болгон алакасын иликтеп, «адамдагы коом» жана «коомдогу адам» сыяктуу татаал маселелерди теориялык жактан изилдөө жаатында иш алып барат. Ошондуктан илимдин докторлору жана профессорлор Р. Ачылова, А. Элебаева, Т. Аттокуров, Э. Ибрагимова, Ж. Жоробеков, С. Нурова, жаш окумуштуулардан Н. Омуралиев, М. Жангарачева, Р. Осмоналиева, А. Абылгазиева, А. Сагынбаева, Т. Байчериков, Г. Ибраева, Т. Өмурбеков, М. Асанбеков, Т. Шайдуллаева, Ж. Ашыралиев, З. Кыдыралиева[96] ж.б. социологиянын бардык бөлүктөрүнүн Кыргызстанда өнүгүшүнө салым кошуп, бирдиктүү илим катары жетилишинде жигердүү эмгектенип жатышат.

XX кылымдын 90-жылдарынын башында Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын окуу планына республиканын Билим, илим жана маданият министрлиги тарабынан социология милдеттүү түрдө окутулуучу курс (сабак) катары киргизилген. Ошондой эле республикада социолог-адистерди даярдоо жагы да жаңыдан колго алынууда. Кыргыз улуттук университетинде, Бишкек гуманитардык университетинде андай адистер чыгарыла баштады, социология кафедраларында илимий кадрлар даярдалууда.

Кыргыз окумуштууларынын айрымдары республиканын аймагынан сырткары эл аралык чөйрөдөгү социологиялык коомдорго белгилүү болду жана алардын мүчөлөрү катарында таанылгандары да жок эмес. Мисалы, Эл аралык Социологиялык ассоциациясынын (СЭАнын) «Социалдык илимдин абалы, ага болгон талап, анын келечеги» деген темада өткөн он төртүнчү конгрессине (1998-жылы Канаданын Монреаль шаарында) Кыргызстандын өкүлү болуп белгилүү илимпоз, философия илимдеринин доктору, профессор К. Исаев катышып, доклад жасаган.

---

95 «Наша газета». 1998, 26-сентябрь

96 «Эркин-Тоо» 1998. 4-сентябрь

Аталган конгресстин жана кийинки эл аралык социологдордун талкуусу көрсөткөндөй, бүгүн социология киришпеген коом, адам турмушунун бир дагы булуң-бурчу жок.

## Социологиялык изилдөөнүн методологиясы, методикасы жана техникасы

*1. Социологиялык изилдөөнүн максаттары жана этаптары*

Азыркы мезгилде социологиялык изилдөөлөр азыркы коомдогу социалдык процесстерди анализдөө максатында кеңири пайдаланылат. Бул факт социалдык институттардын маалыматтык-аналитикалык жана башкаруучулук ишмердүүлүгүнүн мазмунунун ажырагыс бөлүгү.

Социалдык процесстердин мазмунун билүү үчүн ишенимдүү маалыматтарды билүү зарыл. Социологияда мындай болуп социологиялык изилдөөлөр эсептелет. Социалдык чындыкты изилдөө социалдык проблемалар жөнүндө теориялык билим алып жана аны практикалык түрдө чечүү социалдык маалыматтарды анализдөө, иштеп чыгуу, илимий методдордун жана түзүлгөн программанын негизинде иш жүзүнө ашырылат.

Ар кандай социологиялык изилдөө методологиянын, методиканын, техниканын жана процедуралардын болушун өз ичине камтыйт. Ал бир канча теориялык постулаттардын: концептуалдык методдордун, процедуралардын, маалыматтарды топтоонун жолдорунун, социалдык фактылар, индивиддердин жана социалдык группалардын, алардын баалоосу, талкуусу жана пикирлери жөнүндөгү маалыматтарды анализдөө жана кайрадан иштеп чыгуулардын жыйындысы катары көрсөтүлөт.

Диахроникалык аспектиде социологиялык изилдөө төмөнкү этаптардан турат:

- изилдөөнүн программасын иштеп чыгуу (даярдоочу этап);
- алгачкы социологиялык маалыматтарды топтоо (иштөө этабы);
- алынган маалыматтарды иштеп чыгуу;
- алынган маалыматтарды анализдөө жана жалпылоо;
- изилдөөнүн жыйынтыгы жөнүндөгү отчетту даярдоо.

Эми социологиялык изилдөөнүн татаал эки этабы: изилдөөнүн программасын түзүү жана анын аткарылуу этабын карап көрөбүз.

Социологиялык изилдөөнүн программасы - бул изилдөөнүн негизги принциптерин, теориясын жана методологиясын, ошондой эле иштин аткарылуу тартибин түзүү жана уюштуруу. Ушундай негизде изилдөөнүн программасы үч негизги функцияны аткарат:

1) методологиялык (илимдердин методдору жөнүндөгү окуу) изилдөөнүн милдетин, принциптерин, максатын жана илимий проблемасын аныктоо;

2) методикалык (белгилүү бир план боюнча иш жүргүзүү) изилдөөнүн жалпы планын жана инструментарийлерин иштеп чыгуу;

3) уюштуруучулук-изилдөөнүн мүнөзүн жана структурасын түзүп чыгуу жана изилдөөнүн аткарылышын көзөмөлдөө.

**2. Социологиялык изилдөөнүн структурасы**

Изилдөөнүн структурасы негизги 2 бөлүмдөн: методологиялык жана методикалык бөлүмдөн турат.

Методология (грек. Изилдөөнүн жолу, теория, окуу) ишмердүүлүктүн структурасы, логикалык уюштурулушу, методдору жана каражаттары жөнүндөгү окуу. Социологиялык изилдөөнүн методологиясы адамдардын социалдык жалпылыктардагы бири-бирине таасир этүү менен мамиле түзүүсүндөгү закондор жана законченемдүүлүктөр жөнүндөгү окуу болуп эсептелет. Бул мамилелер социологияда гана эмес социалдык психологияда да колдонулат. Методологияны изилдөөнүн жеке, башка методикалык ыкмалардын жыйындысы деп кароого да болот. Методология - бул теориялык жана тажрыйбалык ишмердүүлүктү түзүүнүн принциптери жөнүндөгү окуу болуп, ал изилдөөөнүн стратегиясын изилденүүчү обөектиге карата мамилени аныктайт. Демек, методология менен методиканы бири-биринен кантип айырмалоого болот? Методология изилдөөнүн жолу. Ал эми методика ошол жол менен изилдөө.

Социологиялык изилдөөнүн программасынын методологиялык бөлүмү төмөнкүлөрдө камтыйт: проблемалык кырдаалды жана илимий проблеманы формулировкалоо, изилдөөнүн максатын жана милдетин аныктоо, негизги түшүнүктөрдү интерпретациялоо (түшүнүктөрдүн маанисин ачып көрсөтүү), изилдөөнүн обөектисине болжолдуу анализ жүргүзүү, гипотезаны иштеп чыгуу (жумушчу жана илимий).

Изилдөөнүн программасынын методикалык бөлүмү тандоону пландаштырып бөлүштүрөт; маалыматтарды чогултуунун жана анализдөөнүн негизин иштеп чыгат; изилдөөнүн стратегиялык планын түзөт.

Программанын методологиялык бөлүгүн иштеп чыгууда негизги теориялык процедуралар изилдөө обьектисин системалык жактан анализдөөнү, түшүнүктөрдү теориялык жана эмпирикалык жактан интерпретациялоону, түшүнүктөрдү чечмелөөнү, гипотезаны иштеп чыгууну кучагына алат.

Программанын методологиялык бөлүгү

Проблемалык социалдык кырдаал жана илимий проблема

Реалдуу турмуштук карама-каршылыктар проблемалык социалдык кырдаалды түзүү менен бул маселени чечүү үчүн изилдөө жүргүзүүнү талап кылат. Илимий проблема проблемалык социалдык кырдаалда так чагылдыруу менен социалдык системанын калыптануу жана өнүгүү процессиндеги карама-каршылыктарды көрсөтөт.

Изилдөөнүн максаты жана милдети: социологиялык изилдөөнүн максаты анын теориялык жана прикладдык багыттын алдын-ала аныктоо менен изилдөөнүн жүрүшүн жана жыйынтыгын көрсөтөт. Бул изилдөөнүн жыйынтыгында гана билинет.

Изилдөөнүн милдети изилдөөнүн максатын конкреттештирип бир структурага салуу менен ага жетүүнүн багытын жана жолдорун көрсөтөт.

Изилдөөнүн обьектиси жана предмети.

Изилдөөнүн обьектиси адамдардын жалпылыгы жана алардын ишмердүүлүгү, жашоо шарттары жана аны уюштуруу.

Изилдөөнүн предмети обьектиге карата аныкталат. Обьектидеги байланыштарды, карама-каршылыктарды жана аларды чечүүнүн жолдорун көрсөтөт.

Түшүнүктөрдү теориялык жана эмпирикалык жактан интерпретациялоо.

Программанын методологиялык бөлүгүнүн бул компонентинин максаты - изилдөөдөгү негизги түшүнүктөр жана терминдер эмнени бере тургандыгын туура жана так көрсөтүү. Алардын ар биринин структураларын ачып көрсөтүп, аныктоо зарыл, себеби ар бир түшүнүктү тактоодо бул өтө зарыл.

Түшүнүктүн мазмуну эки багытта: түшүнүктү башка түшүнүктөр менен салыштыруу (түшүнүктөрдү теориялык жактан интерпретациялоо) жана аны байкоонун жана эксперименттик, башкача айтканда, эмпирикалык маалыматтар менен салыштырганда гана түшүнүктөрдү эмпирикалык жактан интерпретациялоо жеткиликтүү деңгээлде ачылат. Биринчи багытта түшүнүк теориялык жактан, экинчиде эмпирикалык жактан ачып көрсөтүлөт. Ошондуктан эмпирикалык интерпретациялоо - бул эмпирикалык көрсөткүчтөр жана индикаторлор аркылуу чагылдырылган теориялык терминдердин эмпирикалык маанисин ачып көрсөтүүдөгү атайын процедура. Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгын байкоо жана өлчөм теориялык жоболорду эмпирикалык маалыматтар менен салыштырган атайын иштелип чыккан эмпирикалык көрсөткүчтөрдүн системасы аркылуу иш жүзүнө ашырылат.

### Гипотезаны иштеп чыгуу жана текшерүү

Социологиялык изилдөөдө гипотеза бул социалдык обьектилердин структурасы, бул обьектини түзгөн элементтердин жана байланыштардын мүнөзү, алардын калыптануу жана өнүгүү механизмдери жөнүндөгү илимий негиздеги божомолдоо. Гипотеза изилдөөнүн багытын аныктайт. Ал туура жана так, карама-каршылыксыз жана текшерилген болуш керек. Анын туура жана туура эместиги, анын эмпирикалык негизи социологиялык изилдөөнүн жүрүшүндө текшерилет. Мындай изилдөөнүн жыйынтыгында гипотезалар жокко чыгарылып же туура экендиги далилденип, теориянын жоболоруна айланат. Гипотезалар изилдөөнүн инструментарийин даярдоодо өтө зарыл. Мисалы, анкета түзүлүп жаткан болсо, анда ар бир гипотезаны суроолордун блогуна карата текшерүү керек.

Гипотезалар илимий жана иш учурундагы, алгачкы (изилдөө жүргүзгөнгө чейин) жана кийинки (изилдөөнү жүргүзгөндөн кийин) болот. Ошондой эле негиздөөчү гипотеза жана натыйжа-гипотеза болушу мүмкүн.

Мазмунуна карата баяндоочу (проблемага тиешелүү фактыларды жазуу), түшүндүрүүчү (обьектидеги себеп-натыйжалуу байланыштар жөнүндө), прогноздук (окуялардын өнүгүү варианттары жана өзгөрүү процесстеринин перспективасы жөнүндө) болуп бөлүнөт.

Гипотезаны иштеп чыгуу программанын методологиялык бөлүгүнүн акыркы элементи болгондуктан, мындан кийин анын методикалык бөлүгүнө өтүү мүмкүн болот.

Программанын методикалык бөлүгү.

Методика атайын иштелип чыккан бул же тигил таанып-билүү операцияларын (тандоо, иштеп чыгуу, анализ кылуу) камсыз кылуу үчүн колдонулуу эрежелери көрсөтүлгөн илимий негиздеги документ. Ал социалдык маалыматты топтоо максатында берилген спецификалык предметтик конкреттүү методду колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Программанын методикалык (методикалык-уюштуручулук) бөлүгү төмөнкү компоненттерден турат: изилдөөнүн стратегиялык планын иштеп чыгуу; изилдөөнүн стратегиясын тандоо; тандоону негиздөө жана калыптандыруу; изилдөөнүн методикалык инструментарийлерин иштеп чыгуу; уюштуруунун планын түзүү.

Изилдөөнүн стратегиялык планын иштеп чыгуу. Изилдөөнүн максатына жана милдетине, изилденүүчү обьект жөнүндөгү билимдин абалына, ошондой эле ар бир конкреттүү учурдагы башка факторлорго карата социологдор тарабынан иш жүзүнө ашырылган изилдөөнүн жыйынтыгын көрсөтүүдө изденүүнүн өз алдынча статегиялык планы иштелип чыгат.

Изилденүүчү обьект жөнүндөгү билимдин абалы пландын издөөчүлүк, баяндоочулук, эксперименттик мүнөзүн аныктайт.

Издөөчү план проблема же изилдөөнүн обьектиси жөнүндө так түшүнүк болбогон учурда пайдаланылат. Издөөчү пландын процессинде проблема такталып, изилдөөнүн негизги методикалык каражаттары аныкталып, алардын колдонулуу тартиби, кийинки милдеттерди чечүү жагы көрсөтүлөт.

Баяндоочулук план изилдөөдө белгилүү факторлорду тартипке салууда, аларды бири-бирине салыштырууда жардам берет.

Социологиялык изилдөөдөгү эксперименттик план обьект жөнүндөгү билим түшүндүрүү гипотезаны пайда кылганда гана колдонулат. Пландын максаты - обьектидеги себеп-натыйжалык байланыштарды аныктап, структураны гана ачып көрсөтпөстөн, алардын калыптануусундагы жана өнүгүүсүндөгү себептерди да көрсөтөт.

Ал эми изилдөөнүн обьектиси изилдөөнүн максатына жараша аныкталат. Изилдөө жүргүзүүчү обьект завод, цех, лаборатория ж.б. болушу мүмкүн. Ошондой эле ушул пунктта сурала турган адамдардын саны

такталат. Себеби маалымат алуунун булактарын табуу зарыл. Мында сөзсүз тандоо (выборка) иш жүзүнө ашырылат.

Тандоодогу негизги максат жалпыны айрымдарга ажыратуу. Бул төмөндөгү этаптар менен иш жүзүнө ашат:

1. Кайсы адамдарды сураш керек? Алардын жынысы, жашы, кызматы, жашаган жери ж.б. жалпылыктар аныкталат.

2. Канча адамды сураш керек? Мында тандоонун көлөмү аныкталат.

3. Суроо үчүн конкреттүү тандалган жалпылыктагы адамдарды кантип тандаш керек? Мында тандоонун эки түрү болот:

а) квоталык тандоо - жынысы, билим деңгээли, жашоо шарты бирдей ж.б.

б) кокустан тандоо - алфавит аркылуу адреси боюнча, ж.б. Мисалы 1000 санын аралаштырып, ошонун ичинен тандоо.

## Социологиялык изилдөөнүн методдору

Метод белгилүү жумушту аткаруунун ыкмасы, башкача айтканда ошол ыкманын негизинде алгачкы эмпирикалык маалыматтарды топтоо. Ошондуктан социологиялык изилдөөнүн жумушчу документтеринде изилдөөнүн багытына эмес, ошондой эле изилдөөнү кантип жана кандай инструментарийлерди пайдалануу менен иш жүзүнө ашыруу керектиги көрсөтүлөт. Демек, ушул түшүнүктөрдү аныктагандан кийин гана социолог инструментарийлерин иштеп чыгып, алгачкы маалыматтарды чогултуп, аларды кайрадан иштеп чыгат. Алгачкы маалыматтарды топтоодо негизги төрт метод: документерди анализдөө, суроо-жооп, байкоо, эксперимент колдонулат.

### *Документтерди анализдөө методу*

Социологиялык илимде биринчи эмпирикалык маалыматты алуу үчүн пайдаланылган материалдык булак документ деп аталат. Документтер адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык тармактарында кездешет.

Социологияда документте кандай маалымат сакталгандыгына карата төмөнкүдөй бөлүнөт:

1. Жазуу түрүндөгү официалдуу документтерге мамлекеттик жана борбордук архивдеги документтер кирет. Бул документтер абдан ишеничтүү болот, себеби алар атайын адистер тарабынан терең анализделип даярдалат. Ошондой эле официалдуу документтерге уюмдардын жана ишканалардын архивдеринин документтерин да кошууга болот. Адабияттарга ойдо чыгарылган эмес, жалаң гана фактыларга негизделген китептер, брошюралар кирет.

Ал эми пресса - газета, журналдардагы маалыматтар дайыма эле туура боло бербейт, бирок социологияда эксперименттердин маалыматтардын тууралыгына баа бергенден кийин гана пайдаланылат.

Өздүк документтердин түрүнө жеке адам тарабынан түзүлгөн каттар, автобиография, мемуар, күндөлүк, эсселер кирет. Мисалы, Сен-Симондун

мемуарлары Франция королдугу (XVII-XVIII кк.) жөнүндөгү баалуу маалыматтарды берет.

Кыйыр түрдөгү документтерге адабий-көркөм чыгармалар, окуу-педагогикалык, балдар адабияты жана башкалар кирет.

Статистикалык документтер: оперативдүү статистикалык маалыматтар, ведомстволук, тармактык документтер ж.б.

Иконографиялык документтер: кино, фото документтер, көркөм сүрөт искусствосу, ар түрдүү эстеликтер. Мисалы, Бабурдун үйү (үжүрөсү), Манастын күмбөзү, кыргыздардын Орхон-Енисей жазуулары. Фонетикалык документтер болсо, коомдук өнүгүүдөгү көптөгөн процесстерди чагылдырып, буларга магнитофондук үн жазмалардагы документтерди кошууга болот. Социолог бул документтин копиясын да пайдаланса болот.

Документтерди анализдөө методикалык ыкмалардын жыйындысынын негизинде түзүлгөн жана социологиялык маалыматтар камтылган документтердин жардамы менен ишке ашат. Мында документтерди анализдөөнүн эки түрү бар: традициялык жана формалдуу (контент-анализ, англис тилинен келип чыккан, контент-анализ - мазмунун анализдөө дегенди түшүндүрөт).

Документтерди анализдөө методикалык ыкмалардын жыйынтыгынын негизинде түзүлгөн жана социологиялык маалыматтар камтылган документтердин жардамы менен ишке ашат. Документтерди традициялык жол менен анализдөө изилдөөнүн максатына жараша документти кабылдоо, түшүнүү, ага ой жүгүртүү жана андагы түшүнүктөрдү интерпретациялоого негизделет. Көпчүлүк мезгилде документтер социологиялык изилдөөгө арналбайт. Бирок ал документтерге социолог кызыккандыгы үчүн алар социологиялык документтер болуп калат. Мисалы, жүздөгөн жылдар мурун эч ким кызыкпаган динозаврдын издери капысынан биздин планетабыздын өткөндөгүсү жөнүндө баалуу маалыматтарды берип калды. Изилдөөнүн максатына жараша традициялык изилдөөдө документтик булактар бул же тигил атайын ыкмаларга ээ болушат. Мисалы, атайын маалыматтын булагы катары, психологиялык, юридикалык, лингвистикалык ж.б. Кээде социологдор өзүнө зарыл болбогон маалыматтарга да туш болот.

Традициялык анализ - анализденип жаткан материалдын маани-маңызын түшүнүүгө багытталган акыл менен табылган логикалык түзүлүштөрдүн чынжыры. Традициялык анализдөөнүн кемчилиги анын субъективдүүлүгүндө, себеби ар бир башка учурда өз алдынча изилдөө процесси жүрөт. Изилдөө жүргүзүлүп жаткан учурда төмөнкү суроолорго жооп издөө зарыл: документ кандай маалыматтарга ээ? Анын текстти кандай жазылган? Анын автору ким? Документ кандай максатта келип чыккан? Андагы маалыматтарга ишенүүгө болобу? Бул документке карата коомдук пикир кандай же коомдук резонанстты жарата алдыбы? Документтин мазмунун кантип бааласа болот? Анын мазмунунан кандай жыйынтыктарды чыгарса болот?

Традициялык анализдөө да өз алдынча бөлүнөт: ички жана сырткы. Сырткы анализдөөдө документтин түрү, формасы, жазылган жылы аныкталып, ички анализдөөдө документтин мазмуну иликтенет.

Контент-анализ - традициялык жол менен анализдөөгү мүмкүн болбогон көптөгөн документтик булактардан социологиялык маалыматты табуу болуп саналат. Ошондой эле контент-анализ индикатор сыяктуу тексттин мүнөзүн, изилденип жаткан обьектини ар тараптан үйрөнүп, анын келип чыгуу себептерин изилдеп, эффективдүүлүгүн белгилейт.

Ал эми документтерди тандап жатканда буларга көңүл буруу керек: документ изилдөөчүнүн кызыкчылыгында болбоосу, анын авторуна шек келтирбөө, документтеги маалыматтар мурунтан белгилүү болгон болсо пайдалануунун зарылдыгы жок. Изилдөөчү изилдөөнүн жүрүшүндө ката кетириши мүмкүн. Демек, документтик булактарды изилдөө изилдөөчүлөр тобунун мүмкүнчүлүгүнө жараша болгону жакшы. | Ошондо гана жеке кызыкчылык болбойт.

Дагы бир белгилей кетүүчү жагдай социологдун квалификациялык жөндөмдүүлүгү обьективдүү маалыматтарды алууда, рационалдуу пайдалануу, изилдөөнүн жыйынтыгын чыгарууда өзүнүн таасирин тийгизет.

### *Байкоо методу*

Байкоо - кең мааниде караганда, ааламды таанып-билүүнүн жолу. Ал эми социологияда белгилүү максатта маалыматтарды алууга багытталган байкоолор жүргүзүлөт. Байкоо – таанып- билүүнүн алгачкы этабы катары социологиялык изилдөөнүн программасын түзүү этабында пайдаланылат. Себеби, анда статистикалык маалыматтар аз, эксперимент жүргүзүүгө мүмкүн эмес, индивиддин жана группанын жүрүш-турушунун, мамилесинин ар кандай формаларын изилдөө зарыл.

Байкоонун процедурасы:

1. Эмнесин байкоо керек?
2. Кантип байкоо керек (техникалык каражаттар)?
3. Кантип жыйынтыктоо керек?

Байкоонун түрлөрүн аныктаган төмөндөгүдөй классификацияны көрсөтүүгө болот:

| Байкоонун түрлөрү | Байкоонун тиби | | |
|---|---|---|---|
| | | Жазуу | Эксперименттик |
| Стандарттык | | + | + |
| Стандарттык эмес | + | | |
| Бириккен | | + | + |
| Бириккен эмес | + | + | + |
| Ачык | | + | + |
| Лабораториялык | + | + | + |
| Изилдөө | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| учурунда | | | |

**Инструментарий**
**Байкоонун карточкасы___________ №_________ ШИФР**
**Кайсыл жерде өткөрүлгөн_______________________________________**
**Датасы______________________________ убагы_________________**
**Ким өткөргөн_________________________________________________**

| Учурдагы жаңы элемент | Группанын мүчөлөрүнүн реакциясы | | | | Байкоочунун эскертүүсү |
|---|---|---|---|---|---|
| | А | Б | В | Г | |
| Группада Жаңы адамдын пайда болушу | Таптакыр кайдыгер | Реакциясын байкоо кыйын | Жанданып Аны менен сүйлө шүүгө өтөт | Аны Байкамаксан га салат | « Г» Тымызын карайт |

**Байкоону төмөндөгүдөй формуланын негизинде эсептеп чыгууга мүмкүн:**

**Т- байкоонун мезгили**
**Н - байкоонун саны**
**Н1 - оң жооптордун саны**
**Но - төгүндөлгөн жооптордун саны**
**Т - ар кандай белгилерди «баалоо»**

**Төгүндөлгөн жоопторду төмөнкү формула менен эсептеп чыгарууга болот:**

$$To = \frac{T}{H} Ho$$

**Оң жооптор төмөнкү формула менен чыгарылат:**

$$T1 = \frac{T}{H} H1$$

**Ал эми учурдагы байкоо калктын жашоо деңгээлин аныктоодо, массалык байланыш каражаттарын жана башка коомдук кубулуштарды изилдөөдө пайдаланылат.**

**Статистикалык байкоо - социологияда кеңири таралган жана негизги метод. Ал өз алдынча формаларга жана ыктарга ээ. Статистикалык байкоонун формалары жылдык жана мезгилдүү (жарым жылдык, кварталдык, айлык) болуп, мазмунуна жараша статистикалык жана бухгалтердик болуп бөлүнөт. Мисалы, Кыргызстандагы 1-улуттук эл каттоо (1999-жылы), мал каттоо, саламаттык сактоодогу каттоо.**

Ал эми азыркы социологияда байкоонун башка да түрлөрү белгилүү: контролдонбогон (текшерилбеген) байкоо - изилденип жаткан окуяны же коомдук кубулушту жазуу. Бул изилдене турган обьектини «чалгындоо» үчүн зарыл.

Контролдонгон байкоодо гипотезаны текшерүү үчүн так маалымат алынат. Ошондуктан бул байкоо аналитикалык жана эксперименттик изилдөөлөрдө пайдаланылат. Мындан башка да бириктирилген (изилдөөгө) байкоо да кездешет. Лабораториялык байкоо реалдуу турмуштук шартта, табигый кырдаалда жүргүзүлөт. Эгерде изилдөөдө процесстин жүрүшү үчүн шарт түзүлсө, анда ал клиникалык байкоо деп аталат.

Кокустан байкоодо изилдөөчү байкоонун жүрүшүндө мурунтан көңүл бурбаган кубулушту же процессти байкашы мүмкүн. Бул ар кандай социологиялык изилдөөлөрдө пайдаланылат. Өзүн-өзү байкоонун өзгөчө түрү болуп, мында изилденип жаткан обьект изилдөөчү тарабынан түзүлгөн программа боюнча өзүнүн жүрүш-турушуна көңүл бурулат.

### *Суроо-жоop методу*

Бардык социологиялык сөздүктөрдө жана справочниктерде суроо-жооп статистикалык ыкмалардын бири катары көрсөтүлөт. Суроо-жооп оозеки (интервью) жана жазма (анкета) түрүндө болуп, изилдөөчү кандайдыр бир себептер менен изилденүүчү обьектиге байкоо жүргүзө албагандыгына байланыштуу изилдөөнүн максатына жана милдеттерине карата пайдаланылат.

Суроо-жооп методу XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап пайдаланылат. Анда бул метод калктын санын тактоодо, түшүмдүн эсебин алууда, оорулардын түрүн кабылдоодо ж.б. пайдаланылган. Кийин XIX кылымдын акырында суроо-жооп оозеки жана жазуу, эксперттик суроо-жооп түрүндө келип чыккан.

Суроо-жооп методу социологиялык изилдөөдө гана эмес, криминалистикада, демографияда, укук таанууда, экономикалык илимдерде, педагогикада да пайдаланылат. Суроо-жооптун искусствосу суроону туура түзүүдөн жана аны жайгаштыруудан турат. Суроону социологдор гана беришпейт. Суроо берүүнү биринчи жолу байыркы грек философу Сократ Афинанын көчөлөрүндөгү өтүп бара жаткан адамдарга өзүнүн акылгөйлүк менен берген суроолору аркылуу аны илимий жактан түзүлүшүн иштеп чыккан.

Бүгүнкү күндө суроо-жооп методу журналисттер, врачтар, изилдөөчүлөр, мугалимдер тарабынан пайдаланылат. Ал эми социологиялык суроо-жооптун өзгөчөлүктөрү бар. Социолог жүздөгөн, миңдеген адамдарды сурагандан кийин гана ал маалыматты жалпылаштырат. Башка кесиптегилерди жеке пикир кызыктырса, социологдорду коомдук пикир кызыктырат. Мисалы, 100 инженерди сурап, бул кесиптин башка кесиптен кантип айырмалана тургандыгын билип, жеке адамдын социалдык типтерин аныктайт. Ал эми врачтар, журналисттер же изилдөөчү алынган

маалыматтарды жалпылоого аракеттенишпестен, бир адамдын экинчи адамдан айырмачылыгын гана көрсөтүшөт.

Суроо-жооптун дагы бир өзгөчөлүгү андагы маалыматтардын ишенимдүүлүгү жана обьективдүүлүгү. Социолог алынган маалыматтарды математикалык жактан кайрадан иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк алат. Ал ар түрдүү пикирлерди талдоо менен мурдагы алынган маалыматтардын дагы ишенимдүүлүгү артат.

Бул методдун дагы бир артыкчылыгы, суроо-жооп аркылуу коомдук пикир жөнүндө суралгандардын аң-сезиминде чагылдырылган, алардын жашоо ишмердүүлүгү менен байланышкан фактылар, окуялар жөнүндөгү социалдык маалыматтарды алууга болот. Бул метод адамдардын аң-сезимин изилдөөдөгү негизги метод болуп саналат.

Суроо-жооптун обьектиси болуп социалдык жалпылыктар, группа, коллектив, индивиддер эсептелет. Ал эми предмети болуп, респонденттердин пикиринде чагылдырылган жана алардын социалдык жүрүш-турушун, мотивдерин, жашоосундагы баалуулуктарды, окуяларды чагылдырган субьективдүү маалыматтар эсептелет. Жумушчу инструментарийлер катары суроо-жоопту алууда жана ал жоопторду кайра иштеп чыгууда пайдаланылган ар түрдүү формадагы анкеталар, интервьюнун бланкалары пайдаланылат. Интервьюда белгилүү обьектидеги адамдардын социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө, анкетада респонденттер үчүн түшүнүктүү так, илимий суроолорду түзүү зарыл. Бул учурда сурала турган адамдардын билим деңгээлин өздөштүрүү керек.

Мисалы, Сиз, Кыргызстандын келечегин кандай деп ойлойсуз? деген суроого карапайым адамдар туура жооп бере албашы мүмкүн.

Суроо-жооп методунун бир түрү катары эсептелген эксперттик суроо-жоопто анын респонденттери изилденип жаткан чөйрөдөгү эксперт адистер болушат.

Бул мамилелерди аналитикалык изилдөөдө, алардын проектисин иштеп чыгууда, пландоодо, жөнгө салууда, изилдөөнүн максатын, милдетин аныктоодо, проблемалык кырдаалды көрсөтүүдө, гипотезаны түзүүдө, ошондой эле алынган маалыматтарды анализдөөдө пайдаланылат. Кыргызстанда эксперттик суроо-жооп республиканын элитасынын учурдагы беделин аныктоо максатында 6-7 жылдан бери үзбөй жүргүзүлүп келет. Эксперттер катары окумуштуулардан 25-30%, партиялардын, коомдук кыймылдардын өкүлдөрүнөн 20-15%, бийликтин (ЖК, өкмөттүн, президенттин) өкүлдөрү 10-15%, көпчүлүк маалымат каражаттарынын жоопту кызматкерлеринен 45-50% катышат.

Мында социологдун милдети - алынган бааларды (оң жана терс) ЭЭМ аркылуу эсептеп, тартипке келтирип, калктын өзүнө жеткирүү. Албетте, социологиянын коомдогу жашыруун күчтөрдүн кызыкчылыктарын талдоого жана божомолдоого толук дарамети бар. Ал эми беделди аныктоо социологдон өтө тактыкты, чынчылдыкты талап кылып, эч бир саясий күчкө жана жетекчиге карата жеке мамилени көрсөтүүгө болбойт. Ошондой эле

1995-96-жылдардагы «Демократия жана жергиликтүү бийлик проблемалары» деген эл аралык программадагы изилдөө чет өлкөлүк политологдордун кызыгуусун туудурган.

***Суроо-жооп методунун эки түрү бар: анкета жана интервью.***

Анкета көптөгөн респоденттердин дарегине жазылган бир же бир нече суроодон турган баракча. Анкетадагы суроолор изилдөөнүн максатына жараша маалымат алуу үчүн түзүлөт. Ачык суроолорго социолог тексттен кийин респонденттин өзүнүн оюн билдирүү үчүн орун калтырат. Ал эми жабык суроолордо суроо берилгенден кийин, анын жооптору альтернативдүү түрдө көрсөтүлөт.

Мисалы, Сиздин үй бүлөңүздө ар бир адамга айына канча каражат сарпталат?

1. 500 сомго чейин
2. 500 сомдон 1000 сомго чейин
3. 1000 сомдон 2000 миң сомго чейин
4. 2000 миң сомдон жогору

Бир эле суроону ачык жана жабык түрүндө көрсөтүүгө мүмкүн. Жабык суроолор компьютерде иштелип чыккан менен социологдон атайын билимди талап кылат.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер жана философия илимдеринин доктору Т. Аттокуровдун «О формировании и совершенствовании социалистического быта сельских тружеников Киргизии (на материалах Южной Киргизии)» деген кандидаттык диссертациясында жана «Семья и коммунистическое воспитание» деген илимий монографиясында анкета, документтерди анализдөө, математикалык моделдер жана корреляция методдору пайдаланылган.

Интервью методуна токтолсок, эгерде анкетаны респондент өз алдынча толтура турган болсо, интервьюнун суроолорун белгилүү адис берет. Суроолор алдын-ала түзүлүп, интервьер ал суроолордун чегинде гана сөз кылса, ал стандарттык интервью деп аталат. Мисалы, телефон аркылуу интервью алуу.

Ал эми эркин интервьюда тема, план аныкталып, интервьюнун багыты белгиленет. Мунун максаты: белгисиз коомдук кубулуштар жөнүндө түшүнүк алуу жана аларды тактоо.

***Эксперимент методу***

Эксперимент методу социологияда сейрек колдонулат. Бул метод психология, физика жана химия илимдеринде көбүрөөк кездешет. Эксперимент методунун методологиясы жана методикасы социологияга психология илими аркылуу кирген. Изилдөөнүн максаты аныкталып (мис., эмгек акынын көбөйүшүнүн жумушчуларга тийгизген таасири), программасы даярдалгандан кийин 2 группаны алышат. 1-группа мурдагы эмгек акысы менен иштеп, 2-группа эксперимент жүргүзүлгөн эмгек акы көбөйтүлгөн

боюнча иштешет. Группада адамдардын саны 10-15тен ашпайт. Натыйжа: эксперимент жүргүзүлгөн группада эмгектин өндүрүмдүүлүгү жогорулаган. Муну 1-группага салыштыруу аркылуу белгилөөгө болот. Ал эми Кыргызстанда конкреттүү-социологиялык изилдөө лабораториясы 1966-жылы Кыргыз илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, маркум Асанбек Табалдиевдин жетекчилиги менен түзүлгөн. Азыркы күндө бул лабораторияны окумуштуу К. Исаев жетектейт.

Жыйынтыктап айтканда, социологиялык изилдөөлөр жана анын ар кандай методдорун пайдалануу Кыргызстандын келечеги үчүн өтө зарыл. Себеби изилдөөлөр аркылуу гана обьективдүү маалыматтар алынып, алар коомдун өнүгүүсүн аныктайт.

### Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:

1. Социологиялык изилдөөнүн программасынын бөлүмдөрүн атагыла? Алар кандай процедурага ээ?
2. Изилдөөнүн обьектисин системалык анализдөөнү кандай түшүнөсүңөр?
3. Социологиялык изилдөөдөгү гипотезанын ролу кандай? Изилдөөнү эмне үчүн гипотезасыз жүргүзүүгө болбойт?
4. Изилдөөдө тандоонун зарылчылыгы?
5. Документтерди анализдөө методунун айырмачылыгы кандай?
7. Байкоонун түрлөрүн көрсөткүлө? Суроо-жооп методунун жетишкен жактарын атагыла?
8. Эксперимент методун кандай түшүнөсүңөр?
9. Ар бир методдун туура жана туура эмес жактарын мисалдар менен көрсөткүлө.

### Адабияттар:

Здравомыслов А. Г. Методология и процедура в социологическом исследовании. М., 1989.

Как провести социологическое исследование. (Под ред. М.Г. Горшкова), М., 1990.

Методы сбора информации в социологических исследованиях. М., 1990. Рабочая книга социолога. М., 1992.

Радугин А.А., Радугин К.А. Социология. Курс лекций. М., 1996. Социология.. Основы общей теории. Под ред. Г.В. Осипова. М., 1996. Социология. Учебное пособие для студентов вузов. Минск, 1998. Ядов В.А. Социологичекское исследование: методология, методика, программа, методы. Самара, 1995.

Социология. Учебное пособие. Под ред. акад. С.В. Степашина, Санкт-Петербург. 2000.

С.Ф. Фролов. Социологияб сотрудничество и конфликты. Учебное пособие. М„ 1997.

Мягков А.Ю. Экспериментальные стратегии диагностики и измерения искренности респондентов. Социологияческие исследование. №2, 2003, 115-бет.

Бутенко И.А. Какого обращения заслуживают социологические данные? Социологическое исследование. №1. 2002, 23-33-беттер. Капитонов Э.А. Социология XX века. История и технология. Ростов-на-Дону. 1996.
Социология в Кыргызстане, в мире и у себя. Наша газета. 26.09.1998.
Аттокуров Т. Социология, предмет, структура. 0ш-2001.
В.Ф. Анурин. Эмпирическая социология. М., 2003.

## Социалдык институттар

### Социалдык институт түшүнүгү
### Социалдык институттардын калыптанышы.

Коом жөнүндө чыныгы адекваттуу түшүнүктү иштеп чыгуу үчүн адамдын жүрүш-турушуна гана көңүл бурбастан, адамдардын өз ара аракеттенүүсүнө, коомдун бүтүндүгүн түзгөн группалардын жыйындысына, ошондой эле бир жактан индивиддердин коомго ылайыкташуусун камсыз кылган, экинчи жактан коомдук мамилелерде зарыл болгон учурда аларды өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк берген институттардын системасына көңүл буруу зарыл.

### 1. Социалдык институт түшүнүгү.

Институт түшүнүгүнө (лат. институтум - белгилөө, орнотуу, мекеме) чет элдик жана ата мекендик илимий адабияттарда ар түрдүү аныктамалар, жоболор берилип жүрөт. Көпчүлүк авторлор бул категориянын өзгөчөлүгүн көрсөткөн бир гана маанини берген сөздү көрсөтүү зарыл деп эсептешет.

Л. Седов социалдык институтту адам ишмердүүлүгүнүн түрдүү чөйрөлөрүн жөнгө салган жана социалдык системаны түзгөн алардын статустарын жана ролдорун уюштурган формалдык жана формалдык эмес эрежелердин, принциптердин туруктуу комплекси деп көрсөтөт. Ал эми Н. Коржевская: «Социалдык институт коомдогу ээлеген статусунун негизинде белгилүү милдеттерди аткарган жана социалдык нормалардын, максаттардын каражаттарынын негизинде уюшулган адамдардын жалпылыгы», - деп жазат.

Институт түшүнүгүнө түрдүүчө мамиле кылуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүп, Ян Щепанский ага: «Социалдык институт болуп группанын мүчүлөрү тарабынан тандалган белгилүү адамдар тарабынан группанын башка мүчөлөрүнүн жүрүш-турушун жөнгө салуу жана индивидуалдык, коомдук талаптарды канаттандыруу үчүн жеке эмес коомдук милдеттерди аткаруу укугун алган мекемелердин системасы», - деп интегралдык аныктама берет.

Мындан сырткары да социалдык институтка нормалардын жана баалуулуктардын, ролдордун жана статустардын, каада-салттардын жана традициялардын категориялык чегинде берилген бир түрдүү аныктамаларды кездештирүүгө болот. Бирок, биздин көз карашыбызча, мындай мамиле кылуу жемиштүү боло бербейт. Мындан ары социалдык институттун

мүнөзүн комплекстүү көрсөткөн жана ар түрдүү аспектиде анын көп жактуу маани-маңызын ачып көрсөткөн концепцияларга көңүл буруууну туура деп таптык.

Н. Смелзердин, Г.В. Осиповдун, М. Комаровдун пикирлерине таянуу менен социалдык институтту белгилүү социалдык талаптарды канаттандыруу үчүн нормативдүү баалуулуктарга негизделген ролдордун жана статустардын жыйындысын башка жагынан караганда бул талаптарды иш жүзүнө ашырууну камсыз кылган туруктуу социалдык билимди түзгөн социалдык ишмердүүлүктү жана социалдык мамилелерди максатка ылайыктуу туура уюштуруунун формалары катары көрсөтүүгө болот.

Кеңири мааниде караганда институттар - бул коомду социалдык уюштуруунун чегиндеги байланыштардын жана мамилелердин салыштырмалуу туруктуулугун камсыз кылган кээ бир уюмдардын тарыхый шартталган формалары жана коомдук турмушту жөнгө салуучу атайын социалдык билимдер. Институттар адам коомунун өнүгүүсүнөн, ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн ажырымдалуусунан (дифференциация), эмгектин бөлүнүшүнөн, коомдук мамилелердин атайын калыптануусунан келип чыгат. Алардын калыптануусу коомдук маанидеги ишмердүүлүктүн чөйрөсүн жана социалдык мамилелерди жөнгө салуудагы социумдун обөективдүү талаптары менен шартталат. Жаңы пайда болгон институтта мааниси жагынан коомдук мамилелердин белгилүү түрү байкалат.

Социалдык институттун жалпы өзгөчөлүктөрүнө төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- укуктуу мүнөзгө ээ болгон ишмердүүлүктүн, мамилелердин процессиндеги субьекттердин белгилүү чөйрөсүн бөлүп алуу;
- белгиленген уюмду көрсөтүү;
- социалдык институттун чегиндеги адамдардын жүрүш-турушун жөнгө салган атайын социалдык нормалардын жана буйруктардын болушу;
- институттун социалдык маанидеги функцияга ээ болушу, анын социалдык системада интеграцияланышы жана анын акыркы интеграция процессине катышуусун камсыздоо.

Бул эрежелер норма катары бекитилбейт. Алар азыркы коомдун ар түрдүү институттары жөнүндөгү аналитикалык материалдарды жалпылоодон келип чыгат.

Институттарга социологиялык жактан мамиле кылууда анын социалдык функциясына жана нормативдик структурасына көңүл бурулат.

Социалдык институттар коомдо төмөндөгү негизги функцияларды аткарышат:

- коомдун мүчөлөрүнүн социалдык мамилелердин чегиндеги ишмердүүлүгүн жөнгө салуу;
- коомдун мүчөлөрүнүн талаптарын канаттандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;
- коомдук турмуштун туруктуулугуна жетишүү үчүн социалдык жактан интерпретациялоо;

- индивиддерди коомго ылайыкташтыруу (социализациялоо);

## Социалдык институттардын структурасы

Социалдык институттардын структурасы жөнүндө сөз кыла турган болсок, анда анын составдык элементтери институттун тибине жараша болот. Белгилүү польшалык социолог Ян Щепанский социалдык институттардын төмөнкү структуралык элементтерин көрсөтөт[97]

- институттун максаты жана анын ишмердүүлүк чөйрөсү;
- максатка жетүү үчүн функцияларды байкаштыруу;
- максатка жетүүнүн каражаттарын уюштуруу жана функцияларды (материалдык, символдук жана идеалдык) санкцияга ылайык иш жүзүнө ашыруу.

Коомдогу социалдык институттарды классификациялоодо ар түрдүү мамилелер, критерийлер болушу мүмкүн. Алардын ичинен биз социалдык институттардын предметине (мазмунуна) жана уюштуруу формаларына токтолуу максатка ылайыктуу деп эсептедик.

Институттар предметтик критерийдин негизинде б.а. мазмунуна жана аткарган функцияларына карата саясий (мамлекет, партия, армия), экономикалык (эмгектин бөлүнүшү, жеке менчик, налог ж.б.), үй-бүлө жана нике институттары, рухий чөйрөдөгү аракеттенген институттар (билим, маданият, массалык байланыштар) ж.б. болуп бөлүнөт.

Экинчи критерийдин негизинде институттардын уюшулуу мүнөзүнө карата формалдуу жана формалдуу эмес деп бөлүүгө болот. Биринчиси, так нормативдик юридикалык жактан бекитилген буйруктарга, эрежелерге, инструкцияларга ж.б. негизделет. Бул мамлекет, армия, сот ж.б.

Ошентип, биз социалдык институт түшүнүгүн, анын белгилерин, аткарган функциясын, структурасын бул обьектинин дүйнөлүк социологиялык ой-пикирлердеги изилдөө тажрыйбасына таянуу менен карап өттүк.

## Социалдык институттардын калыптанышы.

Социалдык институттардын көптөгөн түрлөрү бар. Алар коомдо социалдык турмуштун продуктысы катары пайда болот. Бул кантип иш жүзүнө ашат? Адамдар социалдык группаларда өздөрүнүн жалпы талаптарын канаттандыруу үчүн ар түрдүү жолдорду, ыктарды издешет. Алар коомдук практиканын жүрүшүндө өзүнө туура келген жүрүш-туруш үлгүлөрүнө ээ болуп, бара-бара стандарттык каада-салттарга жана көнүмүш адаттарга айланат. Бир канча убакыт үүүөткөндөн кийин бул жүрүш-туруштун

---

[97] Щепанский Я. Элементарные понятия социологии. - М., 1969. С.98.

үлгүлөрү коомдук пикир тарабынан кабыл алынып, закондоштурулат. Мындай негизде санкциялардын системасы иштелип чыгат. Мисалы, банктар займдарды жана акчаны топтоого, которууга, сактоого болгон талапты канаттандыруу үчүн атайын өз алдынча институтка айланды. Мезгил-мезгили менен коомдун же социалдык группанын мүчөлөрү бул практикалык көнүмүш адаттарды жана үлгүлөрдү чогултуп, системага салып, ачык түрдө бекитилгенде анын жыйынтыгында институттар өзгөрөт жана өсөт.

Ошентип, институтташтыруу социалдык нормаларды, эрежелерди, статустарды жана социалдык ролдорду аныктап бекитип, аларды бир системага келтирип, коомдук талаптарды канаттандырууга жөндөмдүү болуп калат.

Институтташтыруу процессии, б.а. социалдык институттун түзүлүшү бир канча ырааттуу этаптардан турат:

1. Келип чыккан талаптарды канаттандыруу бирдиктүү уюмдашкан аракеттенүүнү талап кылат.
2. Жалпы максаттардын калыптанышы.
3. Сыноолордун жана катачылыктардын негизиндеги стихиялык социалдык өз ара аракеттенүүнүн жүрүшүндөгү социалдык нормалардын жана эрежелердин пайда болушу.
4. Эрежелерге жана нормаларга байланышкан процедуралардын (бир иштин аткарылуу тартиби) келип чыгышы.
5. Нормалардын жана эрежелердин институтташуусу б.а. алардын практикалык түрдө колдонулушу.
6. Нормалардын жана эрежелердин айрым учурлардагы пайдаланылышындагы дифференциалдуулугун колдоо үчүн санкциялар системасын орнотуу.
7. Институттун мүчөлөрүнүн бардыгын кучагына алган статустардын жана ролдордун системасын түзүү.

Институтташуу процессинин акыркы чеги катары бул социалдык процесстин катышуучуларынын көпчүлүгүнүн социалдык колдоосу менен нормаларга жана эрежелерге ылайык так статустук-ролдук структуранын түзүлүшү эсептелет. Азыркы коомдун институташтыруусуз жана социалдык институттарсыз жашоосу мүмкүн эмес. Институташтыруу процесси өзүнө бир топ учурларды камтыйт. Социалдык институттун пайда болушунун бирден-бир зарыл шарты, ага карата социалдык талаптын келип чыгышы. Институттар бул же тигил социалдык талаптарды канаттандыруудагы адамдардын биргелешкен ишмердүүлүгүн түзүшөт. Социалдык институт социалдык байланыштардын, конкреттүү адамдардын, индивиддердин жана социалдык жалпылыктардын аракеттенүүсүнүн негизинде пайда болот.

### Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Социалдык институтка аныктама бергиле.

2. Социалдык институттардын негизги белгилерин атагыла.

3. Социалдык институттар коомдо кандай негизги функцияларды аткарышат.

4. Социалдык институттардын негизги түрлөрүн жана типтерин көрсөткүлө.

Адабияттар:


Гавра Д.П. Категория социального института в социологии. **Регион. Политика. Экономика, Социология. 1999. №1-2. С.79-83.

Зборовский Г.Е. Орлов Г.П. Социальные институты. Социология. Учебник для гуманитарных вузов. М., 1995. С.242-268.

Комаров М.С. О понятии социального института. Введение в социологию. М.,1994.

Коржевская Н. Социальный институт как общественное явление (социологический аспект), Свердловск, 1983.

Осипов Г.В., Кравченко А.И. Институциональная социология.

Современная западная социология. Словарь. М., 1990.

Прилепко Е.М. Социальный институт. **Социологический словарь. Минск. 1991, С.11.

Седов Л.А. Институт социальный. **Современная западная социология. М.,1990.

Смелзер Н. Социальные институты. Социология. М., 1994. С.390-546.

# АТАЙЫН СОЦИОЛОГИЯЛЫК ТЕОРИЯЛАР

## Жеке адам социологиясы

Коомдун социалдык структурасында адам өзгөчө орунду ээлейт. Ал социалдык структуранын негизги элементи, ансыз социалдык аракеттер жана байланыштар, социалдык өз ара аракеттенүү жана мамилелер, социалдык жалпылыктар, группалар, институттардын болушу мүмкүн эмес. Адам бир эле мезгилде коомдук мамилелердин субьектиси жана обьектиси боло алат. Адамдар кандай болсо коом да ошондой, тескерисинче коом кандай болсо анын мүчөлөрү да ошондой болот. Ошентип жогорудагы айтылгандарга таянуу менен «адам», «индивид», “личность” түшүнүктөрүн чечмелөө зарыл. Күндөлүк турмушта жана илимий тилде «адам», «индивид», «личность», «индивидуалдуулук» деген терминдер көп кездешет. Алар бир эле феноменби же айырмачылыктары барбы? Көбүнчө бул сөздөр синоним катары бир эле мааниде колдонулат, бирок тереңдеп караганда бул сөздөрдүн мааниси ар башка экендигин байкоого болот. Адам - жалпы, түпкү негиз. Индивид (лат. бөлүнбөгөн, акыркы) жеке конкреттүү, адам тегинин жалгыз өкүлү. Индивидуалдуулук индивиддин башкалардан айырмаланган кулк-мүнөзүнүн жыйындысы. Айырмачылык ар түрдүү деңгээлде болушу мүмкүн: биохимиялык, нейрофизиологиялык, психологиялык, социалдык ж.б. «Личность» түшүнүгүндө адамдын жана индивиддин табигый эмес (социалдык) мазмунун белгилөө үчүн, б.а. социалдык башталышка көңүл бурулат.

Социологияда личностко төмөнкүдөй аныктама берилет: индивиддин коомдук мамилелердеги жана бирдиктүү ишмердүүлүктөгү системалык сапаты; социалдык мамилелердеги жана аң-сезимдүү ишмердүүлүктөгү субьект. Бала төрөлөрү менен эле личность болуп эсептелбейт. Ал болгону индивид гана. Индивид болуп филогенетикалык жана онтогенетикалык өнүгүүнүн продуктысы болгон адам эсептелет. Ал личность болуш үчүн өнүгүүнүн белгилүү жолун басып өтүүсү зарыл. Бул өнүгүүнүн зарыл шарты катары: 1. биологиялык, генетикалык өбөлгөлөр; 2. бала аракеттенген социалдык чөйрө, адам маданиятынын дүйнөсү.

Ар бир личность анын структурасын түзгөн ички сапаттардын жана кулк-мүнөздөрдүн жыйындысына ээ. Личностту эки негизде мүнөздөөгө болот: анын структурасына карата; айлана чөйрө менен өз ара аракеттенүүсүнө жана башка адамдар менен болгон мамилесине карата.

Азыркы социологияда адамдын образын түшүнүү үчүн анын көп кырдуу татаал табиятын, кеңири жана ар түрдүү социалдык байланыштарын, мамилелерин анализдөөдө көптөгөн түрдүү моделдер, теориялык кз караштар, позициялар иштелип чыккан. Алардын бири, социалдык ролдордун жыйындысы адамдын образын түзөт.

**Личносттун ролдук концепциясы.** Коомдо жашаган ар бир адам ар түрдүү социалдык группаларда (үй-бүлө, окуу, достордун компаниясы ж.б.) аракеттенет. Ал бул группалардын ар биринде өз алдынча статуска ээ болуп,

орунду ээлейт. Ошентип, адам бир эле учурда ата, биреөгө дос, башкаруучу, б.а. ар түрдүү ролдорду аткарат. Социалдык роль - адамдардын ортосундагы мамилелер системасындагы адамдардын ээлеген статусуна же коомдогу позициясына дал келген жүрүш-туруш эрежелеринин нормасы. Личносттун социалдык ролдорду өздөштүрүүсү анын коомдо өзүнө окшогондордун арасында калыптануусу жана коомго ылайыкташуусунун бир бөлүгү. Индивиддин өз ара мамилелердеги жана ишмердүүлүктөгү социалдык тажрыйбага ээ болуусу социализация процесси (коомго ылайыкташуу) деп аталат.

Социалдык ролдорго жыныстык ролдор (эркектердин же аялдардын жүрүш-турушу), кесиптик ролдор да мисал боло алат. Адам социалдык ролдорду өздөштүрүү менен жүрүш-туруштун социалдык стандарттарын, өзүн-өзү баалоону жана текшерүүнү үйрөнөт. Бирок, адам ар түрдүү ишмердүүлүктө жана мамиледе болгондуктан, зарыл болгон учурда өзүнө карама-каршы болгон ролдорду да аткарууга туура келет. Бул учурда адам өзүнүн жүрүш-турушуна нравалык баа берип, жеке социалдык группада гана эмес, бүтүндөй жашоодо бир нерсенин кызыкчылыгы үчүн башкадан баш тартып, өзүнүн ордун аныктайт.

Иерархиялык системадан турган социалдык ролдордун компоненттерин үч баскычка бөлүүгө болот. “Первый - это периферийные атрибуты, т.е. такие, наличие или отсутствие которых не влияет ни на восприятие роли окружением, ни на ее эффективность (например, гражданское состояние поэта или врача). Второй уровень предполагает такие атрибуты роли, которые влияют как на восприятие, так и на ее эффективность (например, длинные волосы у хиппи или слабое здоровье у спортсмена). На вершине трехуровневой градации - атрибуты роли, которые являются решающими для формирования идентичности личности.

2. Личносттун коомго ылайыкташуусундагы негизги проблемалар

Социологиядагы личносттун коомго ылайыкташуусун анализдөөдөгү көрүнүктүү учур обьективдүү зарылчылык болуп эсептелет. Батышта белгилүү болгон жана Россияда өзүнүн эмгектери менен таанылa баштаган америкалык социолог Нейл Смелзер социализацияны индивиддердин өзүнүн социалдык ролуна жараша көнүгүүлөрдүн жана социалдык установкаларга ээ болуу процесси катары карайт[98]

Польшалык социолог Ян Щепанский социализацияны «индивидди коомдук жашоого катыштырып, аны маданиятты түшүнүүгө, коллективде өзүн алып жүрүүгө, өзүн-өзү аныктоого жана ар түрдүү социалдык ролдорду аткартуудагы чөйрөнүн бүтүндөй таасири»[99] катары көрсөтөт.

Россиялык социолог И.С. Кон социализацияны «тарбия» түшүнүгү менен жакын экендигин көрсөтөт. Бирок тарбия баарыдан мурда индивиддин аракеттенүү менен каалаган кулк-мүнөзгө жана өзгөчөлүктөргө ээ болуусун

---

[98] Смелзер Н. Социология. Пер. с англ. – М., 1994. 94-128-беттер.
[99] Щепанский Я. Элементарные понятия социологии. - М., 1969. С.51.

камсыз кылса, анда социализацияда тарбия мснен кошо багытталбаган спонтандык таасир этүүнүн натыйжасында ал маданиятка аралашып коомдун толук кандуу мүчөсү гана болбостон, ал өзүн коомдун анык мүчөсү катары сезет[100]

Кеңири таралган сурап-билүү басылмаларынан социализацияга берилген төмөнкү аныктамаларды кездештирүүгө болот; 1) «индивиддин өзү жашаган коомдогу социалдык жана маданий баалуулуктарды өздөштүрүү процесси»[101]

2) «индивиддин личность катары калыптанып, белгилүү коомго, жалпылыктарга, группаларга таандык болгон баалуулуктарды, нормаларды, жүрүш-туруш эрежелерин үйрөнүү жана өздүштүрүү процесси»; «индивиддин өнүгүүсүндөгү социалдык-маданий тажрыйбаларды өздөштүрүү процесси»[102]

Ошентип, социализация индивиддин, личносттун белгилүү коомго жана группаларга таандык жүрүш-туруш үлгүлөрүн, алардын баалуулук системаларын, нормаларын өздөштүрүү процесси. Бул личносттун татаал калыптануу процесси турмуштук позициядагы окуунун, билимдин жана тарбиянын, үй-бүлөнүн, массалык маалымат каражаттарынын, адабияттын, искусствонун таасирине көз каранды. Социализациялоо процесси адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөсүн, балалыктагы оюндардан тартып эмгекке жараган жана жетилген, карылык курактагы эс алуу мезгилин камтыйт.

Азыркы педагогикада, социалдык психологияда, социологияда адамдын социализациялоо процессиндеги негизги факторлорду көрсөтүшөт.

**1. Үй-бүлө.** Ар кандай цивилизацияда, маданияттын бардык тибинде үй-бүлө личносттун коомго алгачкы ылайыкташуусундагы негизги чөйрө болуп эсептелет. Бала үй-бүлөдө өзүнүн ата-энесине таандык болгон жүрүш-туруш образын жана жашоо стилин үйрөнөт.

**2. "Теңдештик мамилеси".** Мында социализациялоо процессине бир жаштагы теңтуштар, достор группасы таасир этет. Ар бир жаңы муун мурункулардан өздөрүнүн укуктары жана милдеттери менен айырмаланышат. Ар түрдүү маданиятта индивиддин кичи группадан чоң группага өтүүсү кээде атайын шаан-шөкөттөр менен белгиленет. Теңтуштардын чөйрөсү ата-эне менен балдардын чөйрөсүнө караганда өзүнүн демократиялуулугу менен айырмаланат. Курбалдаштардын группасында индивиддер ар түрдүү байланыштарды түзүү менен алардын туруктуулары бир жаштагы адамдардын арасында формалдуу эмес группаны түзүп, ал байланыштар өмүр бою да сакталып калат.

**3. Мектепте окуу.** Бир жагынан караганда бул процесс формалдуу мүнөзгө ээ болуп, дисциплиналардын белгилүү чөйрөсүн камтыйт. Ошону

---

[100] Кон И.С Ребенок и общество. М.; 1988. С.134.

[101] Современная западная социология. Словарь. М.; 1990. С.316.

[102] Краткий словарь по социологии. - М., 1988. С.318.

менен катар мектепте мектеп жашоосун өздөштүрүүнүн «жашыруун» планы педагогдун авторитетинин, анын окуучунун жүрүш-турушуна болгон реакциясы таасир этүүсү менен иш жүзүнө ашат.

4. Массалык маалымат каражаттары. Бул бүгүнкү күндө адамдын аң-сезимине жана жүрүш-турушуна күчтүү таасир этүүчү фактор. Социализациялоо процессине телевидение, кино өндүрүү, радио берүүлөр, басма сөз таасир этет.

5. Коомдук пайдалуу ишмердүүлүктүн керектүү түрлөрү. Эмгек жана ишмердүүлүгү маданияттын бардык типтеринде индивиддин коомго ылайыкташуусундагы негизги фактор болуп саналат.

6. Уюмдар. Социализациялоо процессине жаштар бирикмелери, чиркөө, мечит, эркин ассоциациялар, спорттук клубдар, көңүл ачуулар ж.б. да таасир этет.

Жогоруда биз негизинен социализацияны личносттук аспектиде карадык, ал эми коомдук көз караштa социализациялоо кандай каралат? Нейл Смелзердин пикири боюнча, личносттун коомго ылайыкташуусуна институттар, адамдар, социалдык группалар таасир этет. Бул аспектиде личносттун коомго ылайыкташуусуна чечкиндүү таасир эткен төмөнкү факторлорду белгилөөгө болот:

А) Коомдун личностко белгилүү багытта таасир этүүсү, б.а. кеңири мааниде аны тарбиялоо;

Б) Личносттун активдүү же пассивдүү болушу анын билимине, шыгына, өз алдынча ой жүгүртө билүүсүнө жана тандоосуна , индивидуалдуулугуна байланыштуу;

В) Ар түрдүү көз карашка, позицияга, ар кандай ролдорго сын көз менен карап, аларды баалоо;

Г) Ишмердүүлүктү кайра түзүүгө активдүү катышуу.

Социологияда социализациялоонун «агенттерин» жана «институттарын» айырмалоо зарыл.

Социализациялоонун агенттери - булар маданий нормаларды үйрөнүүдөгү жана социалдык ролдорду өздөштүрүүдөгү жоопкерчиликтүү адамдар, б.а. коомдо белгилүү ролду жана милдеттерди аткарган адамдар (инженер, мастер, офицер ж.б.). Социализациялоонун институттары - бул социализациялоого таасир эткен багыт берүүчү мекемелер. Социализациялоонун өзү алгачкы жана кийинки деп бөлүнгөндүктөн, анын агенттери жана институттары да ушундай негизде бөлүнөт. Алгачкы социализациялоонун агенттерине: ата-энелер, агалар, эжелер, чоң ата, чоң эне, туугандар, үй-бүлөнүн достору, балдарды баккан адамдар, теңтуштар, мугалимдер, врачтар, машыктыруучулар, жаштар уюмдарынын лидерлери кирет.

Социологиядагы «алгачкы» деген түшүнүк адамдын коомго ылайыкташуусунда биринчи орунда турган эң жакын чөйрөсү менен байланышкан.

Кийинки социализациялоонун агенттери - бул мектеп, жогорку окуу жайлар, мекеме, армия, милиция, мамлекет жетекчилигинин өкүлдөрү, телевидение, радио, басма сөз кызматкерлери, саясий партиялардын, сот органдарынын мүчөлөрү ж.б. Мында ал адамдын жашоосунун кийинки чөйрөсүн камтып, анын институттары болгон мамлекет, өндүрүш, массалык маалымат каражаттары, армия, соттор ж.б. менен байланышат. Айрыкча бул адамдын жашы өтүп кеткен мезгилде күчтүү таасир этет.

Ошентип, алгачкы социализация личносттук мамилелердин чөйрөсү, кийинки социализация социалдык мамилелердин чөйрөсү болуп саналат. Бир эле учурда бир эле адам алгачкы жана кийинки социализациялоонун агенти болушу мүмкүн. Бирок булардын ортосунда айырмачылыктар бар. Биринчиден, алгачкы социализациялоонун агенттери көп функцияларды аткарышат (ата, өгөй ата, жетекчи, тарбиялоочу, дос ж.б.), кийинки социализациялоонун агенттери эки гана функцияны аткарышат; экинчиден, биринчи социализациялоонун агенттеринин функциясы алмашылып турса, кийинки социализациялоонун агенттеринде бул алмашылбайт. Себеби, алгачкы агенттер универсалдуу жана бирин-бири алмаштырат. Мисалы, ата-энелер жана теңтуштар. Үчүнчүдөн, кийинки социализациялоонун агенттери акчалай сыйлыктарды ала алышат.

Ошентип, социализациялоонун агенттери өзүнүн аракеттенүү мүнөзүнө жараша түздөн-түз (конкреттүү таасир этүү), кыйыр («биреөнүн жашоосун өзгөртүп...» «идеалдуу») түрдө болот.

Ошондой эле десоциализациялоонун жана ресоциализациялоонун агенттери да ошол эле адамдар болушу мүмкүн. Десоциализация личносттун статусунун жана ролдорунун өзгөрүүсүнө карата баалуулуктардын, символдордун, нормалардын жок болушу же ага ылайык түзүлүшү болуп эсептелсе, ресоциализация баалуулуктардын, символдордун жаңы системада калыптанышы личностту, анын социалдык сапаттарынын төмөндөөсүнө же жок болушуна, жалпысынан алганда личносттун деградацияланышына алып келет. Десоциализация жана ресоциализациядан турган татаал социализациялоо процесси социалдык көзөмөлдүн ар түрдүү системалары менен түздөн-түз шартталат.

Жыйынтыктап айтканда, личность - бул «адам», «индивид», «индивидуалдуулук» түшүнүктөрүнө окшобогон, татаал, көп кырдуу түшүнүк. Ал коомго активдүү таасир этип, чыгармачылык менен өзгөртө алган социалдык мамилелердин субьектиси болуп саналат. Муну личносттун ролдук теориясына байланышкан көз караштар далилдейт. Личность ошондой эле коомдук мамилелердин обьектиси да болуп эсептелет. Мында анын мазмуну аныкталып, личносттун коомго ылайыкташуу процессинде каралган социологиялык теорияларда тастыкталат.

### Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:

1. «адам», "индивид", «индивидуалдуулук», «личность» түшүнүктөрүнүн катышы кандай?

2. Жеке адам социологиясы эмнени окуп-үйрөтөт?
3. Индивиддин социализациялануу процессине аныктама бергиле?
4. Социализациялоонун негизги этаптары кандай?
5. Социализациялоо процессиндеги факторлор?
6. Социализациялоонун «агенттерин» жана «институттарын» айырмалагыла?
7. Алгачкы жана кийинки социализациялоонун айырмачылыгын көрсөткүлө?
8. Биз кайсыл учурда десоциализация жана ресоциализацияга туш болобуз?

Адабияттар:


1. Ананьев Б.Г. Человек как предмет познания. Л.: 1968.
2. Асмолов Р. Психология личности. М.: 1990.
3. Кравченко А.И. Введение в социологию. Учебное пособие. М.: 1995.
4. Кравченко А.И. Социология. Словарь. Учебное пособие для вузов. М., 1997.
5. Краткий словарь по социологии. М., 1988.
6. Сорокин П. Человек. Цивилизация. Общество. М., 1992.
7. Столин В.В. Самосознание личности. М., 1984.
8. Волков Ю.Г., Мостовая И.В. Социология. М., 1998.
9. Маркович Данило Ж. Общая социология. М., 1998.
10. Основы социологии. Отв. ред. проф. А.Г. Эфендиев. М., 1993.
11. Смелзер Н. Социология. М., 1994.
12. Социология. Под. ред. проф. В.Н. Лавриненко. М., 1998.
13. Социология. Основы общей теории. Под ред. Г.В. Осипова, Л.Н. Москвичева. М., 1996.
14. Харчева В.Г. Основы социологии. М., 1997.


## Үй-бүлө социологиясы

### Үй-бүлө жөнүндө түшүнүк жана анын функциясы

Үй-бүлө бир канча коомдук илимдердин изилдөө предмети болуп эсептелет. Алардын ар бири үй-бүлөгө өз алдынча аныктама берүүгө умтулушат. Үй-бүлө мазмунуна, структурасына жана формасына карата тарыхый жактан өзгөрүлгөн, универсалдуу белгиси катары гетеросексуалдык байланыш эсептелген, тууганадык байланыштардын системасы, личносттун социалдык жана индивидуалдык сапаттарын өнүктүрүп, камсыздандырган жана белгилүү экономикалык ишмердүүлүктү иш жүзүнө ашырган социалдык группа. Үй-бүлө эркек менен аялдын табигый жыныстык жана башка (рухий, этикалык, эстетикалык) талаптарын канааттандырган жана тукум улантуу менен коомдогу өнүгүүнү камсыз кылган социалдык группа. Ал жыныстык талаптарды канааттандыруунун, ошондой эле индивиддин социалдык жана индивидуалдык сапаттарын реализациялоонун негизи болуп эсептелет. Бирок үй-бүлөдө экономикалык ишмердүүлүктүн белгилүү түрлөрү (өндүрүштүк-талаптык же талаптык) да иш жүзүнө ашырылат.

Социологиялык көз караш боюнча үй-бүлө өзү тарыхый жактан өзгөрүп тургандыктан, үй-бүлөдөгү мамилелердин мүнөзү, анын структурасы жана формасы да ошондой негизде өзгөрүлүп турарын көрсөтөт. Ошол эле учурда социологияда анын биологиялык, биосоциалдык жана экономикалык негизине көңүл бурулат.

Ар кандай коомдо үй-бүлө эки мүнөзгө ээ. Бир жактан социалдык институт, экинчи жактан өзүнүн калыптануу жана өнүгүү законченемдүүлүктөрүнө ээ болгон майда группа катары эсептелет. Мындан анын коомдук түзүлүштөн, жана андагы экономикалык, саясий, диндик мамилелерден көз карандылыгын, ошол эле учурда салыштырмалуу өз алдынчалуулугун белгилөөгө болот. Үй-бүлө институту менен башка коомдук институт - нике институту тыгыз байланышкан. **Нике** - эркек менен аялдын ортосундагы жыныстык катнашууга, жубайлык жана ата-энелик укукту, милдетти камсыз кылуучу тарыхый, социалдык мамилелердин формасы. **Үй-бүлө** - жубайлык туугандык байланыштагы бирдиктүү үй-бүлөлүк ишмердүүлүктөгү адамдардын жалпылыгы. Анын негизги өзгөчөлүгү үй чарбачылыгын бирдикте жүргүзүү болуп эсептелет.

Үй-бүлөнүн негизин эреже катары жубайлар түзөт. Тилекке каршы, биргеликте жашаган жана жалпы чарбачылыкты чогуу жүргүзгөн, бирок юридикалык жактан катталбаган үй-бүлөлөр да кездешет. Бүгүнкү күндө мындай үй-бүлөлөрдүн көбөйүп бара жаткандыгы байкалат. Социологдор калктын никеге турууга даярдыгы жана каалоосу жоктугун, өзгөчө, бул азыркы учурдагы өнүккөн өлкөлөргө мүнөздүү экендигин белгилешет. Мындан башка дагы ата-эненин бирөөсү же кандайдыр-бир себептер менен ата-энесиз (мисалы ата-энесиз балдардын чоң ата, чоң энеси менен чогуу жашоосу) толук эмес үй-бүлөлөр да кездешет.

Үй-бүлө, аны түзгөн ар түрдүү муундагы өкүлдөргө карата нуклеардык (ата-энеси жана балдары) жана кеңейтилген (жубайлар, балдары, жубайлардын бирөөсүнүн ата-энеси жана башка туугандар) болуп бөлүнөт. Азыркы учурдагы индустриализация жана урбанизация процесси нуклеардык үй-бүлөлөрдүн көбөйүшүнө негиз түздү.

Үй-бүлөнүн составындагы жана структурасындагы өзгөрүүлөр үй-бүлөлүк туугандык байланыштардын начарлап кетүүсү жөнүндөгү кээ бир пессимисттик көз караштарды пайда кылат. Канттын пикиринче, «нормалдуу» шартта үй-бүлөдө балдар жашына, жынысына карата ата-энеге баш ийүүсү зарыл. Азыркы учурда бул эки параметр өзүнүн мазмунун өзгөрттү. Себеби жаштар туулган үйүн эрте таштап, өз алдынча жашоого жана ата-эненин кесибин улантпастан башка кесипке ээ болууга умтулушат. Аялдардагы эмансипация да үй-бүлөнүн иерархиялык уюшулушунун бузулушуна өз таасирин тийгизүүдө ж.б.

## Үй-бүлөнүн типтери

Үй-бүлөдөгү аткарылуучу милдеттердин мүнөзүнө жана андагы лидерлик проблемаларына карата бүгүнкү күндө социологияда үй-бүлөнүн үч тибин белгилешет.

**Традициялуу (же патриархалдык) үй-бүлө.** Мындай типтеги үй-бүлөдө минимум үч муундун жашашы жана андагы лидерлик улуу эркекке таандык. Традициялык үй-бүлөгө таандык белгилер: а) аялдын экономикалык жактан жубайынан көз карандылыгы; б) үй бүлөлүк турмуш чөйрөсүндө аял менен эркектин милдеттеринин так бөлүнүшү (күйөөсү багат, аял үй жумуштарын аткарат); в) үй-бүлөдөгү башчылык проблемаларын чечүүдө эркектин приоритетин таануу.

**Традициялык эмес үй-бүлө.** Мында эркектин лидерлиги сакталып, үй-бүлөдөгү аялдын жана эркектин милдеттери чектелет, бирок үй-бүлөнүн биринчи тибинен айырмаланып буга обьективдүү экономикалык негиздер жетишпейт. Социологияда үй-бүлөнүн мындай тибин **эксплуататордук** деп аталат, себеби аял коомдук жумушта эркек менен бирдей иштөө менен катар үй жумуштарын да өзү аткарат.

**Эгалитардык (тең укуктагы) үй-бүлө.** Мындай типтеги үй-бүлөгө мүнөздүү белгилер: а) үй-бүлөлүк милдеттердин үй-бүлө мүчөлөрүнө акыйкаттуу пропорционалдуу бөлүнүшү, тиричилик проблемаларын чечүүдө жубайлардын өз ара түшүнүүчүлүк менен алмашып туруусу («ролдук симметрия» д.а.); б) үй-бүлөдөгү негизги проблемаларды талкуулоодо бирдиктүү чечимдердин кабыл алынышы; в) мамилелердин эмоционалдуулугу.

Мындан сырткары, эркектин милдети традициялык мүнөзгө ээ болгон, же тескерисинче, демократиялык ролдук установкаларда эркектин үй жумуштарына сейрек катышуусуна негизделген үй-бүлөнүн биринчи тибинен экинчи тибине өтүп жаткан үй-бүлөлөр да кездешет.

Ошентип, азыркы үй-бүлөдө аялдардын массалык түрдө кесиптик ишмердүүлүккө катышуусу алардын традициялык ролун, ошону менен катар эркектердин ролу да өзгөрүп жатат. Мисалы, Батыш Европа мамлекеттеринде эркектердин өз балдардын кароо үчүн эс алууга чыгуусу таңгаларлык көрүнүш эмес. Ошондуктан жубайлар бул ситуацияны кандай кабыл алышат, алар үй-бүлөлүк милдеттердин мындай бөлүштүрүлүшүнө даярбы жана андагы лидерлик эмнеден көз каранды экендигин чечмелөө зарыл.

Үй-бүлөнүн функциясы анын структурасы менен тыгыз байланышта. Ошондуктан үй-бүлө социологиясынын изилдөө предмети болуп жубайлардын өз ара аракеттенүү функциясы, ата-эненин балдарга карата мамилеси, ата-энелердин кызматташтыгы, балдардын өз ара аракеттенүүсү, жубайлардын алардын ата-энелери менен өз ара аракеттенүүсү, чоң ата, чоң энелердин неберелер менен өз ара аракеттенүүсү эсептелет.

М.С. Мацковский тарабынан иштелип чыккан үй-бүлөнүн функциясынын классификациясын толук түрдө төмөндөгүдөй схема менен көрсөтүү жетиштүү

| Үй-бүлөлүк ишмердүүлүктүн чөйрөсү | Коомдук функциялар | Индивидуалдык функциялар |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| Репродуктивдүү | Коомдун биологиялык өндүрүшү | Балдарга болгон талапты канаттандыруу |
| Тарбиялык | Жаш муундардын коомго ылайыкташуусу Коомдун маданий өнүгүүсүн колдоо | Ата-энелик талапты канаттандыруу, балдар менен байланышта болуу, аларды тарбиялоо, |
| Чарбалык-тиричилик Экономикалык | Коомдун мүчөлөрүнүн саламаттыгын сактоо, балдарды кароо. Жашы жете электерди жана жумушка жарамсыз коомдун мүчөлөрүн экономикалык жактан колдоо | балдардын өзүнчө калыптануусу Чарбалык-тиричилик кызматтарын пайдалануу. Материалдык каражаттарды алуу |
| Алгачкы социалдык текшерүүнүн чөйрөсү Рухий мамилелер чөйрөсү | Коомдун мүчөлөрүнүн ар түрдүү жашоо ишмердүүлүгүн ошондой эле жубайлардын, ата-эне менен балдардын, улуу жана ортонку муундагылардын өз ара мамилелериндеги милдеттерди жана жоопкерчиликти моралдык жактан колдоо | Укуктук жана туура эмес жүрүш-турушка болгон моралдык санкцияларды колдоо жана калыптандыруу жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара мамилелердеги моралдык нормалардын бузулушу |
| Социалдык-статустук | Үй-бүлө мүчөлөрүндөгү личносттун өнүгүшү | |
| Тейлөө | Үй-бүлө мүчөлөрүнүн белгилүү социалдык статусун аныктоо. Социалдык структураны өндүрүү | Үй-бүлө мүчөлөрүнүн руханий жактан капыптанышы. Жубайлардын ынтымагынын бекемделиши Социалдык өнүгүүдөгү талапты канаттандыруу |
| Эмоционалдык | Рационалдуу тейлөөнү уюштуруу. Тейлөө чөйрөсүн социалдык жактан текшерүү | Тейлөөнү биргеликте колдонууга болгон талапты канаттандыруу, тейлөө кызыкчылыгын байытуу. |
| Сексуалдык | Индивиддерди эмоционалдык жактан стабилдештирүү жана психологиялык терапия жүргүзүү | Индивиддердин психологиялык коргонууга ээ болушу, үй-бүлөдөгү эмоционалдык колдоо. |

| | | |
|---|---|---|
| | Сексуалдык текшерүү | Жеке турмуштагы бакытка жана сүйүүгө ээ болуу<br>Сексуалдык талаптарды канаттандыруу |

**Үй-бүлөнүн тарыхый өнүгүүсү**

Үй-бүлө социалдык группа катары тарыхый жактан өнүгүп белгилүү процессте атайын функцияларды аткарат. Анын тарыхый өнүгүүсү коомдук илимдердин чегиндеги көптөгөн теориялардын предмети болуп саналат. Америкалык окумуштуу Льюис Моргандын (1818-1881) этнологиялык изилдөөлөрү кызыгууну туудурат. Ал көп убакытка чейин Түндүк Америкадагы индеец-ирокездердин бир уруусунда жашап, өзүнүн байкоолорунун жыйынтыгын, алардын тугандык жана үй-бүлөлүк мамилелерин өзүнүн «Древнее общество» деген эмгегинде чагылдырган. Ал үй-бүлөлүк жана тугандык мамилелерди изилдөөсүндө адам коомунун өнүгүүсүнүн башталышында промискуитет болгондугун, башкача айтканда общиналардын мүчөлөрүнүн ортосундагы жыныстык катнаштар эч кандай нормага салынбагандыгын көрсөткөн. Кийин ата-энелер менен балдардын ортосундагы жыныстык катнашууга тыюу салуунун келип чыгышы үй-бүлө турмушунун белгилүү формаларынын келип чыгышын шарттаган. Алгачкылардан болуп Моргандын жана көптөгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгынын негизинде окумуштуулар бүгүнкү күндө үй-бүлө өзүнүн өнүгүүсүндө төмөнкү фазаларды басып өткөндүгүн белгилешет: промискуитет, кандаш-тугандык байланыштагы үй-бүлө, пуналуалдык үй-бүлө, синдиамисттик үй-бүлө же моногамиялык үй-бүлө. Бул өнүгүүдөгү жалпылык үй-бүлө мүчөлөрүн бириктирген жыныстык шериктердин жана байланыштардын мүнөзүнө байланыштуу.

**Промискуитет (лат. promiscuus** смешанный, общий) адамзаттын эң төмөнкү («жапайы») баскычына таандык. Чогуу жашоонун бул формасы жеке, бири-биринен айырмаланган үй-бүлөлүк группалар болбогон учурда жана үй-бүлөлүк турмуш коомдук болгон мезгилде жашаган. Адамзаттын өнүгүүсүнүн эң төмөнкү жапайычылык баскычы жөнүндөгү билимдер жана этнологиялык маалыматтардын негизинде коомдун бардык мүчөлөрүнүн ортосунда жыныстык мамилелер чектелбегендигин белгилөөгө болот. Себеби, ал учурда адамга тугандыктын өзү жана тугандык байланыштар жөнүндөгү маселе түшүнүксүз болгон.

Көптөгөн социологдор промискуитет үй-бүлөлүк жашоонун өнүгүүсүнүн алгачкы этабы болгондугун жокко чыгарышат, бирок ошого карабастан алгачкы адамдын жалпылыкта жашагандыгын жана андагы мүчөлөр менен тыгыз байланышта болгондугун ишенимдүү белгилөөгө болот. Моргандын пикири боюнча, жыныстык мамилелер чектелип жана бул мамилелер бөлүнүп чыккан жеке группалардын ортосунда гана боло

баштаган. Бул процесс акырындык менен үй-бүлөнүн өзгөчө формасы болгон кандаш-туугандык байланыштагы үй-бүлөнүн келип чыгышын шарттаган.

**Кандаш-туугандык байланыштагы үй-бүлө** жыныстык мамиле бир муунга таандык болгон группалык никенин болушу менен мүнөздөлөт. Бир муунга таандык болгон башкача айтканда ага-инилер жана эже-сиңдилер туугандыктын баскычына карабастан бир үй-бүлөнү түзүшкөн. Мындай үй-бүлө бир урууга же текке таандык болгон бир муундагы адамдардын ортосундагы эндогамиялык жалпылык болуп эсептелет. Азыркы коомдо үй-бүлөнүн бул тиби кездешпейт. Коомдун өнүгүүсү менен үй-бүлөнүн дагы бир формасы пуналуалдык үй-бүлө келип чыккан.

**Пуналуалдык үй-бүлөдө** алгачкылардан болуп аялдык линиядагы жакын кандаш туугандардын ортосундагы жыныстык мамилелерге тыюу салынып, андан кийин бул муундун алыскы туугандарына да жайылтылган. Бул үй-бүлөнүн тибине группалык нике мүнөздүү болуп, бирок эндогамиянын принциптери экзогамиянын принциптери менен алмашкан. Башкача айтканда, нике ар түрдүү текке таандык болгон бир муундагы адамдардын ортосунда болгон. Пуналуалдык үй-бүлө нике шериктери бир тектеги эже-сиңдилер менен башка бир тектеги ага-инилердин ортосундагы нике мамилелеринин формасын көрсөткөн. Үй-бүлөнүн мындай тибинин рамкасында акырындык менен көп убакытка созулган, туруктуу байланыш бир эркек менен аялдын ортосунда сакталып калган. Бул, биринчи жубайлардын пайда болушундагы алгачкы кадам болгон.

Үй-бүлөнүн кийинки тарыхый тиби катары жапайычылык менен варварчылыктын чегиндеги бир эркектин бир аял менен жашашын жана полигамияны (б.а. көп никелүүлүк же азыркы учурдагы көп аял алуучулук) көрсөткөн **синдиамисттик үй-бүлө** пайда болгон. Нике байланыштары жокко чыгарылган учурда балдар энеси менен калышкан. Бир эркек менен бир аялдын ортосундагы нике мамилелеринин калыптануусу менен синдиамисттик үй-бүлө уруулук түзүлүштөгү жеке менчиктин келип чыгышы, ошондой эле чыныгы биологиялык атанын белгилүү болушу моногамиялык үй-бүлөнүн келип чыгуусу үчүн шарт түзгөн.

**Моногамиялык үй-бүлө** аял менен эркектин ортосундагы тыгыз байланыштын болушу жана бул байланыштын кандайдыр бир тараптын эмес эркектин гана каалоосу менен жокко чыгарылгандыгы менен айырмаланат. Моногамиялык үй-бүлөнүн келип чыгышынын түздөн-түз себеби жеке менчиктин пайда болушу, аны коргоого умтулуу, б.а. аталыкты талашсыз жана тукумдун үй-бүлөгө тиешелүү мүлккө ээ болушун камсыз кылуу болуп саналат. Моногамиялык үй-бүлөнүн бекемделиши менен катар эски уруулук түзүлүштөн адамдык жалпылыктардын жаңы формасынын бөлүнүп чыгуу процесси жүргөн.

Үй-бүлөнүн тарыхый өнүгүүсү калыпка салынбаган жыныстык катнашуулардан моногамиялык үй-бүлөнүн чегине чейин өсүп жеткен. Адамзаттын өнүгүү процессинде ал жыныстык шеригинен жыныстык жактан канаттануу жана тукум улантуу үчүн гана эмес, андан личностту табууга

аракеттенген. Албетте, бул процесс коомдук өнүгүүнүн белгилүү доорлорунда жана жеке жалпылыктарда, топтордо өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө жана детерминанттарына ээ болгон.

**Үй-бүлөнүн типологиясы.**

Үй-бүлөнүн структурасынын типтери ар түрдүү жана жубайлыктын мүнөзүнө, ата-энелик жана тектик өзгөчөлүктөргө карата бөлүнөт. **Моногамиялык жубайлык** - бул бир эркек менен бир аялдын никеси. Адамзаттын тарыхында полигамияга караганда беш эсе аз кездешет. Полигамиянын эки түрү бар: **полигиния** - бир эркектин бир нече аялдар менен никеде болушу, **полиандрия** - бир аялдын бир нече эркек менен никеде турушу.

**Экзогамиялык** нике жубайлык туугандык, үй-бүлөлүк группанын, фратриянын ичинде болбойт. Тескерисинче, эндогамиялык нике фратриянын ичинде болот.

Ата-энелик, тектик критерийдин негизиндеги үй-бүлөнүн структурасынын типтери аталык же энелик линиядагы өзгөчөлүктөргө байланыштуу аныкталат. Бул этносоциологияда жана үй-бүлө социологиясында социалдык аталык – "pater" жана физиологиялык аталык – "genitor", ошондой эле энелик болуп айырмаланат. Мындагы локализациялык принциптердин негизинде үй-бүлөлүк группалар атадан же энеден алган фамилиясына, мүлкүнө, социалдык ордуна карата **аталык линиядагы** жана **энелик линиядагы үй-бүлөлөргө** бөлүнүшөт.

Бийлик критерийлеринин негизинде үй-бүлөнүн башчысы ата болгон үй-бүлөлөр **партиархалдык үй-бүлө** жана эненин авторитети, таасири күчтүү болгон үй-бүлө **матриархалдык үй-бүлө** болуп айырмаланат. Эгерде үй-бүлөнүн башчылыгы так белгиленбестен, кырдаалга жараша бийликтин ата жана эне тарабынан бөлүштүрүлүшү **эгалитардык үй-бүлөгө** (эгалитардуулук ролдордун алмашуусуна жубайлардын бирдей деңгээлде таасир этүүсү) алып келет.

Ал эми **шериктештик үй-бүлөдө** үй-бүлөлүк проблемаларды чечүү биргеликте талкууланып, күйөөсүнүн таасири үстөмдүүлүк кылса эркек башкарган жана аял үстөмдүүлүк кылса аял башкарган болуп эсептелет.

Андан кийин жубайлардын (же алардын ата-энелеринин) социалдык абалына карата бир социалдык статуста болгон жубайлар **гомогендик,** ар түрдүү социалдык группаларда, касталарда, класстарда болгон жубайлар **гетерогендик** үй-бүлөлөрдү түзүшөт. Ошондой эле социалдык жана демографиялык белгилерине карата **гомогамиялык,** улуту, жашы, адистиги, билим деңгээлине ж.б. карата **гетерогамиялык** үй-бүлөлөр болуп бөлүнүшөт.

Мейкиндик-территориялык белгилерине карата жубайлар күйөөнүн атасынын үйүндө жашаган **патрилокалдык,** аялдын ата-энесинин үйүндө жашаган **матрилокалдык** үй-бүлөлөр болуп айырмаланат. Ошондой эле бүгүнкү күндө турак-жай проблемаларынын чечилишине карата күйөөнүн

туугандарыныкында же аялдын ата-энесинин үйүндө жашаган **унилокалдык** жана ата-энелерден башка жашаган **неолокалдык** үй-бүлөлөр кездешет.

Азыркы учурда кеңири таралган эки муундан: ата-энеден жана алардын балдарынан турган нуклеарлык үй-бүлөлөр көп кездешет. Кеңейтилген үй-бүлө үй чарбасы бир үч же андан көп муундан турат.

**Кийинки** (кайталанган никеде) үй-бүлөдө жубайлар менен кошо бул никенин балдары жана атанын же эненин мурдагы никесинен балдар чогуу жашашат. Ажырашуулардын көбөйүшүнөн жана мурдагы күйөөнүн же аялдын өлүмүнөн улам кийинки никелер пайда болот.

**Нуклеардык** үй-бүлө эки типте болушу мүмкүн (күйөөсү-атасы, аялы-энеси, балдары-ага-инилер, кыздары-эже-сиңдилер).

**Репродуктивдүү** үй-бүлө ата-энеден жана жашы жете элек балдардан, багытточу үй-бүлө балдары небере көрүп калган ата-энелерден турат. **Кеңейтилген** үй-бүлө ар түрдүү өзгөчөлүктөгү жогоруда аталган үч позициядан турат (эгерде, мисалы, кайын ата, кайын эне, ага-инилер жана эже-сиңдилер жубайлары, балдары менен ж.б. кошулат).

**Линеалдык** үй-бүлөдө бир жыныстагы балдар үй-бүлө күткөндөн кийин дагы ата-эненин үйүндө калышат (Индия). **Стержендик** үй-бүлөдө балдардын бирөөсү ата-эне менен калат (мис., кыргыздарда уул балдардын кенжеси). **Толук кеңейтилген** үй-бүлөдө балдар үйлөнгөндөн кийин ата-эненин үйүндө калышса, алардын балдары да үйлөнгөндөн кийин ошол жерде калышат (Кытай).

Балдар ажырашкан атасы же энеси менен болгон үй-бүлө, жесир калган аялдын же эркектин үй-бүлөсү **толук эмес** үй-бүлө деп аталат.

Балдардын санына карата социологияда жана демографияда үй-бүлөлөр **аз балалуу үй-бүлө** (2 бала); **орто балалуу үй-бүлө** (3 же 4 бала); **көп балалуу** үй-бүлө (5 же андан көп бала) деп бөлүнөт.

Үй-бүлөнүн жашоо цикли ата-энелик (үй-бүлөдөгү процесстерге карата) стадияларга байланыштуу аныкталат.

1-стадия - ата-эне болгонго чейинки мезгил;

2-стадия - ата-энелик мезгил;

3-стадия - социализациялоодогу ата-энелик мезгил;

4-стадия – чоң ата, чоң эне, таята, таяне болгон мезгил. Бүгүнкү күндө бул 4 стадиянын орточо жашын аныктаган статистикалык маалыматтар жок.

**Адабияттар:**


Маркович Данило Ж. Общая социология. М., 1998.

Мацковский М.С. Социология семьи: проблемы теории, методологии и методики. М., 1989.

Основы социологии. Отв. ред. проф. А.Г. Эфендиев. М., 1993.

Смелзер Н. Социология. М., 1994.

Социология. Под ред. В.Н. Лавриненко. М., 1998.

Тощенко Ж.Т. Социология. Общий курс. М., 1998.

Фролов С.С. Социология. М., 1996.

## Бош убакыт социологиясы

Бош убакыт социологиясы жана маданий тейлөө коомдук жашоонун түрлөрүнүн жана шарттарын изилдөөдөгү негизги багыт болуп саналат. Бош убакыт чөйрөсүндө индивиддин өндүрүштүк эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн гана калыптандырбастан, личносттун рухий-нравалык сапаттарын өнүктүрүп, өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялап, аларды коомго ылайыкташтырууну жана башка зарыл болгон социалдык маанидеги функцияларды аткарат.

*1. Бош убакыттын структурасы жана классификациясы.* Социологиялык билимдин системасында зарыл жана бош убакыт түшүнүктөрү кездешет. Зарыл убакыт сырткы зарылчылыктардын мейкиндиктерин белгилейт. Бош убакыт - бул жумуш убактысы болуп эсептелбеген, адамдагы личносттун эркин калыптанышы үчүн коротулган убакыт.

Социологиянын тарыхында XXк. 20-жылдары С.Г. Струмилин бюджеттик убакытты зарыл жана бош убакытка бөлгөн. Анын классификациясында бош убакыттын төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрү берилет:

Дене-боюн өнүктүрүү: дене тарбия жана спорт, сейилдөө, туризм.

Маданий өз алдынча чыгармачылык: коомдук милдеттер, окуу, лекцияларга катышуу, музейлерге баруу, китеп, газеталарды окуу, көркөм чыгармачылык.

Маданий эс алуу: кино, театр жана башка кызыкчылыктар, үйдө ойнолуучу оюндар, шахмат, шашки ж.б.

Башка күңүл ачуулар: конок күтүү жана конокко баруу ж.б.у.с. убакыт коротуу.

Убакыттын зарыл жана бош болушу коом жана личность үчүн өтө зарыл. Бирок, бош убакыт сапаттык башка мүнөзгө ээ: сырткы шартка жана муктаждыкка негизделбестен, личносттун өнүгүүсүндөгү аң-сезимдүү түрдөгү ички талаптарга негизделет. Бош убакыттагы адамдын ишмердүүлүгү адамдагы өз алдынчалуулуктун калыптануусуна, б.а. аны личность кыла турган зарыл нерселерге багытталат. Ал эреже катары чыгармачылык жөндөмдүүлүктү жана шыктарды өнүктүрүүгө, маданий деңгээлди көтөрүүгө, адамды эстетикалык, нравалык, физический жагынан өнүктүрүүгө багытталат. Зарыл жана бош убакыттын эсептөө методикасында социологиялык, экономикалык багыттар, мектептер ар түрдүү анализдешет. Бир канча концепцияларда бош убакытты эмгекке карама-каршы коюу менен ага аныктама берүүдө эркиндик менен бирдей карашат. Бош убакыт кесиптик, коомдук, үй-бүлөлүк милдеттерден тазаланат.

Бош убакыт социологиясын изилдөөдө экономикалык жана социологиялык багытты белгилөөгө болот. Социологиялык багыт төмөнкү методологиялык бөлүктөрдөн турат. Биздин көз карашыбызча, бош убакытты социалдык феномен жана личносттун рухий жактан өнүгүшүнүн зарыл шарты катары көрсөтүү керек. Социологиялык маанидеги бош убакыт феноменин изилдөөдө төрт багытты белгилөөгө болот.

Биринчиден, бош убакыттын көлөмүн чоңойтуу максатында материалдык жана уюшулган шарттардын комплексин кароо.

Экинчиден, анын иш жүзүнө ашуусундагы обьективдүү аспектилерди (театрлардын, клубдардын, библиотекалардын, спорт аянтчаларынын ж.б. болушу) изилдөө. Мында негизги көңүл бош убакытты башкаруудагы обьектилердин иштөө функциясына бурулат.

Үчүнчүдөн, бош убакытты пайдалануудагы субьективдүү аспектилерди (ар түрдүү социалдык жана демографиялык группалардын кызыкчылыктарынын, каалоолорунун, умтулууларынын багыты) изилдөө. Бул багыттын өзгөчөлүгү, личносттун бош убакытты бул же тигил ишмердүүлүктүн түрүнө карата мамилесин аныктагандыгын көрсөтөт.

Төртүнчүдөн, ар түрдүү социалдык-демографиялык группалардын социалдык-территориялык жалпылыктардагы (мекеме, шаар же кыштак, област, район, жалпысынан алганда бүтүндөй өлкө) социалдык пландоо жана прогноздоо максатында бош убакыттын бюджетинин пландык жана прогноздук моделдерин иштеп чыгуу.

Бош убакытты пайдалануу региондук жана жеке мекемелердин деңгээлиндеги социалдык пландоо жана прогноздоонун максатына байланыштуу болот. Ушул себептен улам бош убакыттын көлөмү, структурасы жана мазмуну социалдык уюмдардын, айылдардын, шаарлардын көрсөткүчтөрүнө байланыштуу.

Личносттун ар тараптан өнүгүшү үчүн эмгекчилердин маданий-техникалык деңгээлин социалдык-экономикалык көрсөткүчтө кароо зарыл. Мында эки глобалдуу проблеманы концентрациялоого болот. Бир жагынан адам жана өндүрүштүн эффективдүүлүгү, башка жагынан алганда адам жана анын рухий жетишкендиги. Жогоруда аталган проблемалардын жеткиликтүү чечилиши личносттун бош убакыттагы ар түрдүү ишмердүүлүгүнө байланыштуу.

Бош убакыт эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгү зарыл болгон коомдук, чыгармачылык жана башка ишмердүүлүккө (квалификациясын жогорулатуу, окуу, балдар менен болуу) коротулган убакыт. Экинчи бөлүгү жеке кызыкчылыкка байланыштуу (каалаганын жасоо, дене тарбиясы жана спорт менен машыгуу, туугандар, достор менен жолугушуу, «пассивдүү эс алуу» ж.б.). Бош убакыттын маданияты маданияттын материалдык-техникалык базасы менен аныкталат.

Бош убакыттын чөйрөсү зарыл жана бош убакыт болуп бөлүнгөн сыяктуу эле коом тарабынан уюштурулган жана жеке адамдар тарабынан уюштурулган болуп экиге бөлүнөт. Мындай бөлүштүрүү калктын жакыр жашаган катмарын колдоо, алар үчүн каражаттарды табуу, социалдык инфраструктураны куруу максатында материалдык деңгээлин жакшыртуу жана маданий деңгээлди өнүктүрүүгө байланыштуу. Бош убакытты уюштуруудагы рационалдуулуктун критерийин аныктоо кыйын. Рационалдуулуктун критерийи ишмердүүлүктүн түрү жана бош убакыттын личносттун ар тараптан жана гармониялуу өнүгүү деңгээлине карата

коротулушу менен аныкталат. Мында негизги максат бош убакыт адамдардын социалдык, интеллектуалдык, рухий талаптарын канаттандырыуусу зарыл.

Көптөгөн социологдор бош убакытты пайдаланууну эки аспектиге: денени чыңдоого жана адамдын рухий өнүгүшүнө байланыштуу бөлүштүрүшөт. Мында бул же тигил ишмердүүлүк активдүү жана пассивдүү болуп калышы мүмкүн. Газета, журнал, китеп окууда, телевидениеден курч сюжеттүү фильмди көрүүдө кабыл алуу рухий жактан болгондуктан, физикалык жагы пассивдүү болуп калат. Же тескерисинче, спорт менен машуугууда физикалык ишмердүүлүк активдүү болуп, рухий ишмердүүлүк пассивдүү болот.

*Коомдогу бош убакыттын ролу*

Бош убакытты акыл-эстүүлүк менен пайдалануу адамды «башкача субьектке» айландырат. Бул субьектилердин жыйындысы коомдун социалдык структурасын сапаттык жактан өзгөртүүлөрдүн негизи болуп эсептелет. Азыр коомдо социалдык структураны дифференциациялоо процесси активдүү жүрүп, жаңы социалдык группалар жана катмарлар: жеке ишкерлер, арендаторлор, менеджерлер, ортомчулар, жаңы типтеги инженердик-техникалык багыттагы жумушчулар ж.б. калыптанып келе жатат. Булардын пайда болушу көптөгөн социалдык көрсөткүчтөр жана ошондой эле жумуш жана бош убакытты пайдалануу менен тыгыз байланышкан.

Адамдын социалдык жактан реалдуу өнүгүшү өзгөрүүлөр, тактап айтканда, маданий-техникалык деңгээлге карата болот. Бул элементтер социалдык өнүгүүнүн индикаторлору болуп саналат. Жумушчулардын маданий-техникалык көрсөткүчтөрүнүн жогорулашы аларды мындан да татаал эмгек ишмердүүлүгүнүн социалдык-экономикалык түрүнө ыңгайлашууга, социалдык өнүгүүнүн баскычын жогорулатууну шарттайт. Бош убакытты рационалдуу пайдалануу үчүн биринчиден, бош убакыттын көлөмүн көбөйтүү үчүн зарыл убакытты кемитип, б.а. магазиндерге жүгүрүп, арзан же сапаттуу азык-түлүк алууга кетирбөө зарыл. Социалдык инфраструктурасы өнүккөн шаарларда адамдардын бош убактысы көп болгондуктан алар аны активдүү жана пассивдүү эс алууга жумшашат. Экинчиден, калктын жашоо деңгээли төмөндөгөн сайын катардагы гражданин үчүн өзүнүн маданий жана рухий деңгээлин көтөрүп, гармониялуу личность катары калыптанышы кыйын. Мында, өзгөчө мурун тыюу салынган коркунучтуу (ужас) фильмдер, газеталардагы, китептердеги, телеэкрандагы порнография жана жаңжалдар таасир этет. Классика аз гана колдонулуп, «бульвардык» адабиятка салыштырмалуу кымбат турат.

Бош убакытты өткөрүүдөгү айырмачылык географиялык өзгөчөлүктөргө, б.а. бир региондун экинчи бир региондон жашоо шарты, климаты, өндүрүштүк күчтөрдүн өнүгүшү боюнча айырмаланышына байланыштуу болот. Бул өзгөчөлүктөрдү изилдөө - бош убакытты башкаруунун негизги шарты болуп эсептелет.

*Бош убакытка таасир этүүчү факторлор*

Жумуш убактысы эмес жана бош убакыттын фондусун жана структурасын жалпы жана атайын факторлор шарттайт. Жалпы факторлорго калктын жынысы жана жашы боюнча составы, чоң же кичине үй-бүлө, бир адамга тиешелүү пайданын деңгээли, жашоо аянтынын көлөмү, калкка көрсөтүлгөн коммуналдык шарттардын көлөмү жана сапаты, билим берүү ж.б. Экинчи атайын факторлор бош убакыттын макро жана микро структурасына белгилүү деңгээлде таасир этет. Бул факторлорго жаратылыштык-климаттык шарттар, шаарда же айылда жашоо, калктын жашоосундагы кээ бир улуттук өзгөчөлүктөр кирет.

Адам жашаган маданий чөйрө анын мамилесин аныктайт. Жашаган жердин канчалык социалдык жана социалдык-профессионалдык структурасы кеңири болсо, анын маданий чөйрөсү да ар түрдүү болот. Бир же эки гана тармак (монокультура, мисалы, пахта) өнүккөн жерде адамдардын ортосундагы байланыш жарды болот. Ошондуктан маданий чөйрө ал аркылуу личностко таасир эткен жалпы социалдык чөйрө, экономикалык коомдук мамилелердин, коомдун рухий жашоосунун призмасы болуп эсептелет. Калк бул учурда социалдык организация катары алар менен адамдын жашоо турмушу тыгыз байланышып, ал эми жашоо ошол чөйрөдө калыптанат. Жашоодогу идеалдар түз же кыйыр түрдө ошол чөйрөдө калыптанган маданий жана социалдык атмосферадан көз каранды. Адамдын маданий ишмердүүлүктүн көп түрү менен алекеттенүүсү анын кругозорунун кеңдигин, ар кандай жалпылыктардагы мамилесинин чөйрөсүн көрсөтөт.

Бош убакыттын структурасында акыркы орунду ар бир адамдын өзүнө жаккан жумушу түзөт. Өзгөчө жаштар бош убакытты туура эмес пайдаланышат. 30 жаштан өткөн эркектерде жана аялдарда бош убакыт дене тарбия жана спорт, коомдук жумушка коротулат. Ал эми бош убакытты бекерге өткөрүү алкоголизм, наркомания, проституция, укук бузуу, жүрүш-туруштун жаман формалары менен айкалышат. Жогорудагы айтылгандар экономикалык реформалардын ишке ашуусу, жаңы экономикалык жана коомдук мамилелерге өтүү бош убакытты ар бир личносттун, үй-бүлөнүн, ошондой эле жалпылыктардын жана уюмдардын өзүнүн деңгээлинде өткөрүү зарылчылыгын белгилейт.

Өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор:

1. Убакыттын кандай түрлөрүн билесиңер?
2. Убакытты социологиялык жактан изилдөөнүн кандай айырмачылыгы бар?
3. Бош убакыттын составдык бөлүктөрүн атагыла.
4. Адамдардын бош убакыт мезгилиндеги кандай ишмердүүлүктөрүн билесиңер?
5. Бош убакытты сапаттык жактан пайдалануу эмнеге көз каранды?
6. Жумуш эмес убакыттын жана бош убакыттын фонддун жана структурасын кайсыл факторлор шарттайт?

**Адабияттар**

Байкова В.Г. Свободное время и свободное развитие личности. М., 1985.
Бутабаев М.Т. Рабочее и свободное время у трудящихся: социально-экономический механизм взаимодействия. М., 1989.
Мискевич Л.Б. Человек и свободное время: мнение социолога. Минск, 1989.
Орлов Г.П. Свободное время и личность. Свердловск, 1985.
Шкурин В.П. Молодежь: свободное время и клуб. М., 1987.
Фомичева П.Н. Современные социологические теории социального времени. Научно-аналитический обзор. М., 1993.

## МАЗМУНУ

## БИРИНЧИ БӨЛҮК

**Кыргызстандагы социалдык ойлор жөнүндө……………………………………3**

"Манас" эпосундагы аалам түшүнүктөрү……………………………………5

Эпостогу кыргыз коомунун өнүгүшүнүн баскычтары жөнүндө……………………………………7

«Манас» эпосундагы жаратылыш, аалам, элдердин жаралышы жөнүндөгү мифология……………………………………10

«Манас» эпосундагы акыл түшүнүгүнүн мааниси жөнүндө……………………………………13

«Куттуу билимдеги» социалдык-саясий ойлор жөнүндө……………………………………27

Кыргызстандагы коомдук ойдун изилденишинен……………………………………36

«Замана» агымындагы социалдык-саясий ой-пикирлер жөнүндө……………………………………47

## ЭКИНЧИ БӨЛҮК

## СОЦИОЛОГИЯ

Социологиянын предмети, структурасы жана функциясы……………………………………54

Кыргызстандагы социологиялык изилдөөлөрдүн өнүгүшүнүн этаптары жана социология илиминин калыптанышы……………………………………64

Социологиялык изилдөөнүн методологиясы, методикасы жана техникасы……………………………………67

Социологиялык изилдөөнүн методдору……………………………………71

Социалдык институттар……………………………………79

## АТАЙЫН СОЦИОЛОГИЯЛЫК ТЕОРИЯЛАР

Жеке адам социологиясы……………………………………84

Үй-бүлө социологиясы……………………………………89

Бош убакыт социологиясы……………………………………97

Редактор: Маматжанова Ф.
Тех. редактор Мамасалиева Г..
Корректор: Абдиев Т.

Терүүгө 12.04.2012- ж. берилди
Басууга 16.05.2012- ж. кол коюлду
Форматы 50x84 1-16
Көлөмү 6, 25 басма табак
Нускасы 500. Буюртма №30
ОшМУ "Билим" редакциялык басмасы.

967238